С(кирг)
А98



Урмат Ашырбеков

# ТООНУ БЕРГЕН СЕБЕБИ

142

Ашырбеков Урмат Шайлооевич

# Тоону берген себеби

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 31154

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 3066

Бишкек

*Жаңызак басма* 2014

Ашырбеков Урмат Шайлооевич: Тоону берген себеби
*Б.: Жаныызак К басма, 2014. 160 бет.*

## Кириш сөз

*Ушул китепти жарыкка чыгарууга көмөк көрсөткөн жан досум Тынчтык Асановичке ыразычылыгымды билгизем*

*Чыгарбай такыр өктөмүн*
*төрүңө далай өткөмүн*
*Тыныҷтык досум ырахмат*
*силерсиз мен бөксөмүн*

**Тирүүлүктө аманат,**
**Учурашып салам айт,**
**Алик алып, болгун деп.**
**Жооп бергин саламат.**

**«Ата энем тирегим»**

Чыксамда жашым токсоңго,
Алдыман чыгып тосконго ,
Ата-эне керек турбайбы,
Акылын күндө кошконго.

Атам үйдүн жарыгы,
Ырыскынын агымы,
Толуктап төккөн мээримиң,
Апам анын жарымы.

Ата-энем тирегим .
Амандыгын тиледим
Өмүр бою өчпөгөн,
Күнүмсүң де билемин.

Санап көрсөк он түтүн,
Кыялыбыз оо түркүн.
Онобуска он кыял,
Тапкан энем бир бүтүн.

Жолугуп калсак экөөбүз,
Чукулдашып өтөбүз.
Тынчтыкты орноткон,
Ата-энем экөөңүз.

**«Эсен бол»**

**А**й менен күндөн башкасын,
**Т**аптырып дайым алгамын.
**А**байлап багып ата-энем,
**М**ына азыр ушул жаштамын.

**Э**нем жардын булагы,
**Н**азар салып сурачу.
**Э**гем берсин өмүр деп
**М**ээрим төгөт туурабы?

**А**та-энем күйгөн шамчырак
**Р**аазычылык турбайт ал сурап.
**У**ул кыздын күтүп ыйманын,
**Б**актысын тилеп ал турат.
**А**р дайым төгүп мээримин,
**К**үнү түн болот ар убак.

**Э**сен бол дайым маңдайда,
**С**агынуу бар дайым айтканга,
**Э**лигип чыксам көчөгө.
**Н**егедир уйкусу жок андайда.
**Б**алам болсун эсен деп,
**О**н убак тилеп бактысын ,
**Л**егенда болоор жазганда.

**«Жашоодон алган белегим»**

Жашоодон алган белегим,
Жашаганда себебим,
Жанып келген жылдыздар
Түк өчпөсүн дегеним.

Силер менен чынармын,
Силер менен кубандым,
Ата тээктин үчүгүн,
Силер менен уладым.

Эртеңки күндөн үмүтүм,
Жакшылар дайым үйүлсүн.
Кол кармашып баарыңар,
Силерден жаман үзүлсүн.

Ыйдын эмне кереги,
Алланын болсун белеги.
Наристелер жылмайып,
Оорубасын эзели.

Артта калса туягым,
Өчпөс изди туямын.
Жая берип бутакты,
Чынар болуп турамын.

Тилиңе бал тамганбы,
Көзүңө жылдыз жанганбы,
Жарылчуудай болуп жүрөгүм,
Жанымдын теңин салганбы.

Асылса жыты буркурап
Ачылган гүлдөй кулпунат,
Алгала деп ата-энең,
Ак батасын ал сунат.

**«Жардысың деп»**

Жардысың деп элдер мага көп күлөт,
Бирок жайык, кенен келет көкүрөк.
Салмак салып, турмушуңда байкасаң
Жокко келет бар дегениң өчүрөөк.

Убактылуу жоктур менин байлыгым,
Ырлар менин бүт дүйнөмдү бай кылдың.
Ажал мени оо дүйнөгө алгыча
Такыр болбос ырларымдан айнырым.

**«Жубайыма»**

Ой менен айга сызганда,
Же кышта ызгаарда.
Колдоп жүрөр бекенсиң
Кыйнап турмуш кысканда.

Бербесин кудай мындайды,
Бирок басса, муң кайгы,
Тең бөлүшсөң кайгыны,
Бакытың ошол турбайбы.

Турмушка койуп кадамды,
Тарбияладык уул балдарды.
Түбөлүк жүрсөк экөөбүз,
Турмуштун болбос капасы.

**«Ката болоор»**

Таптым десем жүрөгүн ,
Мага карап күлөсүң.
Жаксам дагы биреөңө,
Жактырбай биреөң жүрөсүң.

Бала чакам, жакшы көрөт таанышым,
Жактырышка ката болоор жарышым.
Ай ааламды карматсам да биреөнө,
Жактырбаганга кыйын болот жагышым.

Өйдө төмөн ак карага бөлүнөт,
Бирине жаккан бирине жаман көрүнөт.
Каралашып таш ыргытса биреөлөр,
Кай биринен мээрим сага төгүлөт.

Биреө айтат саламын,
Биреөнө да жагамын.

Караласа биреөлөр,
Жакпай дагы каламын.

**«Жардамыңдан качпагын»**

Тууралanган кээ бир бар,
Тура айтпайт кебин ал.
Таш ыргытса ошолор,
Тамак менен жеңип ал.

Катып алса талканын,
Катып турса тапканын.
Уяткарып ошону,
Жардамыңдан качпагын.

Айтсам сөздүн негизи,
Турмушуңда деңичи.
Ойдун дөңү жок болгон ,
Жердин кайда тегизи.

**«4 саптар»**

Өкүмүн солсо мегилиң,
Өтпөчүдөй сезилдиң.
Ойлоп көрсөң чынында,
Өткөндөн кийин мен киммин.

Өтпөйүн деген үмүт бар,
Мезгил жетсе үзүп ал.
Жашоо өмүр бар чакта
Жараткан мага жүзүң сал.

Кең болсо келечегим,
Өтпөгүм келет менин.
Көктөм кезге гүлдөгөн
Өмүргө келер кеч бешим.

Көңүлдөн кетпей жылмаюу,
Күнүң бир жылдай жылбайбы.
Күнүмдүк өмүр болгон соң,
Кел бийлейли жыргайлы.

Көргөнүмдөн көбү бар да көрө элек,
Өтпөгөнгө кудай өзү көнө элек.
Түбөлүккө күн менен ай калып,
Өчүп келет, жанып келген көп элес.

Ай менен турдум сырдашып,
Ойлонуп анан ыр жазып.
Кылчайып артты карасам,
Өмүрлөр барат кырды ашып.

Көрөгөчсүң билерман,
Боорукерсиң тил алган.
Бактымды байлабай,
Ниетимди бил анан.

Жыйган дүйнөң жанагы,
Жаныңа болбос арачы.
Жалынганга көнбөстөн,
Жандар өттү карачы.

Жылаңач болор келмегиң,
Жылаңач болот кетмегиң.
Жаңылбастан пайдалан,
Жараткан ченеп бергенин.

Жайлаган дүйнө неченди,
Жаралган дүйнө өтөт кечеги.
Жалынсаң да көбөйбөт,
Жараткандын ченеми.

Жыйнаган дүйнө байлыгын,
Жашоодо пайдалан бардыгын.
Жаның бир өткөн соң,
Жыйганыңдан айрылдың.

Күч, кубат, күн дем берди,
Тойгузам сени жер деди.
Жашоого такыр тойбогон,
Дүйнөнүн ушул кем жери.

Чалкыган турмуш деңизсиң,
Сүзүп өткөн деги ким.
Ортоктош болуп мен дагы,
Толкунуңду кечипмин.

Өмүрдүн канча санаасы,
Өтүпсүң кана саначы.
Алыкулдан отуз жаш,
Келиптир чиркин карачы.

Өткөн күнүң береги,
Кайтарып кайта береби
Күн артынан түн келип,
Жарык өчөт дегени.

Асылым айтты, ичсең эле итсиң деди,
Ата-энем ал балээ башкага тийсин деди.
Кыз суйуп , өмүрдү баалай билсен,
Омор хаям акылың болсо ичкин деди.

Кек сактабай,күнө болсо кечели
Кайрыбайт өткөн күндү кечеги.
Ойноп күлчү алат сени,
Бүтсө эгер жараткандын ченеми.

Күнөө кылсам кечир мага таарынба,
Айтар сөзүм ушул болсун баарыңа.
Айткым келбейт, бирок чиркин,
Болот экен жашоо турмуш баарында.

Күндүн болот батмагы,
Каранын болот ак жагы.
Өмүр барда гүлдөп ал,
Бергендин болот алмагы.

Жаштыгыңды кубалап,
Мезгил деген сугалак.
Сыз мүрзөгө барганда,
Курт кумурска кубанат.

Ойлоп көрсөн кысталак,
Өмүр деген кыска убак.
Жашынсаң да бекинип,
Караңгы көр сыз табат.

Эчен кылым өткөндөрдүн күбөсү,
Ай, асман, жер дагы күн өзү.
Кимди алдың, Ким заманы туура деп,
Калыс болуп таразалап суйлөчү.

Жараткан деп согот менин журөгүм,
Мээге сактап , өзүңдү да жүрөмүн.
Өмүр жолун арам баалап көрсөтсө,
Шарап согом мен ошондон жүдөдүм.

Токто мезгил шашылбачы,
Толгон ырлар жазылбады.
Жаңы гана бүрдөп турам,
Шум ажал асылбачы.

Абалтадан тийип келген Ай мурун,
Азыр деле чачып келет ал нурун.
Жаралбаган жаралбайсың кайрадан,
Айланатта өзгөртпөстөн өз нугун.

Чиркин өмүр шашылбачы токточу,
Чийилгениң мага жакпас окшоду.
Жаратканга жазган катым бар,
Жеткирип жообун алсын почточу.

Жараласың жалганда бир ирет
Бейиш тозок барарыңды ким билет.
Качпасмын жазылган соң маңдайыма,
Бар болгону болбосунчу кирирээк.

Ушул болсун оо жараткан алкышың,
Билем сени жүрөк сезет жалгызсың.
Кырга чыктым, түшөрүңдө шуулдайт,
Өзгөрт эми, өзүңсүң мен алсызмын.

Идиш толсун куйчу досум шарапты,
Келген өмүр күүгүм тартып баратты.
Көзгө илинбей мегил өтөт зымырап,
Өткөндөрдү эскерткен эстеликти карачы

Өтпөйм деген ойдон дагы алысмын,
Өзүң Берген өмүрүңдү карызмын.
Чырпык менен калем жашта,
Албай турчу ушул менин арызым.

Күндүн болот батмагы,
Каранын болот ак жагы.
Өмүр барда гүлдөп кал.
Бергендин болот алмагы.

Жаштыгыңды кубалап,
Мезгил деген сугалак.
Сыз мурзөгө барганда,
Курт кумурска кубанат.

Ичпегиң дейт , шариятта молдолор,
Ичпегендер бейишинен ой болоор.
Жарыкчылык миң бейишке тең болсо
Ушул жалган бизге дагы оң болоор.

**«Омордун таасири»**

Ырдан сен урагыс тоо курадың,
Дилиң таза, теңеймин тоо булагын.
Көксөгөн максатың орундалып,
Кумара болгондур топурагың.

Жаның сен кайдан орун алып,
Бейишке калдыбы жаның барып.
Гул соолуса жанданбайт деп,
А мүмкүн ошол жобуң анык.

Же болбосо кесе болуп жаралдыңбы,
Чайханага шарап болуп бара алдыңбы.

А мүмкүн күмбөзүңдүн үстүнө,
Түркүн бир гүл болуп Жан алдыңбы.

Сөзүңө таазим кылып кумарачы,
Акы бети кайтып анын убарасы.
Топурагың ийге келип,
Шарапка толдубу кумарасы

Күйүттөн сен арылдыңбы,
Көкүрөккө гүл болуп тагылдыңбы
Топурагың кумара болсо дагы,
Жалган сымал шараптан жаңылдыңбы

Күмбөзүңө шараптар агылдыбы,
Жараткан күнөөсүнөн жаңылдыбы.
Өзүңдөй дүйнөгө кайталанып,
Омор деп атың кайра жаңырдыбы.

Тозок бейишке жолуктуңбу,
Арман дүйнөдөн солуктуңбу.
Барган дүйнөңө арналып ,
Ыр жазып сен оолуктуңбу.

Мага айтты булбулуң.
Кулак түрүп уккунуң.
Оморду алган дүнүйө,
Ойноп шара жуткунуң.

Шарабы менен идишти сатып алсам,
Үн салды, шагыратып ачып жатсам.
Жутуп ий татаал турмуш унут калсын,
Оморчо гүлдөп, сен да ичип алсаң.

Ичкендин баары эле Омор эмес,
Ичсе да өзүңдөй болоор эмес.
Турмуштун катаалдыгын билсе дагы,
Акылга өзүңдөй толоор эмес.

Адамдар өзүңдөй боло бербес,
Өттүң бирок бир соолбос элес.
Жазылган ар төрт сабыңды,
Башка өзүңдөй болуп келбес.

Омордун жуткан шарабы,
Ар кимге чиркин жагабы.
А бирок айткан акылы,
Ичкен соң унут калабы.

**«Болбосо эгер ченеми»**

Ич иче бер дүйнө табылат,
Ичкенден кийин шаңын айт.
Кызыксыз өтүп өмүрүң,
Ичпегендер жаңылат.

Куюлуп түшсө тамчылап,
Үмүттөр алга талпынат.
Кагышып кетсе идишин,
Сынат деп чиркин жан чыгат.

Болбосо эгер ченемиң
Ичпе шарап демекмин.
Акылыңа жараша,
Айтып коем керегин.

Жакшынакай тилегиң,
Айтарыңды билемин.
Жүрөктөгү жакшы сөз,
Куюлуп чогу келемин.

Алкаш экен дебегиң,
Же билет дебе ченемин.
Таразалап мен көрүп,
Жазып койгон себебим.

Мени менен бүтөт жумушуң,
Жеңишке жетет урушуң.

Чыгып кетсе чегинен.
Тура эмес го куушуң.

Акылдан ашса ээлигем,
Өткөн соң эми чегинен.
Токтото албай өзүңдү,
Күнөөлүмүнбү эми мен.

Илинген соң кайырмак,
Истеги кайгыңды айт.
Кучакташып өбүшүп,
Таарынычтар айыгат.

Ичкениңе жол болбосун,
Ичкенден кийин жолборсуң.
Оозуңан түшпөй сөгүнүү,
Энелер дайым кордолду.

Тушалып чиркин бутуңан,
Тилиң иттей кутурган.
Кармаган сен адамдан,
Жинди качып кутулган.

Соо кетпей жолдогуң,
Сөгүп аны кордодуң.
Соолуккуча кызууңда
Эмне жашоо болжодуң.

Болгонуңда кызымтал,
Байкап көрсөң кызык ал.
Көктөм куду кетирбей,
Ойноп күлүп кызып ал.

Кызымтал болсун деңгээли,
Кызыктырып, дем берди.
Тизгиниңди тартпастан,
Ашыгы анын кең жери.

**«Салт менен намыс»**

Кыргызымда салт сана,
Керектир мага сага да.
Бурмалашса ошону,
Батырат сени санаага.
Эл журтумда шан шөкөт,
Эзилип бышкан күздө өтөт.
Той тамаша үлпөттөн
Токсон жаштан жүзгө өтөт.

Тойгонбай чакырып баласын,
Тойго кандай карайсың.
Тирек болгон акимдин,
Толгон кызын аласың.

Сүйүүнүн эмне кереги,
Аш болуп сүйүүң береби.
Колуңда болсо кайының,
Кор болбойсун эзели.

Иномарка джиптерди,
Бантик байлап тиз деди.
Сигнал берип айылга
Кыдыралы биз деди.

Шараптар суудай агылып,
Казы карта, чучуктары салынып.
Той тамаша башталды,
Алыңыз деп жалынып.

Ошону угуп Эшматың,
Ойонбой туруп эч жагын.
Бойдок эле жүргүчө,
Тойго ата сен камын.

Уккун ата бугумду,
Үйлөнт эми уулуңду.
Арстандын үйүнөн,
Алайын мен сулууну.

Тууганга кеңеш саласың,
Каракүль пальто ламасын,

Машинага кошуп кашмирин,
Карыздап ата табасың.

Берилип куру намыска,
Белинен батып карызга.
Баш кошкон балдары,
Эми жүрөт алыста.

Баялынын баласы,
Боз үй тикти саначы.
Өткөнкүгө окшотпой,
Өзгөртүптүр карачы.

Узатып акыр сапарга,
Оо дүйнөгө жатарда.
Атасына Алыбай
Алтыны тартты батага.

Намысыңа келгин деп,
Сен да союп бергин деп.
Кедейканды көндүрдү.
Неге сен кемсин деп.

Заңгыратып Алыбек,
Там салдырып алды дейт.
Батасына бээ сойсо
Бүт айылы барды дейт.

Кудам болот Жаныбек,
Сүйлөп кирди жакшы кеп.
Колунан келип турганда,
Жылкы малын тартты дейт.

Тосту ушул көбүнүн,
Узун болсун өмүрүң.
Үйдөн ичип эшиктен.
Иттин алып көңүлүн .

Төө алды берип темене,
Тамак болду дебесе.
Шыңгыратып шараптар,
Аштын көбү теңи эле.

Кадырбек куда тосуптур,
Кысыр бээден союптур.
Туугандары коноктоп,
Тогуз үйдө болуптур.

Тасмал толо той боорсок,
Таттууну унут койбосок.
Закуска салат, шараптан,
Ичип жеп ойносок.

Колуна кармап белегин,
Айтышып арнап берерин.
Килем , кийим акчалай,
Тай жетелеп келгенин.

Жүрдү жаман жакшысы,
Бай кедейи жардысы,
Кокус тактан тайыса ,
Баарынын келет качкысы.

Турмуш коер катарга,
Туураганың ката да.
Намыстанып өлгүчө,
Абалыңды кара да.

Чынгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 31154

Түшкү конок, түнү конок,
Калганы күнкү конок,
Шаңга салып, шаң чыгарган,
Кызыл, тазыл шарап болот.

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 3066

Белгилеп өмүр курагын,
Кесим эт, шарап курамын.
Белектерди берген соң,
Шарап менен уладым.

**«Кайран эл»**

Жарыгына электр көчүп келет замана,
Анын дагы жарымы өчүп келет замана.
Бар жогуна, кары жашка карабай,
Электрдин Адамы сөгүп келет замана

*Талаадагы куурайың чылым болду замана*
*Той көбөйүп кайран Эл чыгым болду замана*
*Дүйнө базарын кыдырып бу турмушуң*
*Оокат кылуу адамга кыйын болду замана*

*Кокту колот жерлерге талаалаттың замана*
*Каттамы жок кыш күнү санаа тарттың замана*
*Алдууларга алсызың күнөөкер деп*
*Колунда жок адамга күнөө жаптың замана*

*Кишенетип , мөөрөтүп жумуш сурайт замана*
*Бар жердин кызы деп турмуш курайт замана*
*Түшүп калсаң кокусунан жумуштан*
*Орун талашып, жүрүш курайт замана*

*Кесир кылып барына, барга көбөт кайран э*
*Катыды деп аштарды жерге төгөт кайран э*
*Кыстап келсе турмушуң ээ замана*
*Кайраттанып адамың жокко көнөт кайран э*

**«Ким күнөөлүү»**

Ким күнөөлүү, далилдешип күнөөсүн,
Өткөндөрдү улуулата сүйлөсүн.
Турмуш жолунда түз жүргөн.
Караланып ак жеринен күйбөсүн.

Сөздү баштап карысы,
Азыркынын дейт баарысы.

Талангансып кийинет,
Же жарашсачы анысы.

Сөз башы да сөгүнү,
Байкап турсам оо күнү.
Тили буту булдурттап,
Жайдары анын көңүлү.

Бастырган шарабы,
Билбедим ага жагабы.
Өтүп калсам жанынан,
Сөгүп калды жанагы.

Кыздар кийген миниси,
Ойлоп тапкан кимиси,
Баштын баарын айлантып,
Далай жандар ийилди.

Жарылып башы бети чаң,
Мен болом дейт Джеки Чан.
Бычак алып тап берсе.
Анысы Ким башым маң.

Шарап ага дем берген,
Чылым кошуп дембедем.
Сойкуланган кыздарды,
Айтчы деги Ким берген.

Ээ аксакалдар силерге сөз табылар,
Анык деги койгон күнөң аныңар.
Байкап көрсөк биз деле,
Күнөөсү бар аксакалдар табылар.

Күтүп акча кезегин,
Турганын айтып берейин.
Белден тартып кучактап,
Байкап калдым дегеним.

Экөө бар оң солунда,
Үчүнчүсү келди соңунда.

Сөз кезегин ыргытып,
Тартып калды оолуга.

Басып келип астыртан,
Шарабынан бастырган.
Карыз китепке илинип,
Жокпу чалдар жаздырган.

Тарбиянын ордуна,
Арыз жазып толтура.
Даттангандар жок бекен,
Чогултса чиркин том тура.

Денеден бүткөн баласын,
Талаага таштап саласың.
Үй бүлөөсүн бузуп бирөөнүн,
Үстүнө кирип аласың.

Колтуктап жүргөн кечеги,
Өзгөрүп бүгүн кетеби.
Жар тандаган жок бекен,
Алмаштырган неченди.

Аярлап карап короосун,
Мал жанынан согосуң.
Уруулукка үйрөткөн,
Карылар кайдан оңолсун.

Сайгылап бири колтукка
Кала электе солуга.
Ак сакалдар сөз айтса,
Калбайсыңбы сообуна.

Ак сакалдар улуусуң,
Тийишкендер уулусуң.
Түз жолдон баш тарткан,
Карылар да курусун.

**«Колдо болсо кагазы»**
Чыкты ушул кейиштен,
Айланып өтүп мечиттен.
Жинди суудан согушуп,
Ичерман кыргыз дегизген.

Күнүмдүк ушул намазы.
Колунда болсо кагазы.
Шарап жайда үйүр алып,
Кыргыздын жок санаасы.

Кыргыз жайда тоногон,
Баш тартып төбөдөн.
Шерик болуп бирине,
Тоногон малды короодон.

Кыргыз кайда, аштын болсо даяры,
Ошол жерде, жүрү биз да баралы.
Кылып ичкен кыйын иш,
Оңойдон айтчы кантип качалы.

Кыргыз кайда короолдо,
Олтурат дайым тар жолдо.
Колду шилтеп серпиген,
Кайдыгерлик бар ойдо.

Кыргыз кайда болуп алган соодагер.
Жашыл өчүп соолгон жер.
Жерин сатып, элин сатып,
Сатуучулукка оогон Эл.

Кыргыз кайда тойлордо,
Дагы далайын болжодо.
Атын атап башташып,
Кол салат дайым олжого.

Кыргыздын деле бар кыйыны,
Дүйнө байлык жыйылуу.
Кайталап үйлөнүп алышат,
Болсо анын тыйыны.

Жумуштун башы бар, жок аягы,
Кэзде билбейсиң экенин каягы.
Чалкып жаткан деңизде.
Калагы жок кыргыз кайыгы.

Кайда кыргыз пейили,
Кылым ээрчип кеттиби,
Чогултуп журт кураган,
Манастын ушул элиби.

Жаңырбас болуп из калдың,
Обону кайда Мыскалдын.
Кыз Сайкал, Жаңылмырзаны
Кайталабайт неге кыздарың.

Айтпасак да башканы,
Тамчылап сүйүү жаштары.
Раймалы менен Бегимай
Сүйүшкен андай жан барбы

Алыска чыгып дайыны,
Күлкүнүн жок айыбы.
Куйручук, Шаршендей,
Кыргыздын кайда шайыры.

Тосушкан далай жүрөгүн,
Тарыхтан окуп күбөмүн.
Алп Тобок Тайлак өрнөгүн ,
Неге албай жаштар жүрөсүң,

Кыргыз жери кең талаа,
Иштелбей жатат ээн гана.
Зууракан , Керимбү эжелер,
Кайталанбайт бир гана

Турмуштун тартып түйшүгүн ,
Бөлүнбөй түндүк түштүгүн.
Оңолор кыргыз күн барбы,
Жашоонун алып күйүтүн.

**«Эски кыргыз»**

Карыткан далай кылымды,
Сакталып дагы кылыгы,
Ак сакалдар төргө өтүп,
Кыргыздар бар сылыгы

Ала-Тоону жердеген
Душманга элин бербеген.
Өмүрүн кыйып далайлар,
Кыргызда көп эр деген.

Өчпөгөн такыр добушу,
Кошточу анны комузу.
Шайырдан унут калбаппыз,
Узакка обон созулчу.

Айтсам сөздүн дагысын,
Коргогон кыргыз намысын.
Элимде чабал болбогон,
Таштабайт алсыз жалгызын.

Суктанттык далай жандарды,
Сүйүшкөн андай жан барбы.
Саткын менен Кулмырза.
Сүйүүсүн бөлбөйт канжары.

Калп айтыш болот мага жат,
Өткөндөн айтсам маалымат.
Раймаалы менен Бегимай,
От менен өчпөйт махабат.

Алдырбай күйүт санасын,
Тийгизбей жаман карасын,
Каныкей уулун өстүрсө,
Алыстык болбойт арасын.

Тийгизген элге пайдасы,

Жыйнаган далайды
Жоо сайса Манас атабыз.
Жоголуп элим барабы

Акыл эс алдан тайбады,
Атантай менен Тайлагы
Жүрөккө дайым катылып,
Түбөлүк өчпөйт чок алдагы.

Тарыхтын жок калп жагы,
Түбөлүк калган ал дагы.
Арнаса өмүрүн Дүйшөнкул,
Жоготпойт душман танкасы.

**«Тогуз Торо кайрыктары»**
Ачып тарых барагын,
Өткөндү байкап карадым.
Жазылып турса алтындан,
Аларды кантип танамын.

Тоо улагандай берекенин учтарын,
Мөлтүр кашка суусу мүрөк жуткамын.
Айдап келсе ырыскыны шамалы,
Туу кылып кимдер гана тутпасын.

Эчен кылым бар балээни тоскондой,
Дагы тосот эчен кылым козголбой.
Бар береке ырыскыны агызып,
Мүрөк суулар обонунда созгондой.

Кучагынын ушул кенени,
Кейитпейт келген немени.
Калкына дайым рахмат деп,
Калоосун айтат нечени.

Алп Тобокту Берген жер ,
Баатыр Тайлак жеңген жер.

Тууган күтүп нарыдан,
Тоголок молдо келген жер.

Абдыманап өскөн жер.
Жаркынбай өнгөн жер.
Бакртабас, Иса чыгышып,
Боз жери жок көктөм жер.

Асылдарды баккан жер,
Мамбетказыны тапкан жер.
Алтын чөйчөк аталып,
Сынчыларгы жаккан жер.

Түшпөсүн деп асманы,
Тиреп турат аскасы.
Төрт мезгилди камтыган.
Тогуз Торо бейиш капкагы.

Кучагында кең жайып,
Тосуп алат жылмайып.
Пейилине жараша.
Берип койгон кен байлык.

Макмалында Кен казып,
Менделеевден Кен байлык.
Берип койгон жараткан,
Кучагында кең жайып.

Үйрүм баш, Арал, Колборум
Бейиштин өзүн болжодум.
Алыстан келген меймандын,
Көрбөдүм наараzы болгонун.

Асманды тиреп аска зоо,
Асылды катып жаткан гоо.
Алтын чөйчөк аталып,
Атагы элге жакан гоо.

Жылаңач Бугу аскада,
Абайлап бери ашканда,

Издегеним таптым деп,
Сынчыга жерим жакканда.

Түлкү баатыр алган Карачач,
Алтындай сөздөр жарашат.
Биздин кыз дебесек,
Жомоктон аны карашат.

Ортосунда Казарман,
Кут болсун уткан асабаң,
Кубанычтын баардыгын,
Кутман элим жасаган.

Туура Кайың, Ор казган
Туралап басып мал жайсаң.
Керемет эмей эмине,
Кериле басып чер жазсаң.
Жаркынбай жердеген,
Тобокту эч ким жеңбеген.
Балбанга кошуп бакытты,
Ырыскы келет жел менен.

Кураган колун кокондун,
Бычандан жолун тосконун.
Тайлак атам жоо сайса,
Мен оюмдан жок кошконум.

Бурулбү , Исак, Марусия
Алдыга чыгып жарышта.
Сыймыгыбыз эмей эмине,
Баатырдык белги тагышса.

Иса , Бейше, Барктабас
Болбойлу аны байкабас.
Өрнөгүн алып улуунун,
Чыкса экен жаштар кайталап.

Чыгып турса атагы,
Түпкүргө аны катабы.

Түк өчпөсүн изи деп,
Жүрөккө анны жазалы.

Алптыгы, доодой мүчөсү,
Адашпай келген күч өзү.
Жомок экен дебегин,
Тарых анын күбөсү.

Дарбаза ачкан качырын,
Жулуп алган акырын.
Алп Тобок барып Кытайдан,
Бошоткон тууган жакынын.

Күчтүү болуп билеги,
Тарыхка аны илели.
Пушканы сүйрөгөн ,
Жаркынбайды билели.

Атагы чыгып алыска,
Колдон кармап алышса.
Кожомкулдан баа алып,
Абдыманап жарайт намыска.

Өмүрбектен Болотакун
Эстеп жүрүш болот акың,
Кайталанбас жарык сымал,
Эмгеги түбөлүккө калат дайым.

Айта турган кептен бар
Асыл адам Бектен бар.
Арыгынан суу агып,
Бата алган элден ал.

Жүзүнөн жүз кулунду,
Алганга үлгүрдү.
Баатыр Исак аталып,
Атагы алыс угулду.

Исак атасы Иманберди,
Энчиңе жараткан ыйман деди.
Чачылганды бириктирип,
Журт кылып жыйган элди.

**«Камчы болсун жети эле»**

Жетиштүү болсо акылы,
Жетээр сөздүн татымы.
Жетпеске сөз айтып,
Жоготпо өз баркыңды.

Жетелүүгө бир айтсаң,
Жыйынтыктуу ал Адам.
Жетишпей калат…
Жетесизге миң айлаң.

Артыңда болсо бир деме,
Айтылган сөз бир эле.
Акылы жокко кирбейт дейт,
Айтылган сөз миң эсе
Болбосо анын жетеси,
Айталган сөз жетеби.
Кайран сөздү коротпой,
Камчы болсун жети эле.

**«Мугалим эжей»**

Билбейм дебе билип ал,
Мугалим берет, билим ал.
Тарбия берип үйрөткөн,
Мугалим деген бийик ал.

Үйрөтсүн арип тамгасын,
Билимдин ачып каалгасын.
Таарынбастан кирип ал,
Мугалим уят калбасын.

Жети атам суйлөгөн,
Бар бекен тилин сүйбөгөн.
Манас атам тилинен
Агай, эжей үйрөткөн.

Адабият да тилинен,
Ариптерди илдим мен.
Акындарын дүйнөнүн.
Эже, агайдан билдим мен.

Байга барып мусапыр,
Боругунан сураптыр.
Короосунан табалбай,
Кыйналыптыр куураптыр.

Жардыга барып байыбыз.
Тууйт экен биздин малыбыз.
Ылайыктуу союшка,
Бар бекен сиздин малыңыз.

Ак сынбайт бирок ийилет,
Качандыр аны ким билет.
Кирдеген соң кийимди,
Айтча деги Ким киет.

**«Сүйчү мени»**

Сүйчү мени, мен да сени сүйөйүн,
Түбөлүктүү жарың болуп түгөйүң.
Кайгырсаң тең бөлүшүп кайгыңды,
Каткырсаң күлкүңдө чогу жүрөйүн.

Сүйөм сени, сен да мени алдаба,
Күндүзү да , түнкүсүн да ай барда.
Сүйөм сени ооруу сыркоо тазаңда,
Көкүрөктө жаның барда, ал барда.

Сүйүү болсун түбөлүктүү ишенгин,
Сен да сүйгүн өлбөсүндө ишеним.

Махабаттын ырахаттуу жолунда.
Кол кармашып жүрчү кишиңмин.

**«Чын сүйүү болот жүрөктөн»**

Сүйүү келсе башыма,
Көпкө жүрдүм жашыра.
Сүрдүү белем билбедим,
Сүйдүм бирок ашыга.

Чын сүйүү болот жүрөктөн,
Жүрөк менен бир өчкөн.
Махабат деңизинде,
Кармашкан бойдон бир өтсөң.

Сүйүүнүн кандай жолу,
Эки жүрөк анын жообу.
Сен сүйүп, ал сүйбөсө
Андай сүйүүнүн бардан жогу.

Сүйүүнүн кандай сүрү,
Сүйүүнүн бар эки түрү.
Түбөлүк биреө болсо,
Биреөнүн бүтөт эртең күнү.

**«Кай адам»**

Ар кимдин түрдүү энеси,
Баласын сатат эмнеси.
Кай Адам ал анда.
Эне го чиркин дебечи.

Эшикке таштап баласын,
Басып кетти карагын.
Айланган таш жүрөктү.
Кай адамдан табасың.

Өзүнүн таштап бүлөөсүн,
Башка бир үйдө жүрөсүң.

Чырпыктар турса ийилип,
Кай Адам сатат түнөгүн.

Талаага таштап жолдошун,
Жүрөгүңө жол болсун.
Антыңа бекем турбаган,
Кай Адам кайсы жолдосун?

Өстүргөн уулун багып ал,
Өскөндө жолун табып ал.
Карылар үйүн байырлап,
Энесин берди барып ал.

Кай Адам, кай Адам
Суроомо өзүм таң калам.
Акмак болуш бир паста,
Жакшыга болот бир кадам.

**«Ант бердим»**
Көп эле тийген жардамың,
Көп эле ичип калгамын,
Күнүгө да баш жазып.
Ичкичтер жүрчү жардамын.

Көп эле жолу ант бердим
Ичсең итсиң айт дедим.
Идишиңди көргөндө
Төгүн дедим, калп кебим.

Баш оорутпай турмушка,
Бара берем баарына
Бардыгыңды угузса,
Берилип алсаң, үйралып

Бала чака үй калып.
Балчыкта жатсаң талаада,

Башкалар өтөт үн салып.
Балдарың ыйлап ачкадан.

Берилип акча таппаган.
Топурак ташты жазданып,
Талаа жерди таптаган.
Төрүндө жатып үйүмүн

Уул, кыз менен сүйүндүм.
Эркелеп мага байбиче
Махабатка батып сүйүүнүн.
Жалагандан байкасам,

Койнумда жатат кучугум.
Айланама көз салсам
Эшиги экен үйүмдүн.
Көргөн күнүм курусун
Мен сүйүүмдөн түңүлдүм.

**«Чал чыкса»**
Турмушуң эшек араба
Тийиштүү мага сага да,
Түпөйүл кылып түшкөн жол
Түбөлүк салат санаага.

Түзөң бир тоо аскасың.
Түйшөлүп дагы басканың.
Кейибе түркүн жолдордон
Ким билет канча ашарың.

Бирде тартып чалчыкта
Топуракта бирде чаң чыкса
Түшпөсүнө көз жетти.
Алдыңан сүйрөп чал чыкса.

**«Жазуулар дагың күбө»**
Мен кыргызмын ошол бактым,
Байкасам өткөндөрдүн барактарын.
Карытып эчен мезгил,
Өчпөстөн аттары барат дагы.

Төрөлүп эчендеген эр азамат,
Керегине элимдин жарап,
Кылымдарга өчкүс болуп,
Эрдиги унутулбай элде калат.

Найза сайып кылыч чаптың,
Кары картаң, кызын бактың,
Ак сакалдар төрдө олтуруп,
Мезгилдин эчендеген белин аштың.

Ысык Көл, Эне Сай, Нарын күбө
Барактагы жазуулар дагың күбө.
Баатырларың дастан болуп.
Айтылса далил менен аның күбө.

Чертилген үч кыл комуз күбө,
Жүрөктөн айтылган добуш күбө.
Ата тээктен мурас калган,
Ак мөңгүлүү Ала-Тоо конуш күбө.

Баатырларды берген элиң күбө,
Санжырада айтылган кебиң күбө.
Кыргызды өчүрбөстөн кыргыз кылган,
Айлансын биздер менен секин дүйнө.

**«Рамазанда периште»**
Рамазанда периште
Жерге түшүп келишсе
Таразалап баалашып,
Анан кайтып кетишсе.

Бир үйдө бала чыркырап,
Ачкасынан чыр кылат.
Бир үйгө кирсе периште,
Жеп ичкенин ыр кылат.

Молдо окуйт куранды,
Шарият , соoп убалды.
Касиеттүү Алла деп

Силерде анын кулагы.
Сөзүнө иши төп келбей
Алганына кубанды.

Ачылып актай барагы,
Ал айда көп иш карады.
Бир үйдүн жок тамагы,
Бир үйдө толо арагы.
Кампасында байкасаң,
Бир үйдө толо табагы.
Негизгиси жазганы
Күнөөсүнүн салмагы.

Адал калган артында,
Арам даамдан тартынба.
Аз күнчөлүк өмүрдө
Көргөнүңдү алдырба,
Салмактаса периште
Шайтан калган артында.

Карысын таштап бирөөсү
Кайсы бир анын күнөөсү,
Алмаштырып башканы,
Жесир калды бүлөөсү.
Ыдыратып ынтымак
Ушактын жок чын сөзү
Дагы далай иштердин.
Периште болду күбөсү.

**«Таарып турса»**
Болбосун деп жакыр адам
Баарыбыз койдук кадам.
Сөзүбүз тоодой болуп,
Аракет ишибиз кандай анан.

Токоюу жок чырпык болду,
Торолгонун кыркып болду,
Кышында жалгыз үйгө
Казелго койдук бүткөн бойду.

Аялдар жүрөт базарда,
Эркектер калып казанда.
Наристелер кайыр сурап,
Орун издейт жатарга.

Наныңыз барбы катыган,
Кечээги күнү даам татыган.
Эне сүтү ооздон кете элек.
Балдар сурайт татым нан.

Таарып турса пейлибиз,
Заманды айтып кейийбиз.
Жок, жок дей берип
Толор бекен кемибиз.

Кайырга кетсе бир сомуң,
Кыйнадың сен бир тобун.
Чачылып турса миң сомуң,
Унчукпадың бир болдуң.

Турмушту куруп жашынан
Баладан качып жашырган.
Окуну бүтпөй төрөшсө,
Оюмду кантип жашырам.

Көрүп батыш чыгышын,
Көчөгө дагы чыгыпсың.
Коргоп жатса жардысын,
Тескери жагын кылыпсың.

**«Жазып ал деп»**
Жазып ал деп, арак куюп башымды
Апаң карап унчукпады жашырды.

Атаң менен ичкениңе күбө болуп,
Уялгандай ай булутка жашынды.

Башында жоолугу жок келиндериң,
Карачы кийимдердин кемигенин.

Перинште жыланачты сүйбейт десе.
Көрсөтүп түз жолду кейибедиң.

Көрсөтүп тээ алысты батыш жакты,
Жаман жак тескери катышканы.
Унутуп адал эмгек тазалыкты,
Ыр болду аттиң ай, ичимдин ачышканы.

Мугалим, молдолор үйрөтүп сабактарды,
Тарбия шариятты санап жаты.
Балдары шарап ичип, дене сатса,
Жүрөгүм тилинип канап жаты.

Унуттуң жетим жесирди сыйлаганды,
Адал эмгек ак болду сынаганы.
Жардынын колунан жулуп алып,
Караны карап коюп алсызды кыйнаганы.

**«Бүркөлбөйт неге»**
Айта берип бетибизке,
Максатыңа жеттиңиз не.
Оюбуз көктө болсо,
Жардылык белибизде.

Койгонсуп ал жерди мекендеп,
Элден чыгып чекелеп.
Таштандыда мусорду,
Талашып жүрөт деген кеп.

Мусордо кары жашы дагы.
Таап ичкен ашы дагы,
Талашып иттер менен.
Жүргөнүн жашырбачы.

Намыстандык десе тууганың,
Билбедим жүрөк сууганын
Булардан эмне пайда деп,
Өйдөгө колду сунгамын.

Ташташып мектеп сабагын,
Табалы деп татым тамагын.
Келечек жүрсө көчөлөп,
Бүркөлбөйт неге кабагың.

Кызматы дагы таштанды,
Ошол жерде талканы.
Кагаз төшөк жамынып
Талаа жер анын жатканы.

Баласын бакса бөпөлөп,
Өскөндө бала көкөлөп.
Карылар үйүн аярлап.
Жеткирди келин экөөлөп.

Керерде бала урматын,
Төбөдөн кудай урбасын.
Рахат эмес уят кеп,
Карылар үйүн курбасын.
Тапшырса ким ал үйгө,
Бактысы анын куласын.
Чөлдөгү дүмүрдөй
Көгөрбөй дайым куурасын.

Күчтүүмүн деп билеги.
Байлар сүйлөйт билемди.
Ашыгы баш жарбайт деп.
Болгон сайын тилемчи.

Кесилди сомго бирөөсү,
Жардылык анын күбөсү.
Кыйса да жанын бирөөнүн,
Ал жерди байлар суйбөдү.

Бирөөсү төрөп баштады,
Буйруганбы таштанды.
Жатканды билген ал аял,
Билбеди неге бакканды.

**«Ыр өмүр»**

Окусам бардай шекери,
Ишенем баага жетери.
Салыштырсам башкага,
Саналар келет бекерби?

Тергендеймин сөз берметин,
Теңегим келет тоо келбетин,
Теңештирсем жазылганга кай бирин.
Теңине да жакын келбессиң.

Ыр болду берилип асылганым,
А бирок ойдогудай жаылбадың.
Биреөсү бали жаза бер деп.
Биреөнө жакпады жазылганың.

Бирде окусам келет таштагым,
Өсөрсүң деп келет кайра актагым.
Ойлонуп салыштырсам өмүрүмө,
Эбак эле өткөн тура жаш чагым.

Ошентип жүрөмүн орто жолдо,
Урунуп бирде оңго , бирде солго.
Гүлдөсөң жемишин берер деп.
А бирок суранам такыр солбо.

Мен эмесмин Алыкул же Байдылда
Келечегим өтүп келет айылда.
Көлөкөсүндө эс алып , түбүн ууртап,
Калгым келет алар аккан сайында

Убагында биреө китеп жаратты,
Биреө ырдап, ыры менен таң атты.
Күндө эртен буйруса болуп барып,
Күлгүн кезге күүгүм тартып баратты.

Жетпеди каражат аның ырас,
Каражат жаратат аның ырас.
Үмүттөр акталабы көпчүлүктөн,
Көрбөдүм мен деле аны сурап.

**«Арылгын деп»**

Чын элеби же алданып,
Өзүңө келем арбалып.
Жаратканга ойлорум,
Жоктор кетет бар калып.

Токто десе жүгүрдүң,
Тоготподуң шүгүрүн.
Тобо сөздүн ордуна,
Тоногонго үлгүрдүң.

Арылгың деп күнөңдөн
Түнүң бар кут түнөгөн.
Рамазан айында
Тыюу жакка сүйөнөм.

Жарабайт деген шарабың,
Далай элге жарадың,
Ичпе десе молдолор,
Тыйылбады карагын.

Молдо айтат ченемин,
Арам тамак жебегин.
Кары кебин сурасаң,
Болуп кетер дегениң.

**«Жаман кармаба»**

Куюп алып маңдайыма,
Жутуп андан таңдайыма,
Чени менен болсоң эгер
Керегиңди танбайымда.

Билдирип жакшы тилегиңди,
Шарап менен тиледимби,
Таттуу сунуп айтсам сага,
Сен тилеримди билесиңби.

Төрөлдү деп ата ичет,
Узун өмүр бата тилеп,

Түбүндө ачуу калды деп,
Ачуусу калса ага тиет.

Тең бөлүп кубанычыңды,
Жүздөн жүзкө уладыңбы.
Таарынып ичпесең деп,
Куюп алып сунбадыңбы.

Ичкин деп келип жалынып,
Алып кой эми жаңылып.
Койсо эгер ал ичпей,
Коебуз ага таарынып.

Кайрылуу болсун арты деп,
Ачууну ачуу басты дейт
Өлгөндүн өзү шору экен,
Балага берсин жашты деп.

Тасмалда түркүн тамак бар,
Идишиң толо салат бар.
Киргенде шарап ичиңе.
Тамагың тиште калат ал.

Тойсо токтойт тамагың,
Бышык го анны танарың.
Бар бекен дагы кана деп,
Тандырбайт ко чиркин жанагың.

Танбайман чыны жакшың бар,
Даамын таткан жашың бар.
Батып кетсең берилип,
Каалабас ый жашың бар.

Ичкемин чын кичине,
Ысып бир кеткен ичим ээ.
Келе албай жатып байкасам ,
Жатамын арык ичинде.

Күндүзү өтүп сабагын,
Жаман жагын санадың

А бирок ошол мугалим,
Кечинде билбейт абалын.

Шарият айтып санаса.
Ичпе деп айтат жанада
Кызымтал болуп молдолор,
Бүткөн соң айтып жаназа.

Мен деле айтам балама,
Бөтөлкө жаман кармаба.
Айтып бүтпөй бөксөргөн,
Идиши турат маңдайда.

Узарды деп буту кол,
Ичип ий кана жутчу бол.
Сыйлашып келиндер,
Тилек айтат улук ой.

Бери эле калат албарсты,
Жалынып кадыр салсакпы.
Орозо күнү жуткуруп,
Күнөсүн биз алсакпы.

Колуна кармап куралды,
Бей күнөө бирөө сулады.
Чындык үчүн тур десе
Соо кезде ошол туурабы.

Кыйнаганда өзүбүз
Контролдоп көзүбүз.
Кыйшайып калса
Какшык чыгат сөзүбүз.

**«Жаздым бирок»**
Мегил сызып, өтүп барат жаштыгым,
Жаздым бирок, чыкпайт жакшы ырым.
Белестердин ашсам дагы нечени,
Карачы жакшы ырымдын аздыгын.

Алдан тайып ачып турса курсагым,
Тамак эмес, ыр жагынан суусадым.
А бирок жетиш үчүн ал ойго,
Даамдан татып анан ырдан сунамын.

**«Үйрөн жетсе акылың»**

Ар элдин энчи тили бар,
Ар кимге ыйык билип ал.
Өзгөртпөстөн башкага,
Өчпөсүн жанып бийик ал.

Төрөлгөн балаң кечеги,
Бурулуп тили кетеби.
Таштагыдай өз тилин.
Түгөнгөнбү эмне шекери.

Өзгөрөбү таң калам,
Өз тилинен таңган ал.
Эне тилин таңгыдай.
Модаданбы калган ал.

Каршы эмесмин макулмун,
Үйрөн жетсе акылың.
Өз тилиңди унутсаң.
Унуттуң тууган жакының.

Карыткан кылымдарды,
Кайран тил кыйындады.
Жоголуп барат десе,
Сыйлаган сыйын албы.

«Манас»эле сыймыгыбыз,
Өчпөгөн сый ырыбыз.

Чогулган жыйындарда,
Бөнчө сүйлөйт кыйыныбыз.

Сүйлөсөң сынабы тилин,
Же тазарабы Сенин дилиң.

Жарытмак белең башканы,
Саткан соң эне тилин.

**«Мечит менен базар»**

Мечит менен базардын
Арасын ченеп карагың.
Бирине бири көрүнүп,
Саналат сенин кадамың.

Баары бар чыны базарда,
Кайнаган ашың казанда.
Шагыраган шараптар,
Мас кылган сени азанда.

Сунсаң жетет мечитке,
Ойлойм болом кейиште.
Тобонун ал ордуна,
Тейтейип турат эшикте.

Далай эле болгон курагы.
Шарап анын кумары.

Мечитке карай баштасаң
Тескери аның кулады

Келтирип ыйманыңды,
Кечир деп кылганыңды.
Кудай менен мечитте ,
Бөлүштүңбү сырларыңды.

Кечир деп күнөөбүздү,
Сакта деп үлөөбүздү.
Мечитте намаз окуп,
Баян угуп жүрөсүзбү.

Жамандан алыс болуп,
Жардыга калыс болуп.
Жыргалдан аянба деп,
Жүрөккө кудай толуп.

Тескери жолдо ак сакалың,
Кубарып өңдөн аскан анын.
Уяда жаткан куштар,
Карашат баскан жагын.

Сөздүн айтсам төркүнүн,
Дасторкондун көркүсүн.
Анда неге ак сакал,
Көчөдө өтөт көп күнүн.

Ак калпак элечек,
Үмүт кылат келечек.
Акыл насаат ордуна,
Малдан согот жетелеп.

Унутсун кайдан көргөнүн,
Ушак сөзгө көнгөнүн
Уядан көргөн эрмегин.
Улуудан алат өрнөгүн.

**«Ак болсун»**
Туура түшүн кебимди,
Алып бер дебейм кегимди.
Кылганыма жараша,
Бер энчимди дедимби.

Жаза берем арманымды,
Же жеткире албадымбы.
Жардам сурасам адамдардан,
Жаак басып калбадымбы.

Аш болсун деп эмгегим,
Ошол ойлоруma эрдендим.
Алып жутуп ичпесем,
Айтчы анда мен киммин.

Ак болсун деп эмгегим,
Моюн сунуп келгемин.
Адал деп эле олтурсам,
Арамдын көрдүм жеңгенин.

Каалайсынбы десе кыяматты,
Сел жүрүп кыян акчу,
Жокчулук башка түшүп,
Күнүңдү зыян тартчу.

Ойлонуп шайтан дебе,
Же мээсинен тайган дебе.
Ойлосон бечаранын,
Жеген кандай немее.

Кызматы болсо жогору,
Башталат анын жомогу.
Бирөөсү жатса койнунда,
Бирөөсү шыпырат короону.

**«Жүрөк турса»**
Касиетин жараткандын,
Уккамын таратканын.
Болк этип жүрөк турса,
Көрөмбү деп таң атканын.
Кай бири кепти жаратпадың,
Койчу дегендей кагат кашын.
Түбөлүк соол изде десе,
Сомдорду санатканың.
Жетимдин саамайынан,
Сылагандан качат анын.
Алланын түз жолу турса,
Адашып басат анын.
Арамды жандап алып,
Сезбейт го баратканын.
Бечаранын энчисин да,
Бербестен басат анын.
Жараткан эркти берсе,
Күндү да жабат анын.
Жолун анын каратпагын,

Өзүңдөн башканы саматпагың.
Эки жүздөн кылбасаң алысыраак,
Ортобузга отун жагат аның.

Өстүрөт деп келечекти,
Мектепке берет элди,
Талпынган канаттуулар,
Караңгыны жеңет деди.

Окуткан аалымдарын,
Жумшайбы алдын баарын.
Сөздөрүн угуп көрсөм,
Ойдогудай жооп алынбадың.
Директордун короосунда,
Малдын тазалап алдыларын.
Королчулар жүрөт дешет,
Жазашып жумуш барын.
Бир саатык махабатын,
Тартуулап турат аның.
Аткарбасаң талаптарын,
Арызын сунат аның.

**«Ачыптыр эшиктерин»**

Рамазанда жараткан эшиктерин,
Ачат деп угуп эшиткемин.
Күнүгө эртең деп жүрүп,
Кечирим сурагандан кечиккемин.
Тазарт деп ыйманымды,
Тиленип ыйладыңбы.
Алланын жолун сурап,
Ачтыңбы сырларыңды.
Ушактан алыс болуп.
Улууну сыйладыңбы.
Артты көздөй бурулуп,
Айтайын жылганыңды.
Шугурчулук кана десең,
Шылтоолойт жылдарыңды.
Улуулар тергө өткөн.

Унуттун сыйларыңды.
Жообун укпай чындыктын,
Жокчулукту сындадыңбы,
Жардыны баса калып,
Баш көтөрдүң мага деп,
Бактысын кыйбадыңбы.
Мечитке баргын десе.
Шылтоолойт мезгил жогун.
Ал жакка кеткен мезгилиңе,
Шарап жуткан сонун.
Эч нерсен жок болсо эгер.
Эске албайт анын оюн.
Комокко кирип кетсе ,
Кармашат анын жолун.
Бейишке кирген болот.
Жазбайсың деп баштын собун.

**«Аяп жанымдан»**

Айла жок аяп жанымдан,
Тамак болчу камырдан.
Кымбаттап кетти десе,
Кайыша түшөт кабыргам.

Көрөбүз деп сызганды.
Көлөмү нандын кыскарды.
Тойгонсуп мурун жаткансып,
Кымбатчылык кыстады.

Жумуштан жейсин куугунтук,
Кекиртекти кыса муунтуп.
Өлгөндө гана жебесек
Этти койгонбуз унутуп.

Өчүрбөйлү деп жарыкты.
Элдер свет жагышты.
Өчүрөбүз деп электрик
Карагайга жабышты.

Майы жок тамактын,
Суудан аны жазаттым,
Арыктап анан жаткансып,
Диетаны карматтың.

**«Дабатчылар көрсөтсө»**
Калып элдин сообуна,
Түшкүн Алла жолуна.
Дабатчылар көрсөтсө,
Бидикилер кайда болуда.

Көрсөтсө бул кыбыланы
Үйрөтүп жыгылганды,
Түшүндүбү ушундай
Шарапка анан жыгылабы.

Алла десе күйөөсү,
Колдобойт бүлөөсү.
Кырынан өтүп кулактын
Кудайымдын сүрөөсү.

Биреөндө болот тескери,
Баласына кез келди.
Ичип алып атасы,
Жакшы көрөт эзгенди.
Ичпе жебе арамды,
Барганда көргө караңгы,
Түшөсүң десе тозокко,
Бүркөлбөйт анын кабагы.

Тобо менен шүгүрдү,
Ыймандуулар жүгүндү.
Бүгүнкүсү кызык деп,
Алганга биреө жүгүрдү

Байкасам кебинен,
Байлыктан кемиген.
Тобо деп жүрүшөт,
Алла чыгып деминен.

**«Байкасам»**

Байкасам өткөн мезгилиң,
Көргөндөй түш сезилдиң.
Жараткан таштап кеткидей,
Бул замандын ээси Ким.

Таштадыбы же кеттикпи алыска,
Мурун койчу кудайымды калыска.
Азыркылар мөөрүн анын алгансып,
Тең тайлаша келет анан жарыша.

Көркүн ачып төрүңдүн.
Жүзүңдөн мээрим төгүлдүң,
Кебин айткан аксакал,
Көчөлөрдөн көрүндүң.

Кошо айтышып келиниң,
Сый урматтан кемидиң,
Башыбызга келер деп.
Болор бекен кейишиң.

Болбосун деп капаңыз,
Берейин десе балаңыз.
Кареги менен эзгилеп,
Келиниңизди караңыз.

Улуусу бербей сабакты,
Уулутуп анны сабатты.
Ушак айың таратып,
Тескери басып баратты.

Кудайдын болдубу талабы,
Же алар аны танабы.
Жаратып өзү койгонсуп,
Жулунуп алар талады.

**«Тозокко жол»**

Айтар качан тобону.
Өчөшкөнсүп тоноду.
Башкасы да алсын деп,
Тойгон күнүң болобу,

Угуп калсак Эл кебин,
Жегениңе эрдендиң.
Кокус ага иш түшсө,
Сатып кетет Эл жерин.
Ушундай беле пейилиң,
Ойлонуп көпкө кейидим,
Аркы дүйнө бар болсо.
Болбосун тозокко сейилиң.

Түрлөп айтып ушакты.
Жая бересин тузакты.
Далилдей албай башкабыз,
Чуркай берип суусатты.

Олтурса ким тозотто.
Барат дейт тозокко.
Кете берсек ушинтип,
Бейишин бош болотко.

Карызын бербей кайтарып,
Өмүрдү алмак кайта алып,
Жаратканга жеткирбей,
Жайлаганды айталык.
Жол салгандын сообу дейт,
Салабыз деп сомду жейт.
Мергенчи жэзсе жандарын,
Үйдөгүсү тойду дейт.

Сомду жесе Акматың,
Жемелешти акмаксың,
Элдин каары болбосо,
Жок күнөөнү тапмаксың.

Аймап жесе Арстан,
Башка жок алкыштан,
Зоболосун көтөрүп,
Орден ага тагышкан.

Талаадан терип таштанды,
Тербейин десе ашпады.
Тербей койсо таштанды,
Тойгузат ким ачканы.

Тойгузам де ачканы.
Тонобогуң башканы,
Таттуу сөзгө ишенсек,
Тойсо дагы ашпады.

**«Ысытып ичтеримди»**

Мен жана идиш турду бошогон.
Карап туруп суроо чыкты ошогоң,
Сен турганда толо болуп ноктодо,
Мен да ошондо сага окшоп жоош болгом.

Бөлөк турдум кошулбадым четтемин,
Чылым кармап кызыкпадым чекпедим
Тизгин тартып, башты буруп.
Ошол бойдон чиркин неге кетпедим.

Ноктооң алып, башыңды толгоду,
Кайран ниет ойдогудай болбоду.
Куюлуп шооласындай үмүттүн,
Тартып ийдим бирди гана болгону.

Өрттөнгөнсүп кетти окшойт тамагым,
Өчүрүүгө суюк нерсе кааладым.
Өткөн кезде арабыздан бир мезгил,
Өзгөргөнсүп калды анан кабагым.

Ылдый кетти ысытып ичтеримди,
Түгөй деп бирди кошуп ичпедимби.
Билбепмин ошондо ичке кошо,
Баштын да жалындап иштериңди.

Жабышып алыс эмес жакындадым,
Тил кетти кичинеден шакылдадым,
Моюндан кучактап кыса тартып,
Карачы кол көтөрүлүп асылганын.

Сезилди жетпөөчүдөй куюндарың,
Сөздөрдүн байкадыңбы куюлганын,
Баш ооруп эртесинде байкап көрсөм,
Акыл менен эсте жок туюм алдың.
Бербесем да катыгын,
Байкап көргөм татымын,
Жер тандабай жаткырып,
Байкабайсың ашыгын.

Ичкич экен дебесин,
Айтып койдум кеңешим,
Алып берип жаттың деп,
Кээлер айтат жемесин

Жер тандабай жаткырдың,
Ак шейшепти жат кылдың
Үй-бүлөөгө баарына,
Бир куюмду жактырдым.

Алып акыл эсимди,
Батпай көөдөн эсирди,
Кой, ай деген сөз укпай ,
Кыла бердим кесирди.

Ден соолукту темирдей,
Милдеттиң го кемирмей.
Күлүк атын турмуштун,
Кала бердиң теминбей.

**«Экөөбүз тең»**
Жаман сөздү келгим келбейт чыгаргым,
Колдорумду.кармагылап чыдадым,
Унчукпадым ар кимдерге теңедим ,
Жетпей калды акырында чыдамым.

Мен да сени көп нерсеге теңедим,
Токтолбостон улай берди жемесин,
Турмуш деген беш күндүк деп
Сен же мен кел элдешели дебедим.

Экөөбүз тең келтирбедик ыйманды,
Арам болуп адал оокат сый калды.
Пейлибизди байкагандай табийхат
Жамгыр болуп себеледи ыйлады.
Көңүлдөрдүн тазалыгын билбеди,
Көр оокат ай бири бирибизди тилдеди,
Кайран өмүр беш күнчөлүк ,
Киргил тартып ак өңдөрүн кирдеди.

Дайым келет жакшы сөздү арнагым,
Көпчүлүктө жетпей калат алдарым,
Ойлорумду ашырбастан кыстаган,
Чабал экен бул турмушта ал жайым.

**«Кайын деген сызык ал»**
Келин менен кайыңдын,
Айтып көрсөм дайынын,
Караңгы менен күн сымал,
Ачып турат айыбын.

Чаптаса болбой жарака,
Жабышпайт неге жамаса,
Угуп көрүп өткөндү.
Болуп көрдүм тараза.

Төркүнү ээлеп төрүңдү,
Төрдө олтурганы төгүнбү.
Кайындары эшиктен,
Кыймылдары көрүндү.

Терип жеп жемишин,
Түздү эле качан келишим,
Теңине албай кайынды,
Баскынчы көрөт келинин.

Кайнене көрбөйт кызындай,
Кызы деле келин кызык ай.
Кыз жактырбайт себеби,
Кайын деген сызык ал.

Сызыкты кимдер чийди эле.
Башын кимдер ийди эле.
Келин эмес кызым деп,
Батасы кимге тийди эле.
Жабык болуп төрлөрүң,
Өзүңдүкүндөй көрбөдүң.
Кайын деген сөз калып,
Тууган сөзгө көнбөдүң.

**«Тынч укта Перизат»**
Өчтү өмүрдүн жашылы,
Өкүндүк жерге жашырды.
Ачылбай кеткен гүлдөргө,
Агыздым төгүп жашымды.

Жаштыгына сен карабадың,
Карачы караңгыга камаганың,
Күнөсүн жеңилдет деп,
Ушул болду Алладан каалаганым.

Ажал жүрсө сағалап,
Жаның деги аманат,
Жашасын дебей дагы да,
Жашты неге таап алат.
Чачты силкип тараган,
Жаш эле чиркин карасаң,
Өлүм болуп ага ашык,
Өмүрдү баспайт таразаң.

Болбойбу күнөө кечкенге,
Не болмок ажал кеч келсе,
Артында туяк калтырып,
Ата-эне даамын сезсе не.

**«Алыс жагың түнөрүп»**

Алыкулга бергим келип жообуңду,
Карагым келет мекен жолуңду.
Көрө албай күйүп турган жарыкты,
Каректерим күңүрт тартып соолуду.

Менин деле келет карагым,
Алыкулдай болуп караның,
Алыс жагың түнөрүп,
Ачылбайт дагы кабагың.
Койкондотуп калем сабын Байдылдабыз,
Көбөйтүп кыргыз санын бай кылгансыз,
Кыргыздар санактан адашкандай ,
Кыргыздар киргиз болуп айныганбыз.

Көктөсүн деп ырларың жамгыр болду,
Көрсөткөн жолуңар даңгыр болду,
Абага жол салабыз бөлөк дешип,
Азыркылар ал жолуңдан айнып койду.

Алысты көрөбүз деп келечекти,
Ар түрдүү асабасы желектери,
Айды карматабыз дегендериң,
Айткандар ишенип кой кенебеди.

**«Жазды күтүп»**

Кыш кары калыңдап,
Кыш неге таарынат.
Жайдары жашыл өңдү
Жазды көптөр сагынат.
Кайгырып ага чөкпөгүн,
Ташка чыгат чөптөрүң.
Күн жылыса ээрийт деп
Күтүп турам өскөнүн.

Күн да ойноп жашынмагын,
Күттүрүп жаз да шашылбадың.
Кар тебелеп бара жатып,
Көзүмө тартылат жашыл багың.

Жаз эле көптүн күткөнү,
Жаз турат эми бүткөнү
Жетишип алсын деп,
Жаз Кичине күтпөдү.

**«Ай менен сырдашып»**

Ай менен турдум сырдашып,
Ай жүрдү дайым сыр катып.
Арманымды уккан соң,
Анан кетти кырды ашып.
Ыңалаган үнүмө күбө болдуң,
Анан барып дагы бүлө болдум.
Сага окшоп мен дагы.
Бирде бөксө, бирде толдум.

Бирде барып жаңырдың,
Мен да кээде жаңылдым.
Булут басса жүзүңдү.
Тамчылап кээде мен да таарындым.

Айлуу түндү аралап,
Сүйүү турса сагалап.
Махабатты мендеги
Койдум мен да сага арнап.

Күбө бол дагы айтар керезиме.
Оюм бар максатыма жетериме.
Мезгилдин кызматы экен,
Чыктым мен атанын сересине.

Таарынтсам биреөнү айта баргын,
Жаман сөздү өзүмө кайта алдым.
Өзүңдөй жарык болуп.
Жаман ойду жүрөккө кайтарбасын.

Сурандым уул кызды берсе дедим,
Жылдарды толгондой·жеңсе дедим
Буга да толгон ай күбө болуп
Өчпөстөн жанса экен тунук сезим.

**«Канча өмүр төлөдүк»**

Кудайдын дейт өкүмү,
Ажо жердеги өкүлү.
Эгер болсо ошондой,
Элдер неге өкүндү.

Кудайдын болдубу талабы,
Же өзүнүн кудай санайбы.
Бийликтеги көсөмдөр,
Элди неге талады.
Чындык турса көрбөдүк,
Чыйылдаса көнбөдүк.
Катып жатып чындыкты,
Канча өмүрдү төлөдүк.

Жамгыр турду себелеп,
Көп балээни сезе элек.
Кыргыз төккөн каныңды,
Кыргыз жүрдү тебелеп.

Тураланга бийликти,
Талдуу жерин ийитти,
Көп мүдөсүн тепсеген,
Кызмат ордуң бийликпи.

Кыш кары калыңдап,
Кызматына таарынат.
Уялгандай күн дагы,
Булут тартып жамынат.

Түз жолуңдан бурулдуң неге,
Ак өңдөй карарып кубулдуң неге.
Майда майда чайнабай
Какаганча алайып сугундуң неге.

Бирөөнүн дамы таттуу бекен,
Тарттырган ал байкуш кантти экен.
Кылган аш кыйын болуп,
Оңойго даярын тартып жеген.

Кыргыздын кыргыздыгын ойлонбодун.
Жазданып дүйнөнү ойгонбодуң.
Түгөлдөп берекелүү алар жерди,
Кан болду акырында ойногонуң.

Бергендей табиятта аянды,
Күн ачылбай булуттарга таянды.
Кошулдуң сен канкорго дегендей,
Мээрим төкпөй жылуулугун аяды.

Жалтылдаса ала бердиң уялбадың,
Какабадың карачы сугалагың.
Жүрөктү элек кылып,
Аймактын ар бирине уяладың.

Ооруусубу же ажоодон адатпы,
Келгендер жерин сататпы.
Адал болсо эмгегиң,
Ак үйдү таштап качатпы.

Токсондогон мөмөлү даракты,
Кыйып салдың карачы.
Болгону сен жазаган күнөнү
Салмактаганы баратты.

**«Апрелдин жетиси»**
Канатыңдан кайрылдың тууган,
Ала- Тоодон айрылдың тууган.
Жалган кепке баш ийбей
Чын дүйнөнү жай кылдың тууган.
Ачылган күн жабылда тууган.
Атылган ок кабылды тууган.
Аталап ыйлаган бала калып,
Алганың кара салынды тууган.
Алла бейиш берсе деп,
Ата-энең ыйлап жалынды тууган.

Соккон жүрөк токтоду тууган,

Сыздасак болбой сокподу тууган.
Тамчылап жашын булуттар
Табийгат боздоп коштоду тууган.
Кайгыларың тең бөлүшүп,
Кыргыз элиң жоктоду тууган.

Үмүттүн отун жандырдың тууган,
Үмүткө жанды кандырдың тууган.
Уулуп бир учкан октон чиркин
Үзүлүп бир кетти тамырың тууган.

Арттагылар эркин жашасын деп,
Аткан окко кабылдың тууган.

Арамдын жолун тооруган тууган.
Ажал таптың огунан тууган.
Ачыларда жаңыдан гүлүң,
Ачылбай чиркин соолуган тууган.
Аалам угуп эрдигиңди,
Алла айныбасын сообунан тууган.

Бөксөргөн жериң толбоду тууган,
Биз эмес аалам жоктоду тууган.
Жыргалы үчүн элиңдин,
Жүрөгүң Сенин токтоду тууган.

Мээримден балаң кемиди тууган,
Мендик деген жарың кейиди тууган,
Мекен деп соккон жүрөктү
Мээленген ок токтотту сейилди тууган.
Артыңда калган биз унутпайлы.
Ала-Тоо коргогон жериңди тууган.

Өрнөгүң бекерге кетпесин тууган,
Өзүмчүлдү өмүрү жектесин тууган
Өңгөнү алып жеген арамдар,
Өмүргө такыр жетпесин тууган.
Кыргыз деген ат барда,
Кылымдарга атыңды эстесин тууган.

Куу турмуш жанга баттыбы тууган,
Кукеңдин тилеги каттыбы тууган.
Кабарын айтсаң чындыктын,
Каалабай алар аттыбы тууган.
Караңгы көрдө каaларым,
Кантейин эми тынч укта тууган.

Булактын көзү бүтөлдү тууган,
Балбылдабай түтөдү тууган,
Кур сөзгө курсак тойгузган
Куу сөздөр эми бүтөбү тууган.
Калган сөз бизде калды,
Калган ишти күтөлү тууган.

**«Тоону берди»**

Көмүр бердиң кыргызга тоңбосун деп,
Сууну берди жашыл өң солбосун деп.
Кемибесин төрдө болсун аксакалы
Күч берди батыры коргосун деп.
Дүйнөсү жарды сокурларды
Бергенби анан элди кордосун деп.

Тону берди мага болсун жакын деп,
Түздү берди мал жаныңды баксын деп.
Кылымдарга кыргыз аты өчпөстөн,
Жашты берди сүйүү отун жаксын деп.
Асыл жердин баасын билбеген.
Чоңду берди неге анны сатсын деп.

Эс алсын деп берметтүү көлдү берди.
Бейиштей жаңгактуу төрдү берди.
Чокуда күн уялап, кутту катып
Караны бөлсүн деп ак мөңгүлү өңдү берди.
Кылымга кыргыз деген жалгыз атты,
Кыргыз-киргиз канчага бөлсүн дедиң.

Жаралат өчпөгөн эрдик неге.
Бүтүндү бүлдүргөнү келдик беле.

Урууну уруу чапкан адат калбай,
Өчпөсүн деген антты бердик беле.
Жалтылдаса ала берген бардыгын
Ач көздүктү биз качан жеңдик эле.

Улагадан төрдү болгон себеби
Ак сакалдар мейман өтсүн дегени.
Тасмалында береке толуп,
Момун болсун ашыңды жегени.
Мейман эмес тууган кирбей
Жабыгын көрүп турам мен эми.

**«Түшө калып карасам»**
Касиеттүү жараткан,
Кай жол менен баратам.
Түз эле өңдөнөт,
Түшө еалып карасам.

Күнүгө эмес жылына,
Келе албадым жыгыла.
Байкасам шариятыңды
Толбойт окшойм сыныңа.

Чыгып барат эсимден,
Бирок жүрөгүмдүн ээси сен.
Берген жанды алаарсың,
Баргычакты кечир сен.

Дайра бердиң кечкиң деп,
Түйүн бердиң чечкиң деп.
Аскага гүл өстүрүп,
Сынадың анан жетсин деп

Дайраңа сенин агылдым,
Түйүнүңө да кабылдым.
Туш болуп асканa да
Бирде түз бирде жаңылдым.

Дагы сурайм кечирим,
Түз жүрөмүн дечүмүн.
Бүткөнүндө байкасам,
Муңайым көп жечүмүн.

Уул кыздын болдум атасы,
Анын жок деги капасы.
Күлкүлөрдү улаган,
Тийсе дейм бир өзүңдүн батасы.

**«Кечир мени»**
Мен билемин таразамдын таштары.
Кайдыгерлик басып аны ашпады.

Кечиргиң деп оңолормун деп жүрүп,
Чиркин кара мезгилиңдин шашканы.

Кылат дечи ал кызматы мезгилдин.
Берген өмүрдүн айтчы анда ээси Ким.
Жала жаппай убакытка өткөнгө,
Берген өмүрдүн бул мезгилде ээсимин.

Барар жерге барғым келет тазарып,
Күнөмдүү жууп , күнөөлөрдөн азайып.
Ошондуктан кечир мени замандаш.
Менден кетсе байкалбастан бир айып.

Санаа жегизип тартсаң эгер убайды,
Арабасын бирге тарткан жубайды.
Сөзүм тийди, көтөрүлүп колдор да,
Көр турмуш деп кечиримди сурайлы.

Күүгүм тарта барат кеч кирдиң,
Бөпөлөдүң даражага жеткирдиң.

Тилиң укпай сөзүм тийсе ата-эне
Тизе бүгөм күнөөлөрдү кечиргин.

Бир короодо туугандарым табакташ,
Колум тийсе , кээде тилим мазактап.
Сен да кечир жаман ойдо болбогун.
Сый өтөлү бул өмүрдү азаттап.

Кечир дагы эже, балдыз, карындаш
Билесиң да бул өмүр дайым аз
Кек сактабайм мен силерге тазамын,
Милдет сенде, эми мага таарынбаш.

Төкпөй калсам кечир ата мээрим.
Изсиңер дем алсам силер демим.
Салмагыңар жакшыны аша баскан.
Күнүмсүң төбөдө деп айткан кебим.

Кечир дагы күнөөм бардыр досторум,
Силер менен алп того окшодум
Айткым келбейт, бирок чыгып кеткендир
Көкүрөккө жаман ойду кошпогун.

Алыстан деп жакын кошуна таарынба.
Чыккандыр мүмкүн турмуш шарында.
Кегим да жок, оюм да жок, кечир эгер
Менден кетип жаман жака жаңылса.

Дагы жараткан бир өзүң кечиргиң,
Менин эмес бүт ааламдын ээсисиң.
Тазартып жан дүйнөмдү айланамды.
Муштум этин мендеги кесимин.

Дагы калкым, тааныштарым кечиргин.
Жүрөгүмдө жаман ойдо жок эч кимиң
Байкабастан калып калсаң сен дагы
Ушул ырым бир өзүңө жеткирсин.

**«Тоону берген себеби»**

Жараткандын тоону берген себеби
Тоодой бийик болгун деди сен эми

Ак калпагың түшпөй төбөдөн
Кайрылганда мен угамын дегени.

Бийиктигиң тоого теңеп жатпайбы
Абийирлерди бийик бойдон сактайлы.
Адам аттын ыйыктыгын унутпай,
Тоодой болгон акча сунса сатпайлы.

Тоолор деген далай жанды коргогон.
Бийик тоого алсыз куштар конбогон,
Сен кыргызсың баркын баалап, алардын
Бийик тоодо күн нуруна ойногон.

Ак мөңгүнү чокусуна катканы,
Ак болгун деп анын айтып жатканы
Чаңкабасын суусунуңду кандыр деп
Мүрөк булак тоодон кулап жатканы.

Бороон , чапкын шамалыңа кебелбей
Тоолор турган, дагы жүрөт кенебей,
Муштум бол деп, душман келсе түйүлгөн.
Тоодой күчтү берди жараткан ченебей.

Шумкар учат бийик тоого уялап,
Алсыз айбан барбайт ага уялат.
Көктү карай жылдыз кармап
Тоо мекендеп кыргыз элим кубанат.

Билесиңби тоолордун салмагын,
Көтөрүмдүү күчтүүлүгүн балбанын.
Күч аябай жаратканым бергиң деп.
Колду сунуп тоону көздөй барганым.

**«Эрдиги бар эси жок»**
Салыштырып өткөн күндү тескейли,
Өткөндөй эмес, болуп жатат тескери.
Акты айтып, анан болуп караны.
Кечикпейли, чындык угар кез келди.

Эрдик бердиң, акылы кем, эсти алдың.
Жаңырбадың, кала берди эски агым.
Кемитпейин деп толук берсе жараткан.
Тоготпосун , бечелдигин эске алдың.

Эсти алганды өткөн күндөн карасаң,
Оң сол деп кыргызды кыргыз талаган
Жылкы чаап баатыр аталсаң
Кандай басат баатырларга таразаң.

Эрдик бердиң эсти алдың дегеним,
Кыргыздан кыргыз тартып жегениң.
Акыл кошуп, колду суну ордуна
Көмгөн кылып, айта берет жемесин

**«Кеми бар»**
Кырктын учун келем тарткылап,
Алыстап жаштыгым да жат кылат.
Белим ий деп, башым да ойлонтуп.
Ден соолуктар кээде койот каткырат.
Өкүнбөймүн мүмкүн ошол деңгээлим.
Чекти бузуп жалындабайм жеңбедим.
Даңгыр жолго из калтырсам деп
Бул жалганга үмүт менен келгемин.

Оо жараткан арманым жок кемим бар,
Жаман эмес жакшы ойдо демим бар.
Үмүт экен жакшылардын актайын деп
Айта турган ушул гана кебим бар.

Жүрөк бердиң өзүңдөн суранганмын.
Жаман ойду жолотподум кубаладым
Баткыча өмүрдүн жарык күнү
Талант берчи ушул менин сугалагым.

Жараткан кечир болсо эгер ашыгы.
Толсо деймин дайым ашка кашыгы.
Көбөйтүп бутумдун шорун бара жатсам,
Жөө баскан балам машина деп жашыды.

Купулуңа сенин толбойт окшодум,
Ойлорум бар бирок чиркин бош колум.
Колумдун менин бош дегеним
Ойлорума эмгегимди кошподуң.

**«Ар замандын акыры»**

Калчап көрүп акылы,
Ар замандын болгон акыры.
Көркөмдөп ыр кылган,
Ар мезгилдин акыны.

Жакындаткан элденби?
Же жакындан өзү келгенби?
Же энчилеп бул күндү.
Жалпыбызга бергенби?

Карагайга зым аскан,
Кыямат күн деп жазкан
Караңгы жер жарыкрап
Көпчүлүккө ал жакан.
Көчүп жердин кыртышы,
Күндүн өзгөрүп жылышы,
Кыямат күн болоордо
Көбөйөт жандын жырткычы.

Кыш айныбайт суугунан,
Суулар чыгып нугунан
Жумушу жок акыл көп,
Тилдер чыгат сөздөрүнө уяган.

Эртең жок кечээ кармашкан
Ажал күчөйт жармашкан
Адам өмүрүн Адам кыйып
Кудай кылат жан салган.

Кемирип өмүр бүрлөрү
Көбөйөт оору түрлөрү,
Каалаган жашка жетпестен
Кыскарат жашоо күндөрү.

Албастан улуунун батасын
Уулу алдайт атасын
Күлгүн кезде бузулуп
Кыздар көрбөйт катасын.

Башкадан тандап улутту,
Бөлөктөн бүлөө курушту.
Улут эмес ал тургай
Жараткан жолун унутту.

Чындан көп жалганы.
Бергенден көп алганы.
Жер жеткирип солкулдап
Белгиси го алдагы.

Ойго келбей жараткан
Орун болот талашкан
Адал кылып унутта
Арам ишин баалашкан

Кароосуздагы карылар
Жетимдери дагы бар
Муштум эти катыган
Таш боорлук жагы бар.

Берекеден чыгым көп
Апийим , наша, чылым көп
Карагандын ордуна
Бузуп келген зулум көп.

Зулум ээлеп сонунун
Баасы чыкпайт момундун
Дөөлөр чиркин кармашса
Момун тартат жоругун.

Бороон уулуп жел жүрөт
Өзөн бузулуп сел жүрөт.
Аз келгенсип буга да
Кырылышып Эл жүрөт.

**«Ээси болсом»**

Кыдырып көрдүк базарды,
Балам баспай тажады
Тилегине жетпеген
Ал акчанын мендеги азабы.

Акча, акча, акчабыз
Акча барда башкабыз.
Байдын уулу суйлөгөн
Баш жок болсо деле баштабыз.

Акча, акча, акчабыз
Акча жокто ачкабыз
Акчасы жок экен деп
Абийирлерди ачпаңыз.

Көп болсо эгер сомдоруң
Көрдүм тилдин жоондорун
Көрүнгөн тоого сүйкөнүп
Кой деген сөзгө көнбөдүң.
Жок болсо эгер сомдоруң
Жабык болот жолдоруң
Жардам күтпөй эч кимден
Жанды көрдүм соолгонун.

Ээси болсом акчанын
Көтөрүлө түшөт каштарым
Садагасын ойлосом,
Өзүмө кайра ашпадың.

Жок экен дебе кунары,
Жё жактырат дебе кумарды.
Бир келген өмүрдө,
Жардыланбай туралы.

**«Жагат аның»**

Аалам ээси жаратканым,
Айткандарың жагат аның.
Көрүп турат баарын десе,
Көк болду өзүңдү каратканың.

Тагдыр экен турмуш деген оңбогур,
Арманым жок таарынычым болгондур.
Кем эмесмин талантардан байкасам,
Бөксө болот кем экен да толбоптур.

Жаманды алыс кылгын кошпогун,
Толуп турсун бөскө болбой бош орун.
Сурагымда күнөө болсо тартайын.
Буйруса деп берер болсоң созбогуң.

Жыгачка бар , темирге бар өнөрүм.
Кемирзэк ал ошол ойго чөгөмүн.
Калем жазам, аспабыңды кошо кор,
Сурагымда эмгек менен төлөйүн.
Мен сурабайм андан башка бөлөгүн.

Ким ишенсе үмүттөрүн актайын
Тилегиңе каршы сенин акпайын.

Кара кылды как жарып тайбай,
Колун сунса жардамымдан качпайын.

Жаратканым өзүңө жок теңдеши
Арманымды туйсаң керек мендеги.
Өзүңдөн жалгыз гана үмүт кылып.
Өткүчөктү оюм менен элдешчи.

Жалгыз гана сен өзүңсүң сырдашым,
Билем сенсиз күндүн да жылбасын.
Отчетумду сен астыңда бергиче,
Мен унутпайм күтөм анан сый жагын.

**«Бактар чайкайт»**
Жоголду сенин пейлиң баштагың,
Бактар чайкайт өкүнгөндөй баштарын.
Мен өсүүгө күндү карай талпынсам
Же менчилеп сен өнүүгө шашпадың.

Өзүң келдиң, эс алдың чакырбадым,
Чаң чыгып тилдериңен шакылдадың.
Кур кыял шарап болуп жана дагы
Акыл айтса, акшыя жактырбадың.

Токтот деп жаман сөздү келжиреген,
Кыргызка көркөмдөп берген кепти кенен.
Жыгылсаң ооздон турбайсың деп,
Куюндап ; шамалдап белги берген.

Жанды көрдүм кадырды тебелеген,
Жакшыны жашылдатпай жемелеген.
Келбейсиң деп эсиңерге өкүнгөндөй,
Жамгыр төгөт төбөдөн себелеген.

Кур кайнап буу чыкпайт табагыңан,
Жер көчөт байкадыңбы таманыңан.
Бузулган заманга оодарышпай
Болуп жүрбөсүн экөөбүздүн жаманынан.
Сыймыктанып ачканбыз тарыхтын барактарын,
Сыймыксыз сөздү алар жаратпадың.
Келечекке калтыралы тунук десең
Койчу дегендей азыркылар кагат кашын.

Кыялыңды кылыгыңды бүт көрүп,
Жумушуңду жүрбөйсүң сен бүткөрүп.
Кылыгыңа таарынгандай көк дагы
Асман келет күркүрөнүп бүркөлүп.

Чыкпайсыңбы деп жибиңден чалынган,
Жарыгыңдан тузагың көп салынган.
Келбейсиң го дегендей эсиңерге дегендей,
Кейигендей жарк журк этет чагылган.

Жер силкинет келгиле деп эсиңерге,
Адалга каршы туруп кесирленбе.
Кучагыма күнүң бүтүп келгичекти,
Турмушта өмүрдүн ээси сенде.

Кайран кыргыз күнө турса жолотподуң.
Жегенден колуңду сен бошотподуң.
Өмүрдөн дүйнө бийлик кымбат туруп.
Жетимди колду сунуп сооротподуң.

Жаштар угуп тилин алып акырын,
Кары төрдө айтып ал акылын,
Олтурган заман өтүп барат.
Дүйнө байлык болуп алган жакынын.

Суйлөдүң, тажабадың , кайталадың.
Туура эмес сөзүңдү кайта албадың.
Канчалык кыйкырып эрдерсең да
А бирок бетине айта албадың.

Табийгат сезип турду сезимдерди.
Ал аян сага мага сезилбеди.
Бир эки үчүнчүсү болбойт деп
Байкагың деп жатат го сени мени.

**«Кайран заман»**

Кайран заман кайда сенин багытың,
Кай адамды тарбияладың багыпсың.
Кай адамдын күнү тулуп кубанса,
Кай адамды күнү түшүп таарынттың.

Кайран заман болгондур жылышың,
Кагазыңда көп иштерди кылыпсың.
Кайыр сурап, тачка түртсө балдарың,
Көрүп алып, кайдан жүрөк жылысын.

Кайран заман болом дедиң эгемен,
Өсөм дедиң өскөндөргө теңегем.
Башын жапса калып анын этеги
Көпчүлүктүн башы чыкпайт жемеден.

Кайран заман өзүбүздүн бар дечи акчабыз,
Желегибиз бар, герб бар, башкабыз.
Ар чөлкөмдө болсо дагы кендериң,
Аштан дагы , ыймандан да ачкабыз.

Кайран заман өмүр басы түштүбү,
Кызмат, байлык өмүрдөн да күчтүбү.
Кокусунан чыгып калса ойлор бөлөк.
Көргөн күнүң түккө турбай бүттүбү.

Ошуң бөлөк, көлүң бөлөк , бөлөк таласың,
Бир орунду сексениңда талаштың.
Оозуңдан ырыскылуу сөз чыкпаса,
Эрчиген элди кантип багасың.

Айтылган сөз аткан окко теңеген,
Азыр ага козголбойт да делебең.
Тынбай эле иштеп анан жатсаң да,
Качкандай кут ырысың берекең.

Кайран заман карыларың бузулду,
Бүгүн деген эртең кайра бурулду.
Экөөсү ээринбеди, жалгыз бирикпеди
Агы кирип, кара иттер угулду.
Кайран заман мектепке базар алмаштың.
Сумка ордуна тачкаларды карматтың.
Билим албай калгандары мектептен.
Тономойлор, рекеттериң жармаштың.

Кайран заман кагаздарды салындың.
Кайран заман кагаздарды жамындың.
Жылуу төшөк түштөн кетпей
Ак шейшепти, ысык нанды сагындың.

Подвал болду корголоп жаткан жериң,
Төгүлгүн таштанды баскан жериң.
Көрүп туруп ойго түшпөйт.
Мындай жүрөк айткылачы кайдан келдиң.

Кайран заман көрбөй сенин агынды,
Шараптарың дайра болуп агылды.
Чылым деген балдар чегип кыздар чегип,
Наша менен апийимге малынды.

Кайран заман жүрөк келет желелеп.
Намысыңды абийириңди тебелеп.
Ашык дөөлөт баш жарбай,
Ыйман чиркин алкымыңды жеңе элек.

Ынтымактан көп болду урушу.
Жакшы кепти кыйын экен угушу.
Кол сунбайсың а бирок.
Түркүн чыгат сунушу.

**«Качан кыргыз»**
Сен кыргызсың болуп калса жеңиши,
Терип жеген анын дагы жемиши.
Кокусунан болуп калса тескери.
Кыргыз деген атты алар жеришти.

Сен кыргызсың байдын сөзүн сүйлөгөн.
Колунда жок бечараны сүйбөгөн.
Жаман бөлөк, жакшысы сен болсоң.
Эмнең кыргыз жалына күйбөсөң.
Өткөн сөздөн сен тандыңбы,
Бүгүн башка жол менен бардыңбы.
Бийликтин чаап камчысын
Сен бийликчил болуп алдыңбы.

Сен кыргызсың бийлик сөзүн сүйлөдүң,
Өткөнкү деп кебин анын сүйбөдүң.
Алмашкандай эчен ирээт кийимдерди,
Бышык ко кийинкин арабасын сүйрөрүң.

Мейли бергиң убаданы элиңе.
Мейли бул дүйнөдөн кемибе.
Ар нерсенин болот десе сурагы,
Жообуң кандай жараткандын кебине.

Биринчинин көтөрбөдүңбү желегин,
Экинчисинде бирге айттың жемесин.
Үчүнчүдө көнгөн адат калбады.
Арабасын тартып азыр келесиң.

Сен кыргызсың бир сөзүнө турбадың,
Акчалуулар болуп алган тууганың.
Сурабадың ала бердиң байкабадың,
Берерде сен неге колду сунбадың

Кылыч эле душманыңа сунулган.
Кылыч эмес тиш курчуду сугунган.
Ашказанга азыр турам баа берип.
Билбей турам ал эмнеге кубулган.

Кыргыз деген көрсөтпөдүбү төрүндү
Мейманыңа дайым мээрим төгүлдү.
Акыл айтып бата тилеп турчу эле.
Азыр чыгат ар бир ооздон сөгүнү.

Кары үйүн качан кыргыз курду эле,
Ал үйүндө кайсы кыргыз турду эле.
Кыргыз кызын кыргыз албай
Кыргыз кызы качан капыр тууду эле.

Кыргыз деген качан жапкан эшигин,
Тааныштырга чачып турчу кешигин.
Аш кылыптыр төөнү деп,
Дайым ушул кепти эшиттим.

Бир бүлөө бир боз үйгө батты эле,
Ал үйүндө ынтымакта жатты эле.
Кабат болсо азыр курган үйлөрүң
Экөө батпай ал үйдөн качты не.

Азыр кыргыз саткандыгын мактанат,
Той кылып күндө куруп салтанат.
Акыл айтат чалдай болуп жүздөгү,
Жумуш келсе артка качып жалтанат.

**«Өмүрдөгү үч тамга»**
Курамында үч тамга,
Бар окшойт күч анда.
Турмушуңда бул сөздөр,
Керек экен ар жанга.

Эненин сана курамын,
Үч тамгадан турарын.
Эмчек сүтүн актабай,
Карыз болуп турамын.
Төрдүн көркү болуп,
Узун өмүр сурадым.

Агарткан дагы жаканы.
Ачып келет капаны,
Кыз деген кымбат деп,
Жазылганы катабы.
Ачылсын багың деп,
Берели ага батаны.

Артта калса туягым,
Чынар болуп турамын.
Уул деген үч тамга,
Ыйман сага сурарым.

Мен болсом узун дарыя.
Сен тунук менин булагым.

Үчтөн дагы ата бар,
Таарынтпастан бата ал.
Ата сөзү ок болот,
Капалантсаң ката ал.
Дасторкондо көрк болуп
Кылымдан аша жашап кал.

Кудайдын да суроосу,
Аят анын бирөөсү,
Жаратканым жалгыз деп
Жүрөктө сактап жүрөлү.

Теңирге чыны арнаган,
Таза болсун жүрөгү.

Суу болот өмүр булагы,
Суу дененин курамы.

Соолубасын өмүрлөр.
Сууну сыйлап туралы.
Суу сыйлаган зор болор,
Сиңер жер буралы.

Ырыс алды ынтымак,
Ынтымак жокто чыр чыгат.
Караланып ак жагың,
Кете берет чыркырап.
Ынтымак болсо кут конуп,
Ар тараптан иш жылат.

Күч кубат бул дан болот,
Дандан барып нан болот.
Мунун баарын баалаган,
Акыл эстүү жан болот.
Айланган анан денеге,
Адамда кан болот.

**«Кудай деген»**

Кудай деген мурункудай туюлбай,
Келечектен үмүттөлүп угулбай.
Сөз жүзүндө таппай келсек теңдешти,
Жүрөктөрдө аят калды уюбай.

Алла деген ысыгы болбой кенедей,
Айта берет ар адамдар кенебей.
Кошо айланбай каның менен денеде,
Кала берди жүрөктөрдү желелей.

Кудай деген жөн сөздөй сезилди.
Чартылдатпай мурункудай сезимди.
Берген жанды өзү алат дечү эле.
Ал жандардын Адам эми ээсиби.

Кудай сөзү калдыбы бизге жарабай,
Куран сөзүн келебиз биз жага албай.
Акыл барда абайлабасаң пенделер.
Алып коет денедеги жарадай.

Кулагы анын уклай калат дедиңби,
Кудай өзүн ортого сала бердиңби.
Тобо кылып кармабай жакаңды,
Тууган же жердеш кылып келдиңби.

Жол киреңдин узактыгына карабай,
Тозок бейиш калды жарабай.
Түз эле эшигиңди каккылап,
Кабарлашып келе берет бу кандай.

Мухамбет деп пайгамбардын акыры,
Мусулмандар ал кишинин жакыны.
Жараткан айтты, жараткан берди десе,
Жетпей келет кай биринин акылы.

Таң сүрүп бара жаткан убагы.
Кудай берди мусулманга куранды.
Жаратканым теңдешсиз жалгыз десе.
Бизге келген ушул кебиң туурабы.

Адам бар дечи түрдүү ар кандай.
Кээси сүйлөйт барып өзү алгандай.
Маңдайына эгер барсаң сен калып,
Таза жүрөк сурабадың арман ай.

Айтчы жараткан бизге неге таарындың,
Ынтымактан ак жолуңдан жардымын,
Билимиңди күчтөп эгер бербесең,
Жардан алыс учурасың бардыгын.

Сезими жок сүйлөп калды бардыгы,
Билбейм алар өзүңө да бардыбы,
Кечирет да кайда барат дегендей,
Кетирдик биз неге сенин баркыңды.

Аллага жок эч бир жандын теңдеши,
Тууганы жок, жок дагы жердеши,
Тилдин даамын кичинеден кыскартып,
Алла менен талашпастан элдешчи.

Жараткандын көргөзпөстөн түшүмүн,
Жараткандын баркын неге түшүрдүң
Боорукер кечиримдүү десе берешен,
Билбейм кандай деңгээлде түшүндүң.

Жараткан деген бактыңа себепкер,
Жараткан болгон жаныңа себепкер.
Карылыкта бак дөөлөт төрдү берип.
Жаш кезиңде ден соолук деген белек бер.

Жаратканга жаман сөздү такпайлы,
Жараткандын куран сөзүн какпайлы.
Өмүр деген өзү алар аманат,
Өкүнбөгүң эскертип ал жатпайбы.

Куран тилин бөлөк тилге сатпайлы.
Тозок отко белчебизден батпайлы.
Бейиш деген мөмө терип жээгин деп.
Тандаганга эркти берип жатпайбы.

Менин эмес Сенин керек жардамың,
Мен өзүңсүз күйөө албадым жанбадым.
Баргым келет өзүң берген жол менен,
Адамында адаштырбай көзүңдү да албагын.

**«Жаратхандан тиледим»**
Башы сенсиң болсоң деймин аягы.
Анан укчу оо жараткан баянды.
Мурункудан азыр чиркин керексиң,
Кырда экен өмүр ылдый таяды.

Сага жок жандын теңдеши,
Сенде эмес менде болду кем жери.
Билермансың, билгичсиң.
Кечир мени оюм менен элдешчи.

Түшүндүрө албайм бирок билесиң,
Үмүтүм чоң сенден гана тилешим
Бүт ааламдын жалгыз ээси деп,
Өңүмдө эмес түшүмө да киресиң.

Сен жараткан мен болсо пендемин,
Кээде адаштым жолуңдан сенделдим,
Сен боорукер кечиримдүү сөз жеткис,
Басып турсам ойлорума сен келдиң.

Сен касиеттүү а мен болсо бечелмин,
Сыноо бердиң тайгаландым кечермин.
Зээн кейиди шылтоом ушул.
Кээде ичип, сөзгө анан чеченмин.

Сен аалам ээси, а мен болсо адаммын,
Түс, кээде кыйшык кадамым.
Белим ооруйт турмуш деген ошо экен,
Кээде анан болуп кетет чатагым.

Баш айланткан ийгиликти сурабадым,
Мен сураганды сен эмнеге суна албадың,

Баш айланып бечел келет деп адамдарың,
Жакпай калдыбы же менин сугалагым.

Мен деле жамандардан качсам дедим,
Жыргалдын даамдарын татсам дедим,
Алла жолу түбөлүк деп адашпай.
Ошол жолдо татыктуу басам дедим.

Курсак тойсун куспайынчы,
От жагып биреөнү буспайынчы.
Түрдү сөздөр көбөйүп бара жатат,
Өзүңдүн бөлөктү укпайынчы.

Эмгек бер,  жалкоо болуп эринбейин,
Арам жеп, кыймылдабай семирбейин.

Татыктуу ата-эне адам болуп,
Жетелеп неберени сейилдейин

Ынтымак бер ызы чуулар жолобосун ,
Бөксө жери бөксөбөстөн толо болсун.

Үмүттөнгөндөр бар чыгар актайынчы,
Бөксөртүп бөлөктөрү тонобосун.

Ак эмгек адал болуп татып даамын,
Барга көөп, биреөнө катылбайын.
Алла жолу жоопту пайдасы көп,
Арам дүйнө, тескериче сатылбайын.

Там тум бастым жүгүрбөдүм.
Бекер деп дүйнөгө жүгүнбөдүм.
Уул кыз бар уксам деймин каткырыгын,
Ушул болду дүйнөдө үлгүргөнүм.

**«Мурунку ай»**
Заманды кимдер түптөдү,
Армандар көп бүтпөдү.
Муштум этти оңдобой,
Бөлөк заман күтпөчү.

Жер мурунку айдагы,
Жаз, күз, кыш жайдагы.
Бары болсо мурунку,
Келди заман кайдагы.

Кетти деп заман пейили.
Бирөө айтып кейиди.
Өз жазаган айыпты,
Көрбөй алар жээриди.

Кыймыл чыны тездеди,
Жүрөктөрдү сезбеди.
Заманбы же адамбы,
Ойлой турган кез келди.

Жонунда түркүн чапаның,
Дагы түрдү тапаның.
Мода кууп кийинип,
Айтчы неге капасың.

Дандыр, токоч, бөлкө жеп,
Андан барып көмкө жеп.
Нандын жебей карасын.
Таштандыга төксө эп,

Чайды эле карачы,
Көк жашыл карасы.
Ысык муздак жана
Жетпей калат санагы.

**«Тийсин деп жарыгы»**
Кийинкиге тийсин деп жарыгы,
Дүйшөнкулуң танк алдына жарылды.
Батыр атка дагы кошуп баатырды,
Керимбү апа алтын жылдыз тагынды.

Билесиңби ажал андан жалтанып,
Жашасын деп арт жагында калк калып.
Төшүн тозуп ажалдын да оозуна.
Чолпонбайың болуп берген калканыч.

Азыр болсо ал тизмеден жаңыласың,
Качканга ичкенге сен кабыласың.
Жүз жылда жоголушуң мүмкүн десе,
Андан бат кызыл китепке жазыласың.

Жарашпаса да жабылып кийбедиңби,
Тарыхты эски деп чийбедиңби.
Калбагансып кыргыздын жигиттери.
Каалашып чет жакка тийбедиңби.

Байдалда, Райхан, Мидиндериң
Жаштардын тизмегине илинбедиң,
Шарылдап тоодон аккан таза булак.
Батыштын шары менен киргилдендиң.

Батыш деп батыш карап ээрчилип.
«Сынган кылыч» сына берди кертилип.
Музейден орун алып комуздарың,
Батыштын күүсү калды чертилип.

Куйручук , Атай, Эстебесиң
Коюлбай аларың эстен кеттиң.
Майкылың башкаларың кошулса,
Кыргыздын бир ырына кайдан жетсин.

Мейли атагы айга жетсин,
Талапта алда анан нетсин.
Бардыгын бириктирсен да.
Кыргыздын бир күүсүнө кайдан жетсин.

Кыргыздын чандыңбы каймак сүтүн,
Бөлөктүн коласына кайнап буттүң.
Даамдарын койсоң дагы бириктирип,
Боз бээнин кымызына кайдан түтсүн.

**«Куштар эми учпады»**
Сайрап учуп куштары,
Сайран эле туш жагы.
Курт кумурска көбөйүп,
Куштар эле учканы.

Бадалдай болуп учтары,
Баягы куштар учпады,
Токой болбой тонолуп,
Турса бир эч Ким укпады.

Мурун жүрсөк кубанып,
Өчкөн өң ак кубарып,
Тиккендин чиркин ордуна,
Теректер жатат суналып.

Таштай берип ашканды.
Толуп кеткен таштанды.

Көрүп алып бардыгын.
Каректерден жаш тамды.

Замандынбы талабы,
Токойлорун таланды.

Дагы бир кыштан чыкпастан,
Токоюн талаа болуп калабы.

Токой болбой тонолду,
Токой барып жоголду,
Тосуп турган кырсыктан ,
Тосоту жок оңобу

Токойдон жазып чериңди,
Токойдон жемиш терилди.
Орду бар да өзү жок,
Ойлорум неге чегинди

**«Мен кыргызмын»**
Мен кыргызмын агып турат канымда,
Жаман сөздөр батып кетет жаныма.
Чындык деген жеңип кетер акыры,
Сөздөр тийсе чучугуңа таарынба.

Кыргыз десе өпкө тышта бүткөндөй,
Бүт мактоону кыргыз өзү күткөндөй.
Сөзү менен айдан ашып кетсе да,
Эмгегинде ишти жүрөт бүткөрбөй.

Кайран кыргыз тилин менен мактандың,
Жумуш менен сен бөлөккө жакпадың.
Өсүп жатса бөлөк элдер алдыга,
Ал агымда айтчы неге акпадың.

Чындык турса чычаладың албадың,
Чындык жакка колду сунуп барбадың,
Жабыша берип эмгегине бөлөктүн,
Калар бекенсиң тиштегилеп бармагың.

Кайран кыргыз тилди неге алгансың,
Алган тилин бир өзүңө жалгасын.
Шашкалактап аштын ойлоп амалын.
Тилге жараша өнөр неге албадың.

Балбаның көп бирок кайда атагы,
Балбаның же үйдөн чыкпай жатабы.
Желбиребей дүйнөгө желектериң,
Сандыктарга көрсөтпөстөн катабы.

Үйдөгү иттин узун куйругу,
Үйдөн алыс бакыт бизге буйруйбу.
Туура жолдо тайгаланбай түз жүрүп,
Даамын алар алыс жердин туйдубу.

Жараткандын бизге болуп буйругу,
Бейиш жерин кайран кыргыз туйдубу.
Баркы болбой колдогу алтындын,
Же кыргызды кудай өзү урдубу.

Тоолор көп деп каза берип чуңкурду,
Ага эмес башкага коротподуң булчуңду.
Адам эмес тоолор ага чыдабай,
Асман ыйлап, тоолор анан булкунду.

Дарты катсаң өлүм кылат ашкере,
Арам окшош андайларды аш дебе.
Чындык ачуу, бирок бардыр келечек,
Жегендерди курсак дегин баш дебе.

Мен кыргызмын аным чындык танбаймын,
Кооз сүйлөйм, чаңдап турат таңдайым.
Аны билдим, оңолууга шашпадым,
Сөзгө күлүк, а соко тартса тайдаймын.

Баладай там туң басып арыштарың,
Эмгектен куруп сен жарытпадың.
Эки доо сураса жаның чыгып,
Кай жерден токтор экен карыздарың.

Белди көрбөй бере бердиң убаданы.
Кайран Эл ал убадаңды сурабады.
А бирок бөлөк элди мекендетет,
Абайлабасаң кекиртектин сугалагы.

Теле көрбө, радиону укпагың,
Мактангандан келет уктагым.
Далил менен бөлөктөрүң мактанса.
Ал бөлөккө билем сенин жукпасын.

Кыргызды кыргыз албай калбадыбы,
Кыргызың чет өлкөгө барбадыбы.
Бир эле жан менен өтсө атаң,
Баштарга башты кошуп албадыбы.

Жетишип жаткансып бөлөктөрү,
Шараптан, нашадан жөлөк көрдү.
Айыкпай тешилип өпкөлөрүң.
Кыргыздар мына ушундан өлөт көбү.

Дагы көп толуп жатат бөлөктөрү,
Сүйкөнүп түз жолдон жөн өтпөдү.
Кытайга теңелгенсип кыргыздарың,
Аборт кылып ченешип төрөттөрү.

Айтчы неге ойгонбой намыстарың,
Ал намыстан эмнеге алыстадың.
Биздикилер бүгүнкү өпкө десе,
Бөлөктөрү карашат алыс жагын.

**«Кел жаңы жыл»**
Кел жаңы жыл ачып бакыт эшигин,
Чачып ыйман ырыскынын кешигин.
Ар үйдө наристенин үнү чыгып,
Терметсин күткөн эне бешигин.

Кел жаңы жыл жүрөктөрдү тазалачы,
Ыркты бузган арамдарды жазалачы.
Ар үйгө берекенин нурун чачып.
Коломтого токчулуктан казан асчы.

Чоңдордун кыса келчи курсагын,
Айта берип ошондон суусадым.
Кур каткырык басып барат.
Чын күлкүгө мен кусамын.

Кел жаңы жыл төрдү берип карыларга,
Элечек эне болуп жаныңарда.
Көрсөтүп узак жолду балдарыңа.
Бейкуттук өмүр берип баарыңарга.

Кел жаңы жыл машиналар кулабасын,
Ынтымак ырыс ачып улагасын.
Ар үйдө токчулук береке толуп,
Калганын ар адамдар улап алсын.

**«Кечирим сурабапмын»**

Кечиргин кечиримди сурабапмын,
Ага күнөө менин дагы сугалагым.
Кур намыс, байлыкты тилей берип.
Бөлөктү мен өзүмдөн кубаладым.

Кечиргин намазыңды суналбадым.
Шарап жуттум ал менин сугалагым.
Мечитте бакыт ырыс десе,
Беш мүнөт ал жериңде тура албадым.

Кечиргин бербедим орозо битириңди,
Айтпадым алкышымды пикиримди.
Чайханага кире бердим нечен ирет,
А мечитке эсимде жок бир кирдимби.

Кечиргин отуз күн орозоңду кармадымбы,
Же сундумбу бечарага жардамымды.
Орозо битириңди койгун десе берип,
Ошол дүйнө кызык болуп албадыңбы.

Кечиргин ачкың десе жаппадымбы,
Бакытты бөлөктөн издеп жатпадымбы.

Эмнегедир эске түштүң оо жараткан,
Өзүңдүн аятыңа мен ачкамынбы.

Кечиргин жүрөк жабык желеледим,
Өзүм артык бөлөк жакпайт жемеледим.

Адам экен унутуп эстен чыгып оо жараткан,
Кээ кээде келет бөлөктү тебелегим.

Кечиргин тилебедим ыйманыңды,
Мечитте жүрөгүмдөн ыйладымбы.
Көп эле күндөр бош жүргөнсүймүн.
Жаратканга беш мүнөт сыйбадыңбы.

Кечиргин кооз экен, байлыкты тиледим,
Жашоо барда керек деп билемин.
Талаптарды жаап турса болгону.
А бирок сен жалгызсың тирегим.

Кечир дагы жетпей калды санагы.
Толо берди үстүлөрүнө күнөлөрүм жанагы.
Ээ жараткан өзүң болбосоң себепкер,
Ошол бойдон күнө толуп калабы.

Кечир дагы жанга кылса кыянат,
Беттеримде жазылгандыр сыялап.
Кагаздарда кыялымда калбасын,
Кудуретим чыгарайын тыянак.

Кечир, кечир, кечир дагы кечиргин,
Кечирдим мен оюмда жок эч кимиң.
Максатым бар коюп койгон алдыга.
Өмүрүмө анан барып кеч киргин.

Кечир дагы тийип калды тилдерим,
Турмуш дедим убагында билбедим,
Кайран адам чабал экен көптөргө,
Түбөлүккө жүрөк менен биргемин.

Кечир дагы күнөө эмес түгөндү сыябыз,
Бул күнөөнү кантип биз тыябыз.
Керек болуп азыр турсаң сүйлөшүп,
Эртең эле биз кайрадан жыябыз.

Кечир дагы алыстаба жакында.
Аяттарың тилдеримде шакылда.

Жүрөк бир өзүнө кубанып,
Жаратканым акыл кошуп акылга.

Кечир дагы тоюп жүрсө курсагым,
Көз тойбоду сурай берип суусадым,
Турмуш деген шылтоо экен кантейин,
Тайгаланып төмөн түшкөн убагым.

Кечир дагы өмүр таттуу окшойбу,
Бар өмүрдө жалган жагын кошпойлу,
Намаз жолу татаал бекен билбедим.
Болбосо көп убактарым бош болду.

**«Тогуз Тором»**
Тергим келди кымбат сөздүн түрлөрүн,
Тогуз Тородо мен өскөмүн бүрдөдүм.
Теңегим келет бейишине болбосо,
Тоолор экен деп жүрбөгүн.

Тоолор басып, тоолор улайт учтарын,
Тоону бөлөк эңсеп ага учпадым.

Тоо койнунан агып түшсө булактар.
Тоо жазданып анан келет уктагым.

Мөңгү басып тоолордун уч жагын,
Көктү самап учат анда куштарың.
Көпкө кетпей келген мейман,
Ыраазычылак бөлөк кебин укпадым.

Берекени тоолор катып жыйнаган,
Тоо койнуна жаман сыпат сыйбаган.
Алтын чөйчөк аталып менин жерим
Көөнү түшүп канча адам кыйбаган.

Тогуз Тором канча жанга сепилсиң,
Канча жандар кызмат жактан серпилдиң.
Жалгыз келип кайтарында чубашып,
Жердештердин сөздөрүнө кепилмин.

Узарып кокту колот жылгаларың,
Жан баккан өсүмдүктөр ыргаласың.
Чыгынып бир көрбөсөң мекенимди,
Бул дүйнөдө бар бакыттан кур каласың.

Тогуз Тором бейишимдин жарымы,
Ырыскынын толо бар бизде агымы.
Кен байлыкты ана казып биздин Эл.
Тийип турат ынтымактын жарыгы.

Алмашпас менин жерим ардагым,
Жан дүйнөмдү сага келет арнагым.
Сен өстүрүп уул бердиң кыз бердиң.
А менин ыр болду сага жардамым.

Ырыскыңды ар ким сенин ташыды.
Дагы толо дагы тиет ашыгы.
Даамын татып , кетеринде келгендер,
Көпкө айланды ыйламсырап жашыды.

Кетирбейт тузу оор даамын татсаң,
Өзгө жабык бөлөккө коюн ачкан.
Мейман дос салтты сактап
Келгенге ушул болсо керек жакан.

Байкап биздин жердин деминен,
Сынчылардын уксак анан кебинен.
Кутка толуп чөйчөктөрү чайпалып,
Тогуз Тором алтын чөйчөк дедирген.

Карачачка кандай сөздөр жарашат,
Карачачты жомок дагы талашат.
Акылга бай биздин кызды
Алтын чөйчөк Тогуз Тором жаратат.

Тарыхта бар биздин алп Тобокту.
Далил турса ошол дагы жомокпу.
Кыргыз эмес баасын берсе кошунаң,
Жалган деп менин сөзүм коетпу.

Жаркынбай да Алтын чөйчөктү жердеген.
Баатырларың ага дагы тең бекен.
Санап турсаң санактары түгөнбөй,
Бөлөк жерге бөлөк элге бербеген.

Бирок даңкы алыс неге кетпеди,
Тоодон ашпай турат азыр  чектеди.
Жылдыз болуп жанып келген жарыкты.
Жазып турсун дүйнө тарых беттери.

Тоого окшоп берип койгон пейилди,
Ал пейилге айтчы жандар кейийби.
Мейман тосуп мейман узаткан,
Мен улайын Тогуз Торого кебимди.

Мейман тозсо кошуна айыл суктанган,
Бул кадырды бөлөк элдер укпаган.
Коюн союп ыр ырдашып бийлешип.
Кетер мейман түнөп анан уктаган.

Туугандар чакырышып тамакка,
Койду союп устакан салып табака.
Күнкү конок, түшкү конок, түнкү конок
Тогуз Тором пейли кенен санакка.

Ырга сайып, бийге сайып байгесин,
Шандуу олтуруп бий бийлешип шай кетсин.
Даам татып алкыш айтып келиндерге,
Шашылбастан анан барып жай кетсин.

Тандашып элден бөлүп калыстарды,
Калыстар бааны берип жарышпады.
Коштоосунда бийлешип музыканын,
Ашкандыр а бирок калышпады.

Куда алды, Тайке алды, жээн алды
Мейман алды, карап турган Эл алды.
Бий аянты шаңга толуп,
Үй ичи убактылуу ээн калды.

Окуп алып ашкор экен дебегиң,
Мен айтайын дасторкондо жегеним,
Өзүң эмес көргөндө көзүң тоюп,
Кол адашат кай сунарым дегеним.

Алыңыз деп чаап турат өпкөсүн,
Айды кармап, көтөр көңүл чөкпөсүн.
Арнап турат чаап өпкөсүн,
Алып ийчи бекер өмүр өтпөсүн.

Идиш аяк, килем кийим кечесин,
Дагы толо оокат буюм нечесин,
Бийге саят, кулагына кыстарып,
Жерди түзөп, дөң жерин эзесиң.

Күйөө бала отун жагып казанга,
Келин келет тамак ашын азарга.
Түркүн тамак очок оту өчпөстөн,
Тогуз Тором темасы көп жазарга.

Келин алсаң эне салат жоолугун,
Өпкө чаап кылат кыргыз жооругун.
Бата алып эли журттан айылдан,
Тайын соет, коюн соет, соет дагы боругун.

Чөбү бийик төрт түлүк мал семирген,
Черди жазып, атты минип теминген,
Дартка даба чөптүн көп түрлөрү,
Тоолор берип, тоолорумда терилген.

Бейиш кала берсин бейиштей,
Жаман жагын көрүп жүрөк кейитпей.
Толгон чөйчөк толуп турсун төгүлбөй.
Булгап анын берекесин жеп ичпей.

Таза болуп кокту колот булуңу,
Кайсы көйгөй күчөтөт бугуңду,
Көгөртөлү чырпык сайып жеримди,
Эгер болсоң Тогуз Торо кулуну.

Тоо жеримди тоодой кылып сактайлы,
Токой булгап таштанды кылып жатпайбы.
Эс ал мейли тазалабасаң артыңды,
Алтын чөйчөк мусор болуп калбайбы.

Тогуз Торо сенин менин мекеним.
Өстүргөн дагы өстүрөт нечени.
Даамын татып колду ага сунбасаң,
Билгизет ал сенин мерээз экениң.

Ташты алгын жолуңдан чалынбагың,
Көк шибер чаң жерге кабылбагың,
Көктөсүн салым кошкун мерез болбо,
Таап жатып жеримдин табылгасын.

Алтын чөйчөк алтын бойдон сактайлы,
Алтын алып булгап аны жатпайбы.
Келген мейман, кетер мейман
Чөйчөгүмдүн берген ашын актайлы.

Бизден кийин дагы келет далайы,
Жазылган ага бактысына таалайы.
Чөлгө айланбай бейиш аталып,
Гүлдөшүн биз келечегин каалайлы.

**«Даректын арманы»**

Жолуктум даракка мен кокусунан,
Корголоп ысык күндүн соккусунан.
Байкадым мен эмес ашык болуп,
Сайраган булбул кушту чокусунан.

Дарак турат көрккө бөлөп айлананы,
Жел барып жүзүмдү менин аймалады,
Убактылуу турмушуң унут калып,
Уктап кеттим угулбай сайран дагы.

Шак этип үн угулду кулагыма,
Азыр деген алдуу күч убагымда.
Адам деген кызыксыңар айтып койчу,
Жыргайм деп калбасынчы убалыма.

Мейли кел түзүп алып шартыңарды,
Көлөкөмө тасмал жай тартынбачы.
Олтургун тааныш менен шаракташып,
Ойлончу залакасын артыңарды.

Жерди оюп очок деп казбадыңбы,
Суу куюп, казаныңды аспадыңбы.
Жаңыдан башталыптыр билбептирмин,
Шорлонуп мен өңүмдөн азганымды.

Тумчугуп ошондо жалбырактар,
Салаңдап шуулдашып жалдырашар,
Кошулуп армандарга сындырышты
Бутагымда сындырып жагып тынар.

Бошотуп идиштерди, арчылды кабыктарым.
Таштандыга толуп айланам жабыркадым.
Бул жорук далай ирээт кайталанып,
Адамзат ойлонбойт эмнеликтен таңыркадым.

Дагы көрдүм кызы менен жигитти,
Сүйөм дешти жүрөктөрүн жибитти.
Тийешем бар кандайлыгын билбедим.
А менин денеме жүрөктөрүн тилишти.

Жашыл эле айланам барып кубарды.
Түтүн менен шарап менен сугарды.
Бирөөнө күлкү мага ый болуп,
Келген мейман ойлонбоду кубанды.

Жаңы элем бат эле барып эскирдим,
Аткан таңга анан барып кеч кирдиң,
Кирген күндүн бар экен деп атмагы,
Ойлонбодуң аны дагы эч бириң.

**«Талаадагы бөтөлкө»**
Анны билбейм мен кубандым
Анан чалды кулагым,

Тала жерде калдым эле,
Таалайымды тагдырымды уладың.

Биринин жетпей калды акчасы,
Анан кирди алганга башкасы.
Закускасын кошуп алып
Магазинден чыгып алып шашпады.

Мен да түштүм кыздар түштү жана да
Анан учтук артта калды калаа да
Машинанын үнү гана жаңырып,
Үн сөз жок болбой калды тамаша.

Келер жерге келген анан окшоду.
Баштык кармап болбой бош колу.
Сынат дегендей аяр кылып мамиле.
Даамдуу тамак, алар жакка кошподу.

Ичимде бар, анда такыр жок эле,
Ал ачка а мен болсом ток эле.
Моюн толгоп стаканга куюлду.
Кана кыздар баштап калды шок неме.
Тост айтышты, каалоо тилек сүйлөдү,
Сөздөр жакпай бирин бири сүйбөдү.
Кирген кезде ичимдеги ичине.
Улам күчөп каткырганы күлгөнү.

Анан барып ыр ырдышты бийлешти.
Кээде тийип тилдерин тилдери.
Улам улам кайталанып куюлуп.
Башка даамдар колдоруна тийбеди.

Кыялдары анан калды өзгөрүп,
Кете бердим улам улам бөксөрүп.
Мени таштап басып кетти экөөлөп,
Караандарын байкабадым көз көрүп.

Билбейм алар эмне жумуш кылышты.
Кулак укту бирок үндүү тыбышты.

Мурун болсо ортосунда аралык,
Андан кийин катарлашып жылышты.

Мен бошондум жакпай калды окшоду,
Кармап алып башты ылдый козгоду.
Тасмал үстүндө турчу элем,
Мени эми ал катарга кошподу.

Ага тийип менин дагы керегим,
Ал алды каалаганда белегин.
Таштап анан басып кетти талаага.
Түнөк болуп ушул жерде келемин.

Сага ырахмат толуп кайра барармын,
Мен издебейм билем өзү табарын.
Айтып койчу жетпегенге жеткирип,
Мен бөтөлкө сактагыч товармын.

**«Ал орун»**
Орунду мурас кылып калтырбады,
Анда калчылдап калтырады.
Иштегин бере бербей убаданы,
Коесун анан качан калпыңарды.
Тоголок деди элим бакыт деген.
Олтургун креслодо балкып денең.
Абайла тоголок ишин кылат,
Ага калкым ушундай баасын берген.

Жалпак болот жабышат мээнет деген.
Мээнет менен анан ырыс келет деген.
Жабышат, тоголонбой түшпөйт дагы,
Ал мээнет мезгилдерди жеңет деген.

Ал орун момун элдин караштары,
Ал орун көп элдин жараттары.
Аккан жашты токтотпосоң,
Ал орун бир өзүңө жарашпады.

Каршылык жок мейли мурастагың,
Кайран Эл кайыр анан сурашпасын.

Миллион жегендер бийик болсо,
Тыйынды жегендерди куратпасын.

Ал жерден көптөр аш тапкандары,
Ал жерден үй бүлөөсүн баккандары,
Ишеним көрсөтүштү анан сизге
Токтосун элимдин аккан жашы.

Орундалсын ар адамдын тилектери,
Тиленсе тилектер тиет деди,
Адамдар толкун болот абайлагың,
Тийип жүрбөсүн ал адамдын билектери.

Ишенгин ал орунду талашпасмын.
Билемин ал орун мага жарашпасын.
А бирок үлүшүмдү кошкондурмун
Ал орунду жаман көздө карашпасын.

Кеткенде ал орундун калыстыгы,
Көбөйүп дос тамыр тааныштыгы.
Эр эмес креслонун баасы чыгып,
Ал орунду элимден алыс кылды.

Ар кесипчи алып кетпейт кесибин,
Акчаң болсо бир орундун ээсисиң.
Акчалуунун баасы чыкты ишенгиң,
Анан анын баалаптыр мээсин ким.

**«Кайра түштүң эсиме»**
Ээ жараткан кайра түштүң эсиме,
Жан экенбиз биз ушундай эзилме,
Жүрөктөрдү тазалап желелерин,
Жаратканым кирсе дедим сезимге.

Ээ жараткан алкым эмес акыл бар,
Ак эмгектен жаралган акым бар,
Ортобузду алыстатпай бузуктар,
Кадам койсом сен да жакын кел.

Күндө келет бир өзүңө сыйынгым,
Тарткынчыктап эмнегедир кыйылдым.
Түркүн ойлор кирип чыгып акылга.
Ишен бирок жалгыз өзүң ыйыгым.

Ойлоп турсам оюм бирөө талашты.
Ал ойлорум жетпесин каалашты.
Кошуп ойго ийгиликтерди кичине,
Жакпай турат тагдырымдын баалашы.

Дүйнө көрдүм карап калдым суктандым.
Дүйнө айынан көп сөздөрдү уккамын.
Муктаждыктан пайда болсо бул суроо,
Бар дечи дүйнө а бирок азыр жукамын.

Дайым басып өйдө карап жайдары,
Күлүп турчу тирүүлүктү жай барбы,
Бакыттулук жалгыз гана динде деп.
Жалгыз жүрөк бир өзүңдү тандады.

Мен сурабадым кымбат түркүн араба,
Мен сурабадым үйлөр дүйнө жана да.
Келгим келди үмүттөрдү актагым.
Кылганыма болгучакты оо дүйнө тараза.
Аным ырас түшкүм келди айдагым,
Айланага күлө карап жайдарың.
Түшүп калса жакшы саналаш адамдар,
Көрсө экен деп көп адамдар пайдасын.

Уул кыздын тойсо дедим курсагы.
Кийим бүтүн ак шейшепте турсачы.
Балалыктын татып даамдуу даамынан.
Бакыт даамын сен аркылуу сунсачы.

Даңазалап жалгыз өзүң мактайын,
Мен тамчыласам сенин мага акканың.
Максат менен жараттың да мени да.
Оо жараткан мен максатым актайын.

Сен эгеси асман жердин ортосу.
Кыяматта жаман жакшы сортточу.
Чексиз алкыш бир өзүңө буйурсун.
Пендеңмин жаман атка кошпочу.

Сурап калдым кошунамдан кокустан,
Жетпей турган чыным айтам жоктуктан.
Пендебиз да карыз болуп айла жок,
Суранасың каары тийди соку уккам.

Туш болдум анан жаман абалга.
Анан барып тарап кетти абага,
Ага да бер мага да бер кечиргиң.
Оо жараткан каарың абайла.

Таланттарга талант кошчу суранам,
Бир өзүңсүң бүт денемди сугарган.
Келген жүрөк бүркө кайра кетпесин.
Бул турмуштан тарткан ушул убарам.

Кечир анан бүтпөйт менин күрөшүм,
Даңазалап айтам Алла сүрөөсүн.
Эгер Алла кирсе сенин жашооңо,
Ошол Адам кайдан анан жүдөсүн.

Намаз окуу ал бейиштин ачкычы,
Садака кыл ал да бейиш баскычы.
Дабат кылгын Аллах жолун мактагың.
Ал мусулман момундардын жакшысы.

**«Кармап алып коргошун»**
Денең менен кармап алып коргошун,
Денең менен намыс элдин коргодуң.
Жатып калсаң жер кучактап түбөлүк,
Жаратканга бара жаткан жолдосун.

Айтып карап өйдөгө шартыңды,
Албай алар койбодубу катыңды,
Атат деген ойдо жок такыр эле,
Ак үйгө анан алар агылды.

Алкымдын тыя албай сугалагын,
Акылын бөлөктөрдүн уга албадым,
Алгандын болот деп бергени,
Айланаңа айырмасын сунна албадың.

Калың элди адамга теңебеди,
Калыс айтса кугунтуктап жемеледи.
Санын айтып малга теңеп,
Сапатын эске албай келе берди.

Бийликти берген өмүргө теңебеди,
Бийлигиң бөлөктөрдү жемеледи,
Башында жакшы өңдөнгөн жүрөк,
Бара бара желе басып желеледи.

Акты көрүп туурасын айта албады,
Ал айтса көбү аны кайталады,
Айткандар чындыкты өйдө карап,
Алар жатат кучактап как талааны.

Кыргызда көп бекен сексен өмүр.
Келечек үмүттү сепкен өмүр,
Коргошун көсөп өтүп жүрөктөрдү,
Кыргыздын кыраандарын кескен өмүр.
Кыргызда көп бекен токсон өмүр,
Коргошунга жүрөктү тоскон өмүр,
Келечек жашаса деп эркиндикте,
Кагышын токтоткон соккон өмүр.

Төгүлтүп бей күнө жашыбызды,
Тартып алган табакта ашыбызды.
Токтотту токсон өмүр,
Теңирге берип алар жаныңызды.

Алло десе алышып алтымышты,
Анан барып жарыкка талпынышты.
Жалтыраак өң көрүшсө кайрандарым,
Ала берип анны да салт кылышты.

Карачы кайран өмүр кыйылганы,
Көрсөткөн кыргыз элге сыйың албы,
Коргошунга тосушуп жүрөктөрүн,
Кылышат муну кыргыз кыйындары.

Бала көрбөй атасынын мээримин,
Балалыктын таттуу даамынан кемидин,
Беттеринен агып түшсө тамчылап,
Бооруң ооруп бети жокко кейидим.

Боздоп калды бирөөнүн да жубайы,
Кулап түштү курган анын дубалы,
Ажыраса анан кантет түбөлүк,
Боздогондун кимге тиет убалы.

Бирөө болчу үй-бүлөөнүн тиреги,
Бирөө болчу коргочусу билеги.
Келечекке бирөө берсе өмүрүн,
Кыргыз элим ал эрдикти билеби.

Элим билет түбөлүктүү эсинде,
Өчпөс кылып ой калтырды сезимге.
Унут калат төбөлдөрүң бийлигиң,
Дүйнө байлык кызматына эсирсе.

Жактырбай алар деген жаман атты,
Жашоого калтырган аманаты,
Арт жагым жашаса деп бактылуу,
Алардын өлөөрдө берген анты.

Бийлик алды жалааны элге жапты,
Бийлигиң бийиктесе белге чапты.
Кыраандары болбосо сексен өмүр,
Канчага дагы жээшмек белен ашты.

Келгин деп эсиңерге талап койдуң,
Коргошунга бир жанды баалап койдуң.
Кан жаткырбайт элимдин кеби ушул,
Кийинкиге анан дагы сабак болсун.

Тынч жатсын токсон өмүр козголбосун,
Бекерден бечералар соттолбосун,
Таттуу тилди эмизбестен калайыкка,
Колдоруң кызмат менен бош болбосун.

Тынч жатсын кеткен өмүр шейиттериң,
Тынч жатсын козголбосун кейишпесин.
Айыкканда мезгил өтүп жараларың,
Ак үйгө атышканы келишпесин.

Эмгеги бекердей сезилбесин,
Эмгекке орду менен ээси келсин.
Болотко кыйылган токсон өмүр,
Бекерге дагы өмүрлөр кесилбесин.

Ал эрдикти эмнегедир улабадык.
Алардан ыраазычылык сурабадык.
Боздогон жаштарды унут кылган,
Болотко биздеги сугалактык.

Эсиңе анан дагы түштү бекен,
Атасын карап дайым күтчү элең.
Мөлтүрөп агып түшкөн жаштан көрө,
Жалтырап күткөн дүйнө күчтү бекен.

**«Ортолору суюлду»**

Жоокер баскан жоокерлердин идерин,
Көпкө карап , көпкө окуп издедим.
Кан төгүлгөн кылган эрдик баскан жол.
Жаңырбасын , эстейм бирок тизмегин.

Ал жоокерлердин ортолору суюлду,
Ал жоокердин ыры бүгүн угулду.
Ал ырлардан жүрөгүмдө көзүмдө,
Ал жоокердин эрдиктери туюлду.

Ышкырышып учуп өтүп октору,
Азыр көргөн жолдоштору жок болду.

Кандар агып дайра сымал,
Мына дагы жарадары топтолду.

Мына анан оңдон бирөө кулады,
Дагы бирөө ары жактан улады.
Снаряддар бөлүп жарып жандарды,
Согуш талаада дагы көптөр сулады.

Алабыз деп душмандардан кектерди.
Өткөн солдат өмүрлөрүн чектеди.
Бир котелдо, бир окопто олтурган,
Ар бир жандын элестери дем берди.

Чакырбадык бирок келген өздөрү,
Адам көрбөй бөлөктөрдү өзгөнү,
Курал сунган мына ошол куралдан.
Азыр турат ошол душман өлгөнү.

Ышкырышып ажал башта ойноду.
Өч алабыз мекен коргоо ой болду.
Өлүмдөн да намыс бийик аталып.
Ар адамда намыс ыры ойгонду.

Ал күндөрүң ойго дагы келбесин,
Жаратканым ал күндөрдү бербесин.
Күбө болгон ошол күнгө тозокко ,
Ал эрдикти жарактандар жердесиң.
Чоюндарың жалын бүркүп чабышты,
Самолеттор кубалашып жарышты.
Ажал аңдып октор учуп төбөдөн.
Кенен дүйнө кушурулуп бараттытты.

Баш ийели ал мезгилдин салганы.
Өмүр берсин катардагы калганы.
Ушул күнгө келечекке жеткирген.
Ата бабанын эрдигинин салмагы.

Тозок оту алоолонду жагылды.
Далай келин кара жоолук салынды.

Машак терип талааларда наристе
Жалпы элдин кошкон алар салымы.

Андан бери далай мезгил агылды,
Алып кетти далай жанды агымы.
Эстеликтин жазуулары эскерип.
Өчпөс оттор эстеликке жагылды.

**«Ошол күндү чакырдым»**

Артты көздөй дайым келет кайрылгым.
Себеби мен жаштыгымдан айрылдым.
Белим ий деп ооруу тартса этектен.
Жаш кезимдин өткөнүнө кайгырдым.

Өтпөчүдөй сезилгенин карачы,
Күнү ойлоп , түн мезгилде тарачу.
Мезгил экен жаштыгыңды каарыткан.
Ойлор болот сооротконсуп арачы.

Артты карай кылчайгансып бурулдум,
Бала элем ата болуп кубулдум.
Наристенин көрүп туруп кылыгын.
Жаш кезимдин үнү анан угулдуң.

Далай бульвар көчөлөрдү аралап,
Ал кездерде сүйүү бизде жаралат.
Токтогондой ошол мезгил убакыт.
А бирок мезгил ишен шар агат.
Ошол күндү ошол айды чакырдым,
Артка эмес мезгил жылат акырын.
Аста басып , дүйнө топтоп байкасам.
Карылык болгонсуйт анан жакыным.

Бирок келбейт ал күндөрүм жашынды.
Минут барып сааттарды ташыды.
Көчө бойлоп кыз жандап өткөргөн.
Ошол күндү эстеп төктүм жашымды.

**«Мечиттеги бир үзүм»**

Жума жараткандан мээрим төгүлгөн,
Сөздү баштап чогулгандын көбүнөн.
Алла үйүндө болгондугум айтайын,
Мечиттердин ич жагынан төрүнөн.

Ак сакалы жашы бирдей катары,
Жоелу деп жазаган биз катаны.
Эл журтума бакыт тилеп жыгылган.
Момун жандын тилектери катабы.

Карап турсам тизилишкен саптарын,
Күнө издеп ал саптардан таппадым,
Ар бир жанга мээрими төгүлгөн.
Жүрөгүмө Аллага шерик бакпадым.

Бай кедейи кызматчысы жумушу.
Ак сакалы жаш карысы турушу.
Баары бирдей, баары тең.
Таксыр деген жакшы тилек угузду.

Ээ жараткан тынчтыкты элге бер.
Жетишпеген жардыларга кемге бер.
Бактысызга бакыт берип ырыс бер.
Ашып калса анан барып менге бер.

Дарты барга бергин дедик дабасын,
Жардыларга байлык бергин санасын.
Бүт момундар тилеп турса жакшылык.
Бул тилектен Адам кантип тажасын.
Бир кадамга ондун жазам соопторун,
Басканга жүгүрөм деген жоопторуң.
Кудай үйү мечит десе жыгылган.
Кирбей анда эшикке неге токтодуң.

Ал таанымбайт менин да эмес таанышым,
Алик айтты учурашты алыштым.
Бакыт каалап үй-бүлөмө, элиме,
Мен да каалап аман эсен барышын.

Таксыр деди, колдоруман кармады,
Ыйман ырыс бакыт мага арнады,
Алла берет казынасы кенен деп,
Ал жолотпойт ичи бузук арамды.

Алла ыраазы кабыл болсун тилегиң,
Мен да ага бакыт таалай тиледим.
Жараткандан ыйман тилеп элиме.
Көтөрүлүп жүзгө тийди билегим.

Ортобузда чатак болсо илгери,
Таанышымдын ал кылыгы кирбеди.
Кучакташып жолугушуп тарадык.
Унутуштук ал чатакты билбедик.

Баласызга бала тилеп сурадык,
Дартка даба тилеп турабыз.
Ээ жараткан күнөөбүздү кечир деп,
Кыбылага жүзүбүздү бурабыз.

Жүрөгүңдө үмүт болсо кичине.
Аруу сезим тилек болсо кишиге,
Кудай үйү нур төгүлгөн мечите,
Тилек сура кирип алып ичине.

**«Жаман ойду ойнобо»**
Жаным даяр мекнимди коргоого,
Жаман айтып намысымды кордосо.
Башка түшсө муштум болот түйүлгөн,
Кыргыз үчүн жаман ойду ойлобо.
Мен Манастын мен Тайлактын учугу,
Таяк болот келип калса учуру,
Баш ийбеген байкап көрсөң тарыхта.
Айткым келет мен силерге ушуну.

Мен кыргызмын мейманга ашын койгон ,
Жайдары ачык дайым кашын койгон,
Кокустан жаман ойдо курал койсоң,
Аттанып жоо четинде башын койгон.

Мен кыргызмын жаман ойду бакпаган,
Жаман адат жүрөгүмө жакпаган,
Меймандарын куда конок аташып,
Мындай эрдик жазабайт да башка адам.

Мен кыргызмын бир боз үйгө батырган.
Тосуң күндү тоо койнунда аттырган.
Тууган атын ыйык тутуп байкасаң,
Бөлүп жеген ырыскыны татым нан.

Төкмөсү бар, комуз черткен шайырлары.
Атагы алыс кеткен алардын дайындары.
Күнү түн тынбастан Манас айткан,
Айткылачы бөлөк элдин шайы барбы.

Кыргыз деген акка жазап басымды.
Кыргызымдын ак болгон азыгы.
Жада калса жылан кирсе үйүнө.
Акты сунат кайсы деп мунун жазыгы.

Катылганга дайым берет катыгын,
Катылбасаң жообун берет акырын.
Асылдары сөздүн терип берметин.
Ак сакалдар айтып турат акылын.

Акыл айтып оңдоп түзөп катаны,
Аксакалдар камдап келет батаны.
Колдон алып жөлөк болуп,
Жаштар сыйлайт эне менен атаны.

Мен кыргызмын жазса сыя түтпөгөн,
Күндөп айтса кыйындыгы бүтпөгөн.
Байлык эмес , куруп алып имарат,
Андан көрө абийир намыс түптөгөн.

Кыргыз деген убададан кайтпаган,
Алынан ашык сөзүн айтпаган.
Жазамак деп мен болбосом бөлөгү,
Жобу болот анын сага кайтарган.

Тээ алыста Сенин баскан карааның,
Кыргыз десе тарых келди карагым,
Өчкүс болуп алтын менен жазылса,
Азыр неге түтөп турат барагың.

**«Ойго салды»**

Айтылган бир кеп мени ойго салды,
Ал ойлор келчектүү жолго салды.
Кооздолгон сөз эмес ыйман керек,
Санамда ушул сөздөр ойдо калды.

Молдо айтат шариятын аяттарын,
Алладан бата тилеп жаят аның.
Айталган сөз толсо ыйман менен,
Анда ал бейиштин татат даамын.

Жүз айтканың миң айткын сүрөөлөрүн,
Жаратканды коюп алып күбөлөдүң.
Жүрөктө ыйман жок кылча дагы,
Жалганда оо дүйнөдө жүдөгөнүң,

Мугалим дагы берет сабактарын,
Окутуп үйрөтөт санаттарын,
Ыймандан чыкпаса ал сөздөрүн,
Бекерге кеткен эмгек сана тартың.

Сабакты ыйман кошуп жүрөк менен,
Беришсе бүт дүйнөмдү түрөт элем.
Жүрөктөн чыгып турса ар бир тамга,
Өчпөстөн эчен кылым жүрөт белең.

Ыйман бар кантип жанда болбосун.
Ага күбө тааныштарың жолдошуң.
А бирок таанибаган бирөөгө.
Айтчы анда ага кандай ойдосуң.

Жумушу деги жүрүп турат айлыгы.
Болгон дүйнө анан дагы байлыгы.
Эгер жумуш ыйман менен коштолсо.
Ал жумуштун болбойтко дейм айыбы.

**«Ал сүйлөсө сүйлөсүн»**

Сөдөрүңдү угуп анан ыр кылдым,
Улут эмес сага келет кыжырым.
Сүйлөп сөзүн берметин.
Жумушуңда неге болдуң ыргылжың.

Сөзгө тойбойт билесин да курсагың,
Айта берип анда неге суусадың.
Миң айтсаңда бир жолу,
Айтчы анда колду неге сунбадың.

Сүйлөй берди, түркүн болду жомогу,
Айткан сөздү угар күнүң болобу.
Анны айттың ала бердиң топтодуң,
Кереги не болгон соң бул өмүрдүн коногу.

Жакшы болсо автор болдуң жабыштың.
Жаман болсо ала качтың арышың.
Беттер жүрсө бетон болуп чагылбай.
Билбейм анан кантип элим жарысын.

Бири бүтпөй экинчиси казылды,
Бири бүтпөй бөлөгүнө асылды.
Байкадыңбы кармашса эки дөөлөр,
Бечарага бар балээси жазылды.

Жамгыры бар айдап турдуң булуттарды,
Чаңдатып көктөм жерди курутпачы.

Бал тамган, акыл айткан тилди коюп,
Ак эмгектен келечекти куруп калчы.

**«Менин эмес кейигеним»**

Эчен кылым болуп келген көрүнүш,
Адамазатка болуп калган көнүмүш.
Санайт белеем анан кантем билбедим,
Турса дагы бүт ырыскың төгүлүп.

Жан дүйнөңдү бийлеп алып сугалактык,
Жараткандан бул заманды сурап алдык.

Жол көрсөтсө бейиш көздөй,
Жаратканга жарым саатты сунна албадык.

Сайранга сатылгандай билет деле,
Сомдулар бейишке кирет беле,
Жүрөк менен эгерде иш бааланса,
Жүрөсүң байлыкты тилеп неге.

Байлыгым жок ошого ичим тардыр.
Жаратканга менин деле ишим бардыр.
Баш айланып а мүмкүн белим ооруйт,
Жазылгандыр маңдайга ушул тагдыр.

Ал деле менин эмес кейигеним.
Байкасам элдердин пейилдерин,
Жетпегендер жетсек деп өйдө карап,
Жеткендердин карачы жээригенин.

Кыйын экен байкасаң алкым деген.
Бирди берсең экинчисин алгым келген.
Эгерде бийликти колго берсе.
Жалгыз жылдыз болуп жангым келген.

Эмнегедир шүгүр оозго келбеди.
Жетпейт дагы дагы дагы кем деди,
Жаратқандын убадасын байкасак,
Эшик жабык бейиш төрү ээн деди.

Жылаңач деп келгени да кеткени,
Жаратканым беш күн өмүр чектеди,
Коштошуп жатса дагы кепинден,
Ойго келбеди адамзаттын кеткени.

Жашоо үчүн ал туура муктаждык,
Кенен басып кененирээк уктадык.
Жүрөк менен бааны койсо жараткан ,
Байлык менен биз жүрөбүз уткансып.

Жыйган дүйнө боло албады арачы,
Тирүүлүктө көп нерсеге жарачу.

Адам эле кептер калды артында.
Жараткандан бата тилеп карачы.

Эчен жандын болгон эле тизмеги,
Эчен жанды айтчы кимдер издеди.
Байлык өчөр, эмгек калып.
Ыймандуунун калып калды издери.

Үйүң кабат бирок киши кирбесе,
Бөлмө жабык жүрөк кошо кирдесе,
Тосуп алуу, узатуулар өтсө кафеде,
Кооз экен бийик экен үй дебе.

**«Жаргы бар жалыны жок»**
Чын чыктыбы жүрөгүңөн,
Мекенди сен сүйгөнүңөн.
Угуп калдым кептериңди.
Кулак түргөнүмөн.

Жарыгы бар жалыны жок,
Ойлонтот а бирок салымы жок.
Кебиңди угуп турсак,
Көркөм кеп анан дагы жагымы жок.

Сөөгү жок деп тилдердин,
Өткөн кезди тилдедиң,
Төө турса төбөңдө,
Айтчы неге аны билбедиң.
Кыргызды малга теңедиң.
Башкарды бизди дегениң.
Жетимиш жыл биз эмне,
Баш көтөрбөдүкпү дегеним.

Бай кедей деп алыптырбы санагын.
Анан келип бизди неге камадың.
Кыргыз келип кыргыз көзүн чукуган.
Ошол кездин айтпайсың не кабагын.

Чыңгыз эмне бөлөк элденби,
Бөлөк заман бөлөк доордон келгенби.

Таанылып бүт дүйнөгө атагы.
Ал наамды батыш элиң бергенби.

Токтогулдун чыгып элге атагы,
Токтогулга кимдер берген батаны.
Аты аталып, сыйлык алса,
Ал эмне жетимиш жалдык катабы.

Арманың ушул болду түгөнбөгөн,
Кыргызды орус эли жүгөндөгөн.
Жетимиш жыл маңкурт болуп,
Ошондуктан алыска күлөнбөгөн.

Мынча буюм мынча дүкөн жок элең,
Бирок курсак пейилиң да ток элең.
Төрдө олтуруп аксакалдар кеңешип,
Айтылган сөз атылгандай ок эле
Тойгузам деп туугандарын ачкасын,
Качан бала сүйрөп калган тачкасын.
Алла ыраазы деп колун жайып.
Качан көрдүң алаканын ачканын.

Батыр жылдыз көкүрөккө тагынган,
Ал жандарбы табынан айныган.
Бүт союзга чыкса да атагы.
Алар неге азап чекпейт кайгыдан.

Бирөө көгөртүп жашылдантса таланы,
Баатыр эне төрөп өстүрсө баланы.
Мал багууда бирөө баатыр аталса,
Алар эмне маңкурт болуп калабы.

Алар эмне имаратты курбады,
Алар эмне түркүн жерде турбады.
Ак эмгектен үлгү болсо,
Азыркылар ал эмгекти булгады.

Качан кыргыз чөп чарды чекти эле,
Талаадагы сүйдү кыргыз чети не.

Кары үйүн детдомдомдорду курушуп,
Аталарын көчө көздей тепти не.

Болуп калдык азыр биз эгемен,
Эркин сүйлөп эркинбиз деген эл,
Маңкурттуктан арылдык деп,
Баары акылдуу баары болгон кеменгер.

Жетимиште канча окуя камтылды,
Жетимиште канча кыргыз атылды.
Кандай мезгил кандай болуп замана.
Кандай болду бул жылдардын татымы.

Эгеменде канча жандар кыйылды,
Кимдер алып, кимдер көрдү сыйыңды,
Кимдер жесе, кимдер ачка болуп.
Камактарга кимдер барып тыгылды.

Канча кыргыз мекендерин алмашты,
Канча кыргыз бөлөк колду кармашты.
Бар экен жок экен деген жомоктой,
Канча чоюн, канча жерди жалмашты.

Канча жерлер канча суулар сатылды.
Канча сомдор чет жакка катылды.
Жетимиш жыл кашыкталып чогулган.
Чөмүч болуп канча үйгө чачылды.

Жетимиш жыл орус эли башкарса,
Азыр канча билесиңби башкарма.
Кошуналар сүйрөп кордук көрсөткөн,
Айтар кебиң кандай жогору баштарга.

Канча бала көчөлөрдө ташталды,
Канча бала көздөрүнө жаш алды.
Баш кошкон үлпөт менен карыздап,
Эртесинде колтуктады башканы

Канча жандар бузулушту шараптан,
Канча жандар пайда тапты барактан.

Эгемен деп түшүп алып жолуна,
Баасын берчи кайсы жолдо бараткан.

Команда деп бөлүнүштү атышты,
Карыз сурап карап турат батышты.
Бел карабай көздү карап,
Акырында сыртты көздйө качышты.

Беттер кетти бетон болуп калыңдап,
Колдон эмес байлык десе малынат.
Кооз сүйлөп намысыңды талашып,
Ишен бирок көкүрөктө каны аз.

**«Күтүп турат кай тарап».**
Беш күндүк дейт өмүрдүн ченеми,
Бүгүн көргөн эртең жок дегени.
Көкүрөктө калган болсо жаман ой .
Кетпесинчи элдешели кел эми.

Багыңдын болбосо эле түрдүсү.
Айды берди берди дагы бир күндү.
Сооп ордуна дүйнө жыйган.
Айтчы анда акырында ким күлдү.

Билесиңби күтүп турат кай тарап,
Берген өмүр келбейт экен кайталап.
Чыккан күндүн эгер билсең батмагын.
Арам ойлор неге анда кайтарат.

Өмүр деген кызык экен кысталак,
Ойлонгондон алда канча кыскараак.
Ал мезгилдин ченемин карабай,
Кайран адам жакшы ойду кызганат.

**«Өчүм деле жок эле»**
Өчүм деле жок эле,
Ичим дагы ток эле.
Билбей калдым неликтен.
Боло түштүм шок эле.

Ичпейм дедим тартындым,
Ишке ашпай айтымым,
Түз турган жандарга,
Тийишип барып катылдым.

Сага келбейт тийишким,
Салаларга тийипсиң.
Бөлөк элем башында,
Билбейм анан ийипмин.

Киргиче бирөө ичиме,
Койгомун деп ишим не
Кытыгылай баштаптыр,
Кирген кезде кичине.

Кайран дүйнө кооз болуп,
Кетти дүйнөм козголуп.
Кире бердим ичиме,
Кош колдоп тосконсуп.

Таттуу тамак даам калды.
Тышы ичим таң калды.
Тушалса да буттарым,
Тилим анан чаң салды

Кээде барып ырдадым,
Кээде барып чыр салдым.

Каалабайсың неге деп,
Каалабаганга кыр салдым.

Молдосуна суйкөндүм,
Тозогуна күймөкмүн.
Ичпей койсом эмине,
Кай жеринде жүрмөкмүн.

Жаманы жок оюмдун,
Шааниси дечи тоюндун.
Эртесинде баш мыкчып,
Көчө жактан корундум.

Алар айтса туура да,
Анан бердим убада.
Таштайм деген чынында,
Тойлордо бекер убада.

Күйсө да болбой кызылы,
Тойдун дечи кызыгы.
Бар балээни аш кылган,
Ал ашказандын кыйыны.

Жок деле кегим деле,
Ичпеген тегим деле.
Кычык издеп билбедим,
Чыкты анда кебим неге.

Шарапка койбой күнөөнү ,
Күнөлөбөйм бирөөнү,
Сурап ичип анан да,
Шарапка анан үйөмбү.

**«Киргеним ошол болду»**
Аттаганым босогоңду,
Киргеним ошол болду.
Кайрылып чыга берип,
Андан соң бошободу.

Ачык сөз калпы барбы,
Бурулдум тарткылады.
Алла деп келме айтсам,
Тоскондой бирөөлөр тарткылады.

Шарап чыкты сурабадым,
Келбеди эмнегедир кубалагым,
Аралаштырбай койсом болмок,
Атың сатып улаганын.

Угамын чакырык азаныңды,
Мен эмне чын эле тазамынбы.

Кечейин келгин десе,
Тескери мен жазадымбы.

Жүрөктөсүң орун бар,
Жамандардан коруп ал.
Бирде эстеп унуткан,
Адам экен оорум бар.

Бирде тынч, бирде толкун,
Бирде эстеп, бирде жокмун.
Түбөлүгүң эстеп коюп,
Атыңа дайым токмун.

Алгычакты баштан акылды,
Бир өзүңсүң жүрөктүн жакыны.
Кызматыма жараша,
Берисиң билем акымды.

Бейиште деле жок үлүшүм,
Каалабаймын тозокто күйүшүн.
Убакыт өтүп баратат.
Тура эмес мындай жүрүшүм.

Чекемди тийгизбедим,
Чечингенди кийгизбедим,
Чекеден сылап жетимдерди.
Чыным мен киргизбедим.

Орозоңду кармабадым.
Ооз ачырып жандабадым,
Орозо битир дагы,
Дүйнө болуп арбап алдың.

Садага чын эле таратпадым,
Кыбылагага жүзүмдү каратпадым.
Бир өзүңден бата тилеп,
Жандык союп канатпадым.

Жайбадым ушагымды,
Жайбадым тузагымды.

Жаман ой ойдо болбой,
Тозоктон кичине узадымбы.

Биреөнө кек сактабадым,
Биреөнүн ашын мактабадым.
Бир өзүң жалгызсың деп,
Бөлөк динди жаттабадым.

Айтайын калыс кебим,
Акыйкат намыс бергин.
Аз дүйнө көп дүйнөдө,
Көппөйүн чөкпө демим.

Меккеңди ойлонбодум,
Мечитте ойгонбодум,
Мечитте баян укса,
Мен анда тойдо болдум.

Буту тосуп салбадымда,
Бар жок деп чанбадымда.
Төбөдөн көмөк берчи,
Туура жолду тандашыма.

Чөмүчтөбөдүм, кашыктадым.
Бөлөктүн дүйнесүнө ашыкпадым.
Шүгүрдү айткым келет а бирок.
Көр оокат керегинче ташып калдым.

Дайым сага муктажмын,
Бөлөк динди укпасмын.
Маңдай тер даамдуу болот,
Билем бөлөк жукпасын.

Аракетим жок тилей берем,
Ошого өзүмдү тилдей келем.
Убакыт туура өтпөй,
Саждага тийбейт денем.

Ойлодум тажабадым,
Кадамды жазабадым.

Колумда күнө болсо,
Кыялымда жазаладым.

Жанга жок жарышым.
Жаратканга арышым.
Күнөөм болсо кечиргин,
Күнүгө жазган арызым.

Өмүрдү өзүң арнаган,
Өзүңө анан арбалам.
Өксүк жан экенбиз,
Өкүнбөгөн барбы адам.

Кызыл кызыл тил кетти,
Кыялымдан дил кетти.
Кыял менен дал келбей,
Кыймылдарым тилдетти.

Токтобой сугалагым,
Тилектен убарамын.
Ак көңүл бай болбойт деп,
Ой менен сугарамын.

**«Мусулман»**

Ачка жандын тогун сурайт мусулман,
Адашкандын жолун сурайт мусулман.
Жалгыз жүрсө адашып,
Жараштырып тобун сурайт мусулман.

Жылаңачтын тонун сурайт мусулман,
Жазагандын сообун сурайт мусулман
Жамандарды ойго албастан,
Жараткандан сонун сурайт мусулман.

Дарттуусуна даары сурайт мусулман
Дасторконго кары сурайт мусулман
Жетелешкен болсо деп жубайы.
Жакшы тилек дагы сурайт мусулман.

Толсо экен деп кемин сурайт мусулман,
Аксакалдын кебин сурайт мусулман.
Болсо экен деп тынчтык,
Ынтымакты элин сурайт мусулман.
Дүйнө болсо ашыгын албай келет
мусулман,
Чайхана эмес мечиттен калбай келет
мусулман
Байлыгына көз артып бөлөктөрдүн,
Ишенип кой алдайм дебейт мусулман.

Бактысыздын багын тилейт мусулман,
Ажолордун адилет тагын тилейт мусулман
Күн тийсе деп тегиз жалпыга.
Жараткандан баарын тилейт мусулман.

Бар жогуна бөлбөй сурайт мусулман,
Маңдай жүзүң көрбөй сурайт мусулман
Жаратканым жалгыз өзүң колдо деп,
Бөлөк жолго көнбөй турат мусулман.

Төгүн десең ушул айткан кебимди,
Мечиттерге кадам басып келдиңби.
Катар туруп кол көтөрүп Алладан,
Тилегине айтчы маани бердиңби.

**«Алаканды жаярда»**

Алаканды жаярда,
Бата тилеп аянба.
Жакшылыкты сурайлы,
Жаратканга таяна.

Кампа толо эгин бар,
Жаш жигитке келин бар,
Бата тилеп төрдөгү
Карылардын кебин бер.
Алдууларга алдырбай,
Аккан маңдай терин бер.
Түтүн буулап очоктон,
Там салганга жерин бер

Кызга жагып кааласа.
Кошуп ага теңин бер.
Жакшы тилеп эңсесе,
Жетпегенге дагы кемин бер.
Көтөрүп дайым колдогон.
Калайык журт элин бер.

Жөө жүргөнгө унаа бер.
Жүрөктөн чыкса суна бер,
Жамандыгы жок болсо,
Жаратканым уга көр.
Бакыт сурайм баарына
Бул кебимди тура көр.

Бөксөрбөйлү тололу,
Бийик жерде бололу.
Дасторкондо даам болуп,
Тааныштарга коелу.
Ден соолукта дем болуп,
Дарт дабаны жоелу.

Санаганыбыз акча болсун,
Сандыкта пачка болсун,
Сары ооруу болбой,
Саналар башка болсун.
Дасторкон ашка толсун,
Бак дөөлөт башка консун,
Карылар төрдө олтуруп.
Кылым ашкан жашка толсун.
Кучак жайып тосуп алган.
Күлкүлөр кашта болсун.
Жаштар иштеп,
Карылар ашта болсун.

Аккан булак соолубасын,
Наристелер оорубасын.
Карылык баскычакты,
Ар жаман торубасын.
Кырсыктан алыс кылып,
Теңирим коорул алсын.

Жүзүңдөн күлкү кетпей,
Бак дөөлөт конуп алсын
Бар жакшы толуп алсын.

Баласызга бала бергин,
Бар ырыскысын ала келсин.
Ата-энебиз төрдө олтуруп,
Балдары бага берсин.
Акчасын сана десин
Бак дөөлөт жана келсин,
Издегендер таба берсин ,
Дарттуууга даба берсин.
Эгер жаман ойлосо,
Ээси менен кала берсин.
Жабышса жамандарың.
Жаратканым кага келсин.
Өрүшүң малга толуп,
Өксүтпөй таба келсин.
Жакшыны тилек кылсаң.
Жараткан сага берсин.
Ырыс алды ынтымак деп
Ыйман отун жага келсин.
Куюлуп кубанычтар,
Күлкүлөр чекебизди жара берсин.

Кармашкан колдоруңар үзүлбөсүн ,
Каалабаган жаман шарттар түзүлбөсүн.
Көшөгөңөр көгөрүп ар убакта ,
Көздөрү көрбөгөндөрдүн сүзүлбөсүн.

Түшкөн жол узак болсун,
Түгөйлөр ынак болсун.
Кудайым ортоңорго
Күйгүзгөн чырак болсун.
Жабышпай жаман илдет.
Жолобой ыраак болсун.
Кампаңар данга толсун.
Көңүлдөр куунак болсун,
Ата-энелер дайым болуп,
Абалды сурап койсун.

Тилегим ушул болсун.
Теңирим улап койсун.

Казанда эт кайнап турсун.
Айран сут каймак турсун.
Түркүн даамга толуп,
Дасторкон жайнап турсун.
Ак сакалдар төрдө олтуруп,
Казы карта чайнап турсун.
Тапычкалар көбөйүп,
Наристелер сайрап турсун.
Ата-энесин күтүп балдары,
Козу коюн байлап турсун,
Малдарын айдап турсун.

**«Менин атам»**
Ата деген бакыт экен,
Ата десе балкыйт денем.
Атама өмүр тилеп,
Аллага мен айтып келем.

Төрдө олтурар курагың,
Түмөн жашты сурадым.
Балам деп өстүрүп,
Баарын билип турамын.
Машина рулун бурадың,
Жол болуп жатып турарың.
Тынч алып дагы жата албай,
Балка чот азыр куралың.

Жолдун тартып азабын,
Балаң үчүн жазадың.
Кырк жыл эмес атаке,
Бир жылда эле тажадым.

Кыш чилде бороондо,
Кээде ылай короодо,
Атам айдап өткөргөн,
Ажал бир эми жолобо.

Жолдун басып узунун,
Дөөтү экен кээде бузулдуң.
Зым менен байлайт деп,
Бүт элиме угулдуң.

Берген талант теңири,
Ийге келет темири.
Эс албай ишен чын эле,
Жаткандарды жээриди.

Ысык суукка карабай,
Кээде болуп карамай,
Өстүрдүң бизди атаке,
Жүрөбүз биз керегиңе жарабай.

Машинага салдың ойноттуң.
Мен сала албадым ойлонттуң.
Аш ичкин деп чакырсаң,
Мен жумуш үчүн ойготтум.

Кийим кийгиздиң түрүнөн,
Кийигизе албай мен күйүнөм.
Эшигим жабык болсо,
Кучак жаят үйүнөн.

Оорусам турдуң башымда,
Сен оорусаң калам жашына,
Тапканын алып чыкса,
А мен коем жашыра.

Берүүгө даяр жаныңды,
А мен катам нанымды.
Биз катсак тапканды,
Сен бересиң даамыңды.

**«Тоскум келет»**
Жүрөктө бирөө бар эле,
Жүрөккө орун тар эле,
Каккылабастан эшигин.
Кирип бардың шар эле.

Тоскум келет таңдын атканын.
Сүйүү нуру жүзүнө батканын.
Кагып турса жүрөктөр,
Махабаттан болбос кайтканым.

Көргүм келет таңдын атканын.
Жүрөктөрдүн тыңшап какканын.
Сүйүүбүзгө куштар суктанып,
Уккум келет даңазалап жатканын.

Айды карап жылмайыңкы турганың,
Карап турдум көңүлүңдү бурбадым.
Талашкандай суктангандай сүйүүгө,
Мен сүйгөндөн сен жетпедиң кур калдың.

Жылмайыңкы артты карап бурулдуң.
Жүрөгүмө жылдыз болуп кубулдуң.
Көздү карап көпкө анан суктансам,
Сүйөм деген сөзүң мага угулдуң.

Көздөрүмдөн байкадыңбы билбедим,
Сүйөм дегендей менин болду илгеним.
Сүйөм сени жалгызсың деп кыйкыра.
Кыйкыргандан сени карап ийменди

**«Сатуучу кыз»**

Таразанын карап таштарын,
Секин бастың шашпадың.
Көздү албай сездиң бекен,
Жүрөгүмдүн какканын.

Ойду турдум камчылап,
Билбейм өттү канча убак.
Токтоп ойду карасам,
Теңтуштарым туруптур тарткылап.

Кээде күлүп, кээде анан каткырат,
Айта албайм мени басты калтырак,

Турсам карап эстен тана.
Жанымдагы туруптур тарткылап.

Тергим келип сөздүн берметин,
Айта албай кара тердеттиң.
Кокусунан тийип кетсе колдорум,
Бут алдынан көчүп анан жер кеттиң.

Сени келди кучагыма толтургум,
Келбетиңе суктанып мен олтурдум.
Кыскым келип кучагыман чыгарбай,
Бул оюмду кыялымда болтурдум.

Алтыным берекеси берметим,
Бөлөккө ишен бербесмин.
Сүйөм сени сүйөм дагы түбөлүк,
Бүт ааламдын гүлүн сага термекмин.

Туйлап турду жүрөгүм,
Туюндура албай жүдөдүм,
Жалын өчпөйт жалындайт ,
Жүрөгүмө түбөлүккө түнөдүң.

**«Каккан жүрөк»**
Сени менен келди сүйлөшкүм,
Мен сүйгөндөй сен неге сүйбөйсүң.

Айланчыктап мен жүрсөм эшикте,
Кабарың жок ойлонбодуң үйдөсүң.

Көпкө жүрдүм терезеңден карадым,
Олтурасың ойлонбодуң каралдым,
Жарылчуудай дүкүлдөсө жүрөгүм.
Сүйгөндүктөн мен ошого бара алдым.

Күндө барып тоскум келди жолуңду.
Күндө күтөм берер деп жообуңду.
Күтө берип бир өзүңдү каралдым,
Кармаган колдо гүлдөр соолуду.

Каалгасын жүрөгүңдүн жабыпсың,
Каалагам мен ага жагышын.
Каккан жүрөктү тыңшабай,
Ким менен болду жарышым.

«Жактырбайм бөлөгүн»
Жактырбай мен бөлөктөрүн ,
Өзүңдү гана жөлөк көрдүм.
Сүйүү катын жазып алып.
Сүрдүгүп аны жөнөтпөдүм.

Мендеги бир уч кесим эт,
Жүзүңдү көрүп эзилет.
Ай чачса да жарыгын,
Андан сулуу сезилет.

Куюлуп түшөт чачтарың,
Кылчая карап шашпадың.
Жалгыз жүрөк жалгыз деп,
Көргөзбөдүм ачпадым.

Көздөрүң сенин карагат,
Көздөрүм сени караткат,
Көргөндө анан карааның,
Көңүлүм көктө баратат.

**«Жарыңдай мен колтуктап»**
Тардыгыда ал багымдын,
Тагдырыма багындым.
Ажырабайбыз дечү элек.
Ак жоолук башка салындың.

Билбедим оюң кандай эле,
Таркады сүйүү канбай эле.
Жарыңдай мен колтуктап,
Жанашпадым жандай не.

Көрүнбөй калды карааны,
Бул дүйнө мага караңгы,

Жарыгын чачкан өзүңдөй,
Жарды мен эми табамбы.

Дайрадай сага агылдым,
Тосподуң неге агымын.
Өчүрүп сүйүү жалынын,
Айтчы неден жаңылдым.

Чыгардыңбы эсиңден
Бүтпөчүдөй сезилген.
Алоолонгон от өчүп,
Түтөп турган кезим мен.

Ашыгамын учамын,
Сага толчу кучагым,
Жылдыздарды энчилеп,
Турган күнгө кусамын.

Ал күндү кантип чиемин,
Бакыт деп аны билемин.
Азыр жок өмүр уланат,
Тагдырга башты ийемин.

**«Сездиңби»**
Көргүм келип атайын,
Барганымды айтайын.

Көргүм келсе күндө эле,
Кантип аны катайын.

Бери карап жылмайдың,
Тушалгансып жылбадым.
Жактырам деп айткандан.
Мен ошондон кыйналдым.

Айтам деп кайталадым,
Сен болуп кайтарганым.
Сагынып барсам дагы,
Сүйүүмдү айталбадым.

Кыймылыңа суктандым,
Сен деп туруп уктадым,
Сүрдөндүңбү билбедим,
Сүйөрүңдү укпадым.

Мен сүйөмүн сездиңби,
Айтпай жообун эздиңби.
Түзүп калсак байланыш.
Убадага анан бексиңби.

**«Жүрөгүңдө бош орун»**
Роза деген ханышасы гүлдөрдүн,
Розадай мен жандан гүл көрдүм.
Күз өңдөнүп мурун турсам бүркөлүп,
Азыр деген жаз гүлүндөй бүрдөдүм.

Роза дедиң мен өзүңдү теңедим,
Роза гүлү жүрөгүмдү ээледиң.
Сүйүү деген кымбат экен бийик деп,
Сени көздөй мен агылдым дегеним.

Эгер болсо жүрөгүңдө бош орун,
Мен жүрөктү бир өзүңө кошорум,
Сен жактан болуп калса бир белги,
Көкүрөктү сени көздөй тосормун.

Мыйыгыңдан мага карап жылмайдың,
Тушалангансып мен ордумдан жылбадым.
Түркүн жыттуу гүлдөр ичинен,
Тандап жалгыз бир өзүңдү ылгадым.

Тарткынчыктап көпкө турдум иймене,
Сен да карап айткың келди бир немее,
Сүйүү сезим жүрөгүмдү куйкалап,
Толкуп кетти колдоруңа колум тийгенде.

Тарттым анан колдоруңду кармадым,
Сүйөм дедим жүрөгүмдү арнадым.

Сен да айттың сүйөм сени түбөлүк,
Алмашпасмын жалгыз дедиң ардагым.

**«Бейтааныш кыз»**

Бейтааныш кыз сен эмнеге көрүндүң,
Баргым келип түшүп турду көңүлүм.
Жарылчуудай жүрөк соксо дүкүлдөп,
Жүрөгүмдөн бир орун бөлүндүң.

Көздөрүңдөн көзгө болуп каттамы,
Кайран жүрөк көөдөнүмө батпады.
Жылмайыңкы жооп берсең акырын,
Жалын барып бүт денемди каптады.

Алып келдиң сүйүүлөрдүн шиңгилин.
Сен болбосоң ал сүйүүнү ким билсин.
Көп эле кыз көргөнсүп өңдөнөм а бирок,
Махабатка сени менен бир кирдим.

Кучак толуп жыттасам алкымыңды.
Ээридим коргошундай балкыдымбы.
Жерде эле жүргөн кайран жаным.
Көтөрүлүп абада мен калкыдымбы.

Баалкытып бака бөлөп сезимдерди,
Байкасам бөлөк жандар сезилбеди.
Тигилип көктөгү айды карап,
Суктанат көрүп алып сени мени.

Бир өзүң ээлеп алып көңүлдөрдү,
Бөлөгү бир өзүңчө көрүнбөдү.
Сүйүүнүн бир эшигин ачсак дагы,
Эшик эмес төрү болду көрүнгөнү.

**«Ашыкча сени сүйдүм»**

Ашыкча сени сүйдүм бөлөктөрдөн,
Жада калса кызганып көлөкөмөн.
Жашоомду элестетип сени менен,
Бир өзүңдү түбөлүк жөлөк көргөм.

Сени көздөй сүйрөп качат буттарым,
Сен деп туруп сен деп жатып уктадым.
Түбөлүккө жалгызсың сен десем,
Мен дагы деп жообуң болду укканым.

Куттургөнсүп чыккан күн да батпады,
Баткан кезде үйүңдөгүлөр жатпады,
Мүнөт жылбайт бирок сага ашыгам,
Күндө болду буттарымдын каттамы.

Кетиргенсийт шаштымды да айламды,
Бут денемде сүйүү оту айланды.
Кучагыма кысып алсам акырын,
Талашкансыйт төбөдөгү ай дагы.

Тартылып көз алдыма элестериң,
Тандадым жүрөгүмдү ээлеп келдиң.
Жаралган бир гана бул өмүрдө,
Жалгыз сени сүйгүм келет менин.

Өмүрдө табылган бактым менин,
Өмүрдө издегеним таптым дедим.
Садагам жүрөктөрдү ээлеп алсаң,
Сүйүүнүн даамын таттым дедим.

**«Соккон жүрөк»**

Соккон жүрөк бош болду,
Тагдыр бизди кошподу.
Күндө күтүп барчу элем,
Эми бөлөк аны тоскону.

Биздин сүйүү эмнегедир күйбөдү,
Шамал келип өчүргөндөй үйлөдү.
Жылдыз турат күбө болгон сүйүүгө,
А сүйүүбүз жылмайбады, күлбөдү.

Узатып көпкө тиктеп караныңды,
Үзүлгүчө көздү албай карадымбы,
Экөөбүз жолукчу сүйүү бака,
Эми мен жалгыз ойдо барамынбы.

Сезилип көпкө жүрөк сокпогондой,
Баш чайкашып теректер жоктогондой,
Экөөбүз кетип жатсак эки жакка,
Кең мейкин ээнсиреп бош болгондой.

Сени менен келечекти элестеткем,
Ак жоолук ийкемдүү элес келген.
Ашуу ашпай канаттар кайрылышып,
Ашуусу бийик белес белең.

Бакты карап мен ойлонуп кетпедим,
Ал ойлорум бир өзүңө жетпедим.
Ортосунда олтурчу элек бакчанын,
Азыр кирбей капалуумун четтемин.

Суу себилди жанып турган чокторго,
Бүт рахат замат болду жок боло.
Күн айланып турган жер дагы,
Калган сымал мага дагы токтоло.

**«Мен кечирээк»**

Бирөө бар чын жүрөктөн жактырамын,
Жакын барбай көздөрүмдөн аткыладым,
Элесиң бүт эркимди бийлеп алып,
Ойлонуп кыялымда жакындадым.

Айта албай бир нерседен кечиктимби,
Же чын эле мен кечирээк кезиктимби.
Айта албай айланчыктап жүргөнүм,
Бир нерсени ойлоп сен сезипсиңби.

Сүйүүмдү айтып турат сага болгон,
Көздөрүм сен жөнүндө санаа толгон.
Жаңы гана сүйүүлөр жанып барат.
Сагынычты ишенгин сага койгом.

Ээрчиген бирөө бар ашыктырсың,
Эшигин сүйүүлөрдүн ачыптырсың.

Кааладым келечек бакыт сага,
Кечиккен ал сүйүүмө жашып турдум.

Жүрөк экен бир өзүңө жетеледи,
Көргөндө ал жалын эседеди.
Айла жок турмуш экен.
Ал махабат кыялымда кете берди.

Сен жеттиң мен кыялдандым,
Ал кыялды такыр эле тыялбадым.
Кезинде эске салар үмүт кылып,
Ал кыялды ак баракка сыяладым.

**«Көздөрүңө кадалып»**

Көздөрүңө көздөр турду кадалып,
Болуп кетти түшүнбөстүк каталык.
Сүйүүбүзгө көпчүлүктөр суктанган.
Бөлөк тилде калыптырсың кат алып.

Көздөр менен көздөр турду сүйлөшүп,
Сен да мени, мен да сени сүйгөнсүп,
Жашоо баркын бараткапмын түшүнүп,
Жаңы гана сүйүү калган күйгөнсүп.

Карегиңе жаштар барып айланды.
Кантип айтар билбей турдум айламды.
Көкүрөктө муңдуу күүлөр жаңырып,
Көңүлдөрүм бир өзүңө байланды.

Буттарыман көчүп анан жер кетти,
Сүйлөй албай сүрдүктүрүп тер кетти.
Мууң ээлеп кайгы бийлеп жүрөктү.
Бирок сүйөм айта албай дем кетти.

Аянычтуу сен да мени карадың,
Түнөргөнсүп бүркө тартып кабагың.
Ишен жаным туман тарайт анан да,
Кеч болбосун узак жолду карагын.

Саамайыңдан шамал барып сылады.
Кайраттуу бол бул турмуштун сынагы.
Жаңы гана бүрдөп чыккан сүйүүбүз,
Гүлдөбөстөн майтарылып сынабы.

Сени карап жүрөк турду эзилип,
Жарык дүйнө караңгыдай сезилип.
Ишен жаным сенсиз дүйнө арманай.
Сүйүнгөмүн калганыма кезигип.

Көздөрүбүздөн жаштар барып кулады,
Булганбасын сүйүүбүздүн булагы.
Эки жүрөк бирдей кагышып,
Дүкүлдөшүп эми кулак угабы.

Көздөр айтты эмнеликтен чөгүнкү,
Каректерден жаштар барып төгүлдү.
Көкүрөктү жалын барат куйкалап,
Келечегим сендик сөздөр төгүнбү.

Жаңы гана күйдү эле го жалыны,
Болсо экен деп жүрөгүмдүн жарымы.
Сенде эгер сүйүү болсо сезимде,
Айтчы дүйнө анда неге таарыды.

Эгер болсо сүйүүлөрүң көңүлдө,
Айткан кепти ушактарды төгүндө,
Мен кааладым ушул келген өмүрдө,
Сүйүү турсун жүзүбүздө төгүлө.

Бүт эрким бийлеп алып көңүлдөрдү,
Бул дүйнө сенсиз мага көрүнбөдү.
Бурулуп азыр бассаң артты карай.
Билесиңби жаштар турат төгүлгөнү.

Күйгөн шамды шамал келип өчүрбөсүн,
Асмандан жамгыр келип төгүлбөсүн.
Биздин сүйүү түбөлүктүү ыйык деп.
Айтылган жалган кепти төгүндөсүн.

Гүлүн ачкан аыр сүйүү убагы,
Сокон жүрөк ал сүйүүнүн куралы.
Бороон согот, жамгыр төгөт ,
Жаман көздөн аны коргоп туралы.

**«Теледеги сүйүү»**

Сен каармансың мен болсо күйөрман,
Сен сүйгөндөй мен да сени сүйө алсам,
Сүйүү деген кары жашка карабай,
Сен күйгөндөй мен да жанып күйө алсам.

Сен ишенгиң, сүйүүлөрду ойготтун.
Сүйүү күрөш, сүйүүлөргө ой коштун.
Сен алыста каармандыгыңа карабай,
Сүйүү бакыт, сүйүү сезип ойлопмун.

Сен жараткан сүйүү анан каарманың,
Жетер бекен сен сүйгөндөй даарманым.
Сен сүйгөндөй мени сүйсө бирөөлөр,
Ишен жаным сен жолунда бармакмын.

Сен көрсөттүң сүйүү башат булагын,
Ал сүйүүнү келет мен да улагым.
Түгөнбөсүн сен жараткан сүйүү деп,
Жараткандан мен да келди сурагым.

Кайра кайра көргүм келет түрдүрүп,
Көргөн кезде кала түшөм сүрдүгүп.
Кайгы менен кубанычыңа аралаш.
Калгансыймын сени менен бир жүрүп.

Сен каарманым түрк кызы Дурусуң,
Шамал менен сүйүү менен сулуусуң.
Сүйүү отун тутандырып жандырган,
Сен сүйүүдө мен ишенем улуусуң.

Ойдон бөлөк кыялдарым жетпеди,
Көздөрүмөн каректериң кетпеди,
Сен көрбөсөң мен көрүп теледен.
Оо жараткан бел сүйүүнүн кеткени.

**«Сүйүү деген»**

Сүйүү деген жүрөк ооруу кызганыч,
Жанда болсоң мезгил өтөт сызгансып.
Күтүп калсаң кокусунан сагынып,
Токтоп мезгил акырындап жылгансып.

Сүйүү деген тоого чыккандай тартылып,
Сулуулуга улам көзгө артылып,
Бирок ылдый тез куларын билбедиң,
Айткан сөздөр калса эгер калп чыгып.

Сүйүү деген эмгек менен там кургандай,
Суктанышып көңүлдөрүн бургандай.
Кокусунан силкинип калса кайран жер,
Кулап калат ошол тамың бул кандай.

Түн ортосу жылдыздарды аралап,
Бир окуя жүрөгүмдү жаралап,
Эске түшсө өткөн күндөр бактылуу,
Көздөн ылдый кулап анан жаш агат.

Суйүү таштан катуу жумшак кебезден,
Сүйүү деген оңой жумуш дебесең.
Сүйүү деген кайгы дагы кубаныч,
Козгоп турат тулку боюң делебең.

Сүйүү катуу таштай дегеним,
Жообу жок санда жегениң.
Таш чөктүрөт түбүнө,
Сүйүүңүздүн деңиздеги кемесин.

Сүйүү деген оттон ысык тоңдон муздак,
Айрылсаң каласың сен муңду сыздап,
Суук эмей анан эмне байкасаң,
Армандуу ал сүйүүнүн күүсүн уксак.

**«Жалгыз турат ал бүгүн»**

Алтыным менин ай күнүм,
Ошондо жеткен айга үнүм.

Экөөбүз жолукчу алма бак,
Жалгыз турат ал бүгүн.

Гүлгө келбей теңегим,
Гүлдөр соолуйт дегеним.
Түбөлүктүү соолубас,
Сүйгөндөгү себебим.

Сенсиң ойдун санаасы,
Сүйүүмдүн жок карасы.
Айрылдык неге себепсиз,
Айрылыш жолдор карачы.

Айыкпастай сезилдиң,
Бирок койдуң мезгилиң.
Жараланган жүрөктүн,
Эми болоор ээси ким.

Өчтү барып жалындап,
Өмүрдө болот жаңылмак,
Деңизде биздин кемелер,
Кете берди алыстап.

Кыйам деген жанымды
Кулагыма жаңырды.
Кийинчнрээк байкасам,
Кийинкиге жаңырды.

**«Чын айтам чын сырым»**
Чийилген айдай каштарың,
Чырмап алды чачтарың.
Чын айтам сырымды,
Чырайыңа мен ачкамын.

Айтамын деп сүйүүмдү,
Айландым көпкө үйүңдү.
Көрүп калсам көчөдөн,
Көкүрөк көпкө сүйүндү.

Жүрөк сүйүп эзилдим,
Жүрөгүмдүн ээси ким.
Жолумдан калсаң көрүнбөй,
Жашоо жоктой сезилдиң.

Жаным деп жактырдым,
Жаман ойду жат кылдым.
Саамайыңдан сылатсаң,
Сүйүүгө мени мас кылдың.

Жалгыз сенсиң ардагым,
Жүрөгүмдү арнадым.
Жалгыз мени сүйөр деп,
Жаман ойго барбадым.

Тоготпой турмуш тосколун,
Жолуңду күндө тоскомун.
Сенден башка сыйбаган ,
Жүрөктө жок бош орун.

**«Сүйөм деп бөлөктү»**

Сүйөм деп бөлөктү жаратпадым,
Сүйгүн деп башканы тажатпадым.
Сүйүктүм гүлмүңдөп тосуп алсаң,
Сүйкүмдүү элесиң жагат аның.

Сүйүүмдү ай ааламга теңегенмин,
Сүйөм деп саат сайын келе бердим.
Жетпейсиң сүйбөйт сени десе,
Жалган деп ушактарды жеңе келдим.

Жыттансын деп гүл болду кармаганым,
Жүрөктү жалгыз сага арнаганмын.
Бактымды үмүт кылып бир өзүңдөн,
Бөлөккө колду сунуп барбаганмын.

Чыгып калсам капысынан соңуңан,
Тосуп алды бөлөк бирөө жолуңан.
Сепкен сымал суу бүркөп жаккан отту,
Сүйүүм менин гүлдө калды соолуган.

Сүйүүмдү сен болуп жашыл багым,
Сүйүүмдү бүт ааламга жашырбадым.
Сүйүүмдү алмаштырса башка жанга,
Себелеп жерге сиңип жашым калдың.

Жүрөгүмдү койбогун сен кирдетип,
Жүргөн жандап деп мага ким детип,
Жалганда жыргап калгын байлык сүйүү,
Жашоого бир келесиң бир кетип.

Сүйбөдүм мен айлыгыңды, байлыгыңды.
Сүйгөмүн мен турганыңды бардыгыңды.
Сүйүүмдү билбепмин алмаштырып,
Сүйбөстөн байлык үчүн айнырыңды.

«Башканы жактырбадым»

Сени сүйөм башканы жактырбадым,
Жүрөккө бөлөктү батырбадым.
Жан дүйнөмө жарык берип,
Сүйгүн деп кысып анан шаштырбадым.

Жүрөгү бөлөк десе тааныштарым.
Жалган деп мен аларга таарынгамын.
Махабаттын очогун өчүргүдөй ,
Мен өзүңдөн эмнеден жаңылгамын.

Сүйүүнүн жараланган тагы калды,
Тамчылап асман булут жаанды салды.
Аткан ок мезгилдер кайрылбастан,
Сүйүүбүз ошол бойдон жаңырбады.

Кайран турмуш кете бердиң уланып,
Ошол бойдон кете албадың кубанып,
Өчкөндөй оттору сүйүүңөрдүн.
Кызыл өңүң кеткен экен кубарып.

**«Келгим келет»**

Келгим келет аялды жактыргым,
Келбейт аны ишен жат кылгым.
Тилдеги ордун билбестен,
Тилдей берип өзүң эле кас кылдың.

Назиктигин келгим келет сыйлагым,
Көп сүйлөдүң унчукпадын туйбадың.
Баш ийдирем дегендей,
Кой десем кучагымда туйладың.

Бүттү дедим тарткын тилиңди,
Тилдин даамы туздай билинди.
Ачышканда кайран жүрөк,
Колдор барып кулагыңа илинди.

Таарындың тийсе колдорум,
Койгун десем өзүң болбодуң.
Баштаарда мурун жаңжалды,
Кай турмушту ойлодуң.

Куту дейт үйдүн атагың,
Кээде күнгө теңеп жатамын.
Чагылган күндө түшкөндөй,
Анда неге болду чатагың.

Балдарым жок дейт жаманы,
Бейиш дейт эне таманы.
Балдарым кирсе бейишке,
Атасы эшикте калабы.

**«Махабатым жалгыз сен»**

Капысынан мен сага кезиктим,
Ошондон бери жүрөгүмдү ээзипсиң.
Махабатым жалгыз гана өзүң деп,
Жарыгы бар ай сымал сезипмин.

Сурай албай аты жөнүң киминди,
Сайгылашып көпкө жүрөк тилинди.

Колдоруңа колдор келип тийгенде,
Каректерим карегиңе тигилди.

Тарта албай сен дагы колдоруңду,
Кагып кашты жылмайып койбодуңбу.
Унутуп сөздүн барын эстен тана,
Тере албай калбадымбы ойлорумду.

Атың айттың акырын гана жайдары,
Согуп жүрөк кыйнадың шайды алды.
Жарык чачып ай дагы төбөдөн.
Кошулгансыйт махабатка ал дагы.

Айланам да бирге карап таң калды,
Бактылууда анда мендей жан барбы.
Жалгыз соккон жүрөгүмө кошулуп,
Алоолонгон сүйүү анан шаң барды.

**«Тайэжем Жумагүлгө»**
Жалгызды теңдүү кылдың,
Ачканы жемдүү кылдың.
Жылаңач жүргөн жанды,
Кийинтип жеңдүү кылдың.

Көптүн керегине жарагансыз,
Генерал деп көтөрүлүп даражаңыз.
Ден соолук качып сизден акырында,
Тагдырдын татаалдыгын карасаңыз.

Уулуң жаш ишке жараган,
Кызың жаш чачты тараган.
Өчөшкөнсүп дарт дагы,
Ылдый басат таразаң.

Ачылды кеч гүлдөрүң,
Уланып көпкө гүлбөдүң.
Жарабайт сага дегендей,
Дарты бир кара үйгөнүн.

Башталып дарт этектен,
Баш багып анан кететкен.
Багын байлап сен анын,
Баштадың неге жетектен.

Алдың эле кимдин каргышын,
Калгын деп дайым жай кышың.
Айланаң он болсо да,
Жолобойт эми жалгызсың.

Таңатпай таң демин,
Таппайбыз оокат чаң жерин.
Толуп бир бактың кеткенсип,
Тагдырыңа деле таң бердим.

Үзүп гүлдүн кызылын,
Көрдүң эле кызыгын.
Чырмап алса мээнеттер,
Көргөздүң ага кысымын.

Бирөөнүн ачып бактарын,
Бөлүп бөлөк катпадың.
Бак берсе не ооруңдай,
Эч кимге эми батпадың.

Бар эле сенин талантың,
Калыс чечип талашын.
Өз бактыңа келгенде,
Кайрылды неге канатың.

Тоодой болгон багыңды,
Тоноду ким шагыңды,
Түз бараткан жолуңда,
Тагдырың неге жаңылды.

Тагдырдын кара кененин,
Таарынттың неге дегеним.
Өстүрдүң эле көптөрдү,
Жемишин терип жебедиң.

Бак болду неге сага жат,
Балээ бир турат сагалап,
Кошулса десек катарга,
Күчөйт күндө жаралап.

Жакшы эле эже күрөштүң,
Дабасыз дарт жүдөттүң.
Шум ажал кылып жумушун,
Караңгы көр эми түнөгүң.

**«Максатыңа жетпедиң»**
Көкүрөккө оюу сыйбаган,
Кеңешип ага сыйлаган.
Артыңда туяк калбады,
Аталап соолуп ыйлаган.

Чогулттуң эле кашыктап,
Чогун болду ашык зат.
Шаштырып сен аны,
Шум ажал неге ашыгат.

Аталап ыйлап кыздары,
Ага тууган сыздады,
Кайрылып кайра кел десе,
Кулагың неге укпады.

Атыңды коюп Бактыбек,
Алпештеп аны бакты дейт.
Бекинсе болбой шум ажал.
Бишкектен да тапты дейт.

Кызыңды жолго салбадың,
Кызыгын көрө албадың,
Калаар уулга жетпестен,
Караңгы көрдү тандадың.

Кайгырдык канча айлабыз,
Кол жеткис эми жайдасыз.
Кааладык тийсе экен деп,
Курандан тапкан пайдабыз.

Жалган дедиң жаратпадың,
Чын дүйнө дейт бараткандың.
Жараткан кечип күнөөңдү,
Бейишти бир өзүңө самаганым.

Элүүгө неге жетпедиң,
Эрмек таштап кетпедиң.
Жаратканга барам деп,
Жалган дүйнө жектедиң.

Алтымышка неге жетпедиң,
Артка таштап кетпедиң.
Аллага барам деп,
Азыркы дүйнөнү жектедиң.

Ширин тилин баландын татпадыңыз таяке
Кучактап бек жыргалына батпадыңыз таяке.
Камсыз кылып бейпил түнүн,
Бек кучактап, жомок айтып жатпадыңыз таяке.

Көргөн күнүң баттыбы,
Көмүскө жок жактыбы,
Бала калтырбай артыңа,
Байлады ажал бактыңы.

Очок өчтү жагылбай,
Жүзүң калды жаңырбай.
Артта калсын туяк деп,
Шум ажал койду жаңылбай.

Тынч эми тайке уктагын,
Токто десек укпадың.
Жараткан кечип күнөөңдү,
Жарык болсун караңгы көр туш жагың.

**«Аяздагы келин»**
Жазып алып тизмегин,
Жообун таппай издедим.

Жолго барып такалды,
Жаратканга издерим.

Капыстан болду сейилим,
Көрүп алып кейидим.
Ооруууну кызы жетелеп,
Ойлоно түштү сезимим.

Ала турган кегиңди,
Таразалап бердиңби.
Турмуш деген ушул деп,
Айткан мага белгиңби.

Үзүп жээп үзүмүн,
Көрдүң эле жары үзүрүн.
Жармашып калса дарт эми,
Жетектен сен үзүлдүң.

Унутулуп күндөр кечеги,
Башынан болду кесели,
Жармашса болбой жыргалы,
Жабышпайт чиркин кеч эми.

Ызгаары өтүп жонуңдан,
Жетелеп кызың колуңдан.
Ылдыйга жөнөп калыпсың,
Жолуктум мен жолуңдан.

Кыш кылат жумушун.
Бороон согуп уулудуң.
Дартын болдубу айыбы,
Жайдай сенин турушуң.

Калың болсо не чепкениң,
Көпчүлүктөн четтедиң.
Жетелеп алса кызыңыз,
Оо тагдыр ал неткениң.

Күнөө кайсы билбедим,
Тагдырың сенин тилдедим,

Энесин салдың оорутуп,
Кызына эми тийбегиң.

Жараткандын алдында,
Сүйгөнүң турбады антына.
Тыштап кете бердиң,
Дарт барып аңдыса.

Карабай бөлөк кыз калып,
Сүйдүң эле кызганып,
Айта албай элдин көзүнчө,
Жүзүң кетчү кызарып.

Таштабайм дедиң таштадың.
Ашуулар калды ашпадың.
Өтөт мезгил токтобой,
Тандадың эми башка алдың.

Кеч кез суук талаада,
Машина бараткан калаага.
Жука кийим, кызы аны жетелеп,
Бара жатса ойго салды санаага.

Бар эле дарттын дабасы,
Баш оорусун табабы.
Ата-энесин айнытпай,
Жараткандын болоор санаасы.

**«Гүлүм бар»**
Гүлүм бар айга теңеген,
Тагдырым андан кем экен.
Кокустан калсам кезиге,
Козголо түшөт делебем.

Жанында бирөө ээрчиген,
Кур калдым ал энчимден.
Жарашпады кантейин,
Кудурет өзүң берчи дем.

Очокту болуп конушуң,
Татына келин болупсуң.
Кол жетпейт кантейин,
Кыялымда бир өзүң коорупмун.

Терезеңден сагаладым,
Сүйүүмдү сага арнадым.
Көп эле кыз өңдөнөт,
А бирок сендей таба албадым.

Каректен жаш тамчылады.
Кайран жүрөк жанчылабы.
Намыстар кармап турса,
Кыялдар кантейин камчылады.

**«Көпкө таппай айламды»**

Кайгы басып, таппай көпкө айланды,
Көздөрүңө жаштар барып айланды.
Муздак шамал бүт денемден өткөндөй,
Жүрөк соклой кан тамырлар байланды.

Ал күндөргө самак баспай таштары,
Ошол күндөр бүтпөчүдөй шашпады.
Билбейм кимдер ортобузга от койду.
Карагаттай көздөрүңө жаш барды.

Ошол кезде муңайыңкы карашың,
Соккон жүрөктү соктурбастан жарасың.
Алмаштыргыс эчен жылга ал күндү,
Эмнеликтен сезимдерде каласың.

Ошол күлкү кулагымдан кетпеди.
Ошол күнгө бөлөк күндөр жетпеди,
Ал күндөрдөн экөөбүздү кем кылып,
Тагдырдын айтчы бизге неткени.

Сени менен түбөлүк калгым келди,
Бакыттын кумарына кангым келди.
Кыялым көкөлөтүп алып учса,
Тагдыр татаал, кайгын деди.

Токтоп сага буттарымдын каттамы.
Далай күндөр батпады да атпады.
Ошол күндүн музыкасы жаңырып,
Жара жүрөк айыкпады катпады.

Ошол караш жүрөгүмдөн кетпеди.
Ошол жүрөк муңду тартат кеткени.
Оо жараткан сүйүү болсо чынында,
Ал сүйүүнү бизден неге чектеди.

Кездөр эмес жүрөк төктү жаштарын,
Тагдыр дедик, кол көтөрүп таштадың,
Түбөлүктүү биздин сүйүү тилесек,
Ал сүйүүбүз бир колотту ашпады.

Байкабадым көздөн жаш кулап кетти,
Токтоно албай шорголоп улап кетти,
Айыккыс карттанып жүрөк дагы,
Жараткандан дабасын сурап келди.

Ошол караш ошол күндү козгой берди,
Кайран жүрөк муңканып боздой берди,
Экөөбүз жолукчу бакчалардан,
Кубантып эч ким мени тоспой келди.

**«Каттамы жок»**
Талаалаткан тар заманда,
Талаадагы тууган түшөт санама,
Кар калыңдап жаай берип,
Каттамы жок жаманда.

Көпкө болбой каттамы,
Каттай албай ат дагы.
Каарга барып сайылып,
Чыккан күн калат батканы.

Түйшүккө салып кыйланы,
Табигаттын ал кылганы,
Талаалаттың кантейин,
Турмушуң деп ыйлады.

Көр оокат экен кантейин,
Көңүлгө толбойт анчейин,
Кыстаган турмуш жеңди деп,
Кар жирээдим кантемин.

Көңүлдөр кетти тумандап,
Күн ачылганча уланат,
Колдон келбейт кантейин,
Көрмөкмүн аны кубалап.

Ала албай андан кабарды,
Адамдын түшүп кабагы.
Кийинки болоор бөлөк деп,
Көңүлдө гана калабы.

Быйыл да кайра башталды,
Толтуруп жерди таштады,
Камданып азыр жатабыз,
Кокту колот ашканы.

Чыгымдан биз тартындык,
Чөптөр келбейт тартылып,
Азабын тартып бүгүн биз,
Жөнөдүк жүктү артынып.

**«Кыргыз өнөр алыптыр»**

Адамзатын Алла жаратып,
Анан жатканда өнөр таратып,
Алдына кыкең барыптыр,
Алганбы өнөр жарашык.

Түркүн тилди тандаптыр,
Муштум түйүп кармаптыр.
Тилге жараша жумушту,
Берсе, белим ий деп албаптыр.

Тилдери чалдай жүздөгү,
Ойдуң жерди түздөдү.

Ишке келсе кыкеңбай,
Жаш баладай кучтөрү.

Кечиккенби же жакканбы,
Же өзү бизди тапканбы,
Жалган карыз, көркөм сөз,
Жакшы билет сатканды.

Куруп, багып анан сатпады.
Ал эмгек бизге жакпады.
Кыдырып ичкен оңой аш,
Кылууга алар шашпады.

Бош бекен кимдики сурабады,
Күчөй берип күндө эле сугалагы.
Тоо томкоруп жатсаң дагы,
Уккан эл эмнегедир кубанбады.

Таратат деген үндү эшиткенби,
Кошуналар баралы деп ээрчиткенби,
Жагар өнөр таппай жүрүп,
Кыкеңбайлар кызматтан кечиккенби.

Бөлөк элдер чукуп казат кендерин,
Жанын сайып коргоп келет элдерин.
Тоо жеримде көп болсо да байлыгы.
Кыкеңбайлар казып келет кем жерин.

Түз кеңешип, кыйшыгынан олтуруп,
Бөксө жерин келет алар толтуруп.
Түз олтуруп кыйшыгынан кеңешет,
Толгон жерди кыкеңдики болтуруп.

Ала берип сунганды,
Кыкең карап турбады.
Жарашпайт го карасаң,
Ашказанга курсагы.

**«Сылагым келип»**

Тере албай ойлорум чачырады.
Сылагым келип мен чачыңарды.
Кысайын десем толо кучагыма,
Суктангансып күн уясына жашынбады.

Суктанып көпкө карай бердим,
Терезеңе чачыңды тарай келдиң.
Айлана тынч, жүрөк согот.
Ашыгып анан саатты санай бердим.

Колдоруң кебез кармаладым,
Көзүңө бир өзүңдүн арбаламын,
Жүрөктүн ишен ээси жок эле,
Жарыгым бир өзүңө арнагамын.

Ээритип оймоктой эриндериң,
Каттагандан бир өзүңө ээринбедим.
Периштедей эле сезилесиң,
Бурулуп бир карап керилгениң.

Апам салсын башыңа жоолукту,
Макул деген жүрөгүм жооп укту.
Миң ирээт ыраазымын бактыма,
Жүрөк сүйгөн периштеси жолукту.

Мен сурадым ал сунду колун,
Басабыз экөөбүз турмуш жолун.
Жүрөк барда түбөлүк ишен,
Бир болобуз сенин жообуң.

**«Кызым Уулкан»**

Жарылчуудай жүрөгүм,
Сөздү таппай жүдөдүм,
Бар ырысым бактым деп,
Сен деп жашап жүрөмүн.

Батпай келем денеме,
Ал кубаныч сен эле,

Бүт дүйнө байлыгым,
Бир өзүңө тең эле.

Жылмайып караганың,
Жүрөктү камаганың,
Жүз жылды сага кызым.
Жүрөктөн каалаганым.

Кысып алып кучагыма,
Көк менен учамында.
Бул рахат тартуулаган,
Кызым сен конуп алган бутагыма.

Уулкан деп ысымың,
Чайдын сунаар ысыгын,
Берсең да мага балээни,
Көрсөтпөс Алла кысымын.

Искедим бирок тойбодум,
Иштесем сенде ойлорум.
Мен жетпеген жакшыга ,
Кызымдан аяп койбогун.

Таарынбай тагдырыма,
Бакыт бер бардыгына,
Алар да ата болсун эне болсун,
Көнөйүн жарлыгыңа.

**«Теңтуштарым ырысым»**

Көңүл сүйгөн курбулар,
Керемет күндү курдуңар.
Кубансам көкөдөтүп,
Кайгыны да бөлүшүп турдуңар.

Бирөөгө айтпай чын сырым,
Бөлүштүк нанды сындырым.
Карматсам дейм күндү да.
Колумдан келген ыр кылдым.

Алыста жүрсөң кат жазып,
Алыңды сурап бат жазып.
Акыбал сурап апанын,
Алышып жүрдүк катташып.

Кыйшайсам болдуң жөлөгүм,
Кеңеш бердиң жөнөдүм.
Каалашып бакыт жолума,
Көрбөдүм андан бөлөгүн.

Жан аяшпас досторум,
Жоону бир топ тоскомун.
Баркыңарга жетсем деп,
Бөлөгүнө колду созбодум.

Суусам булак болдуң,
Чалыксам турак болдуң,
Бакыт жолунда силер менен,
Жамандан ыраак болдум.

Жөө болсом унаа бердиң,
Жардамды суна бердиң.
Туура берип кеңешин,
Сырымды уга келдиң.

Баарыбыз бүлө болдук,
Бакытка күбө болдук.
Бир үйдө бакыт болсо,
Билекти түрө койдук.

Жаралгансыңар багыма,
Бакыт тилейм баарыңа.
Кылым жашка жеткиле,
Жубайың болуп жаныңда.

Келин чайды кайнатып,
Уулуң майды чайнатып,
Күтүп алсын күйөө бала,
Козуларын байлатып.

# Жалаң "Ч" тамгасы чыркырады

Чымчылаган чилде чыгып, чөп чаар чыкты. Чыйырчык, чымчыктар чырылдап чыйпылдашат. Чарабайдагы чарбагына чал чамгыр, чеснок, чемичке чачты. Чемичке, чеснок чамгырлар чыкканда чал чөптөрүн чаап чырмалышкан чырмоокторун чыгарды, чапкылап чополорун чогултту. Чамгыр чопочоң чоңоюп чыкты. Чамгырын чыгарганы чап чамдады. Чамгыр чалдын чечекейине чапталганда чал чай чамегине чактабай чычаладай чаңырды. Чал чамгырды чыгарганы чапталды, чалдын чач, чеке, чыканак, чачтары, чачтары чылпылдап чыкты. Чамгыр чыкпады. Чыгарбаган чал чылпылдаган чекесин чукуп, Чачыкейди чакырды. Чарбакта чоң чамгырда чал, чалга Чачыкей чапталды. Чопочоң чамгыр чыкпады. Через час чал, Чачыкей чечим чыгарышты. Чынараны чамгырга чакырышты. Чечимге Чынара чуркады. Чарбакта чамгыр -чамгырга, чап-Чачыкейге, Чачыкей Чынарага чапталды. Чогулганда чыпылдап чыгышты. Чамгыр чыкпады. Чыкпаган чамгырга чырдашкан чечен Чынара чалканды чакырды. Чамгыр чамгырга, чал Чачыкейге, Чынара чалканга чырмалды. Чагггалгандар чамгырды чыгарбады. Чарчаган чал чөнтөгүнөн чылым чыгарып чекти. Чачыкей чыт чүпөрөгүн чыгарып чыпылдаган чекесине чаптады. Чынара чыптаманын чөнтөгүндөн чемичке чыгарып чакты. Чалкан чекелеп чыкты. Чогулгандар чыр чатак чыгарбай чамгырга Чокчолойду чакырды. Чогулгандар чопочоң чамгырды чыгарганы чырмалышты, Чарбактада чамгыр чыкпады. Чокчолой чогулгандар-га чычканды чакырды. Чамгырды чыгарууга чал Чачыкейге Чынара чалканга Чокчолойго чычкан чапталды. Чогулгандар чымын чиркейдей чурулдап, чучуктай чыңырып чуңкурдагы чамгырды чач чыгаргандай чыгарды. Чарбак чаңдап чыкты. Чамгыр чыкканда чогулгандар чырычуу чуулдашаты. Чоң чыккан чамгырга чар-даганы чал чогултту. Чал читок чыгарды. Чачыкей чарадагы чогулткан чычырканагын чучугун, Чынара чүчбара, чаначтагы чалапты чыгарды. Чалкан, Чокчолой, чычкандар чычырканак чапкылашып чырпык чамынды чогултушту. Чырпыктар чоо чыгарышты. Чөөт-чөөттөрдөн чоого чабак -чаян чырмашты. Чал чамгырды чака- чук чапкылаганда, чочуган чаян чалдын чыпалагына чакты, чыпалагын чапкылап, чал чучуктай чаңырат. Чаңырыктан чочуган Чачыкей чарбактагы чесногунан чайнап-чайнап Чалдын чыпалагына чаптады. Чалды чаян чакканда,

«чал-куйрукту» чапкылап Чынара чайханадагы чалдарды чакырды. Чайханадан чуркаган чалдар чаян чаккан чалды чыканактан чырмашты. Чынара чайпаланып чапталган чеснокту чеңкелдеп чыгарып, «чемпион» чайын чамеги-нен чалдын чыпалагына чачты. Чалдын чечекейи чанагынан чыкты. Чаян чаккандыктан чал чөп чаппады. Чөп чапканы чал Чынарбекти чакырды. Чынарбек «Чалды-бардын» чокуларыначыгып чөп чалгындады. Чокуларда чөп чар, чырмоок, чалкандар чырмалышты. Чырмалышкан чөп-чарды чапканы Чынарбек чалгысын чыңап, чо-кудагы чөптөрдү чипа-чистый чаап чыкты. Чапкан чөбүн чөмөлөп чыкты. Чөп чардай чарчаган Чынарбек чер чыгарганы чалды чакырды Чалкуйрукту чапкылап Чаектин чокуларына чыгышты Чынарбек чокуну чалгындап чыкты. Чокуда чычырканак, чычырканакта чабалекей, чөп чайнаган чаарчык чуркап чыкты. Чээнде чекесин чыгарып чөңдөлөй чайылдайт. Чукулдаган чочко чыгып чопо челгенде чочуган «чалкуйрук» чалыштайт.

# Кубандын күндөлүгү

Кеч күз. Күндүн күчү кайтып, кыскарган кез. Келгин куштар кайтып кетишкен. Көчөлөрдө кайыңдар кийимдеринен кубулуп, келерки кышты күтүшөт. Каргайлар көркүнөн кайтпайт. Кыштын каарынан корккон калайык калк камылга көрүүдө. Казарманда кар калың келип, көпкө кетпейт, кышы катаал келет. Кары картаң, кароосуз калгандарга камылга көрүп кызматтагы кишилер камаздап келген көмүрдү короолоруна кетиришти. Калгандары кем калышпай көң, көмүр камдашууда. Кыз келиндер кеч күзгү, кышкы кийимдерин күнгө кургатышып кам көрүшөт. Кээде күзгү күн кылыгын кылгандай кеч кирет. Кайра күн көтөрүлөт. Короого конуп, канаттарын кага корооз кыйкырганда, күмүш күлкүсүн кага кыр кырлардан кызара күн көтөрүлөт. Көчөгө кыймыл кирет. Короодо кабанак күчүк каап, кишилерден коруйт. Кичине күчүктөн коркпогондор каш кабагын кагып койбойт. Күчүктөн кутула кампадан келген Кубанды көдөй Кубул камданып калган. Күчүктөн качып Кубул Кубанга кадала калды. Кезиге калганда көзгө көздөр кадала, көпкө кыймылсыз карап калышкан. Көкүрөктүн кагышы кулакка кадалып, кылымдар кеткис көкүрөктө, көөдөндө калган. Көчөдө киши кыймыл көрүнбөйт, көргүсү келет. Кабарым Кубан кыздын колдорун кыса кармап, какагандай көпкө караган. Кыздын капкара каргаттай көздөрү, куудай келбети, кебездей колдору Кубанды көпкө кыйнады. Кудай Кубанды көрктөн кем кылбаган кара каштуу, кең көөдөндүү, курбу курдаштарында кадырлуу, кепке кемибеген, күлкү кетпеген, коңшу-колоңдору колдогон кыдарлуу киши. Кыялында Кубан кызды кучагына кыса-кыса кыскысы келет. Кыял көкөлөтөт, кол кыска кези келгенде кепке кенен Кубан Кубулдун көзүндө кепке кедей, куюлган кептер келбейт, кечеңдейт, какайт. Көкүрөктө кеби көп, куюлткусу келет. Кыйналат, кеч киргенде кездешкиси келет. Кубул кездешүүгө көңүлдү, кечти күтүшөт. Кечке кыялданат, кеч киргенде кара костюм, калпагын кийип Кубан Кубул көздөй колуна кызарган кыгалдакты кармап кетет. Кета, кызыл куртка кийген Кубул күтөт. Кездешет. Көчөдөн көчө кыдырышат, кайта кайтышат. Коштошуп кайтканга карабай, кайрадан карагаттай капара көдөрүн көргүсү келет. Көтөрүлгөн күн кайрадан киришин каалап, кечти күтөт. Кеч кирбегендей, каадасын кылгандай Кубулдун коңгуроодой күлкүсү кулагынан, карагаттай кара көздөрү көдөрүнөн кетпейт. Кебектей колдорун көтөрүлгөн күн киргиче, киргенден көтөрүлгүчө кармагысы келет. Көкүрөктө кандын кагышы Кубулдун Кубанга кылган кызматы. Кубулчу? Кубандан кем

калышпай кичине кечиксе кыйналат, күтөт. Короодон кечөнү карайт. Кайра кирет. Кара көздөргө көргөзкүсү, каалагандарга карматкысы келбейт. Кеч киргенде Кубан Кубулдун короосунан көрүнөт. Кыз каадасын кыла Кубандан кабар күтөт. Кармашкан колдор көчө кыдыра, көпкө көңүлдөрүн көтөрүшөт. Кечки Казарманды көрүүгө кырга келишет. Кечки Казарман кандай көрктүү. Көчөлөр күйүп, кыймылдар көзгө көрүнөт. Киров колхозу көзгө кадалат. Колхозду көздөй көпөрөдө камаз кыймылда. Кереметтене карашып Кубулду кучагына кысат, күндү карматкысы келет. Кубул кучагынан кеткиси келбейт. Колдорунан кармалайт, кылымга кошо калгысы келет. Кээде көчөлөрдөн көрүнө калышса, кээде кафеге киришет. Клубдагы концертти куру кетиришпейт. Казарманга Күмөндөр келди. Клубда «Күмөндөрдүн күлкүсү» концертине киришти. Күмөндөрдү коштоп , Кубик Калыков, Камчы. Камчиев куудулдар келишиптир. Концерт колдор колго кадалып көңүлдүү коштолду. Клубка кирээрде камоктон кубан кола көтөрө кирген. Канчалаган көңүлдүү күндөр келди, канчасы күтүүдө, көңүлдөн кеткис күн кездешкен күн. Күндөр келип, кетип, кыш келди. Кар калың. Күрөктөрүн көтөрүп, короодогу каарларын күрөшөт. Кар киши кылышып, кар коюшат. Кышкысын күн кыска. Кубан короосун күрөп, кой козусун карайт. Койканага кечкисин кык керектелет. Койлор короого кийрилгенден кийин, Кубулду көздөй кыймылга келет. Калың карда курткасына ката көпкө кучактайт. Кыдырышат , киргигиси келбейт. Кубул кирүүгө камданбайт. Кар коюшуп, кардан Кубул Кубанды койнуна кичине кар киргизди. Кар кекиртектен коюн көздөй куюлат. Кубул качып калат. Кубан качкан Кубулду каткыра кубалайт кайтып келгенде коломтого көң көмүр калап, казанга картөшкө, куурдак кууруйт. Креслого кыйшая кино көрөт.

Кыштын кыска күндөрү кайта. Казармандагы калыңдаган кар кете көктөм кезге кыймыл келүүдө. Келгин куштар кичинеден кайткан кез. Көктөм кичинеден көгөрүп, күркүрөп күн куюлат. Көчөлөр кыр кырлар көгөрөт. Каркайышкан кайың, карагаттар кайрадан кийинишип, көркүнө келишкен. Көчөлөрдө кыймал көбөйгөн. Көктө каркыралар канаттарын кагышат. Көктөм кездин көркү күрпөң козу, көгөргөн кокту колот.Көңүлдү көтөрүүнү каалаган курбу курдаштар Колборго келишти. Колбордун кокту колотторун кыдырышат. Каргай кайың каргаттуу коктулар, кырлар кандай керемет, кандай кооз. Кокусунан кире калышкан курдаштарды көргөндө колоттогу каргандан коен качып калбаспы. Коенду көргөн Кубул кыйкырып калды. Кыйкырыктан корккон кекилик

кыргоол, көгүчкөндөр көккө көтөрүлөт. Күндөн корголоп катар катар келген кайыңдын көлөкөсүнө келип кириشти. Колдоруна казан, күрөк, козу кармашкан. Күрөктөп касып кемеге кылышты. Колдорун көтөрүп кудайдан каалоо каалашты. Козунун кекиртегине канжар кадалды. Кекиртектен кан куюлду. Коломтого кең каланып, казан коюлду. Кубан көрчөөнү кырып, куйкалап, кескиледи. Кубандын курбусу Кенжебек коньяк, коладаын куюп, кыздарга карматты. Каалоо каалап куюлганды көтөрүштү. Кыздар казанга картошка, капуста кошуп, куурдак кууруп кириشти. Карчыганы кошушту. Куурдак куурулгуча Кенжебек, Каныбек, Калыстар кымыздык кызгалдак кармап келишти. Кубан көсө калак кармап кемегеде көң каалайт, казан карайт. Куурдакка курсактарын кампайтышты. Кубан кырды кыдырып Кубулга кымыздыкка кошо койчу Кочкорбайдан кымыз кошо көтөрүп келди. Көтөрүлгөн күн куйкалап кирди. Курдаштар көлгө келишип, купальниктерин кийип, кириништи. Кумга келип күнгө кактанышты. Кийикке кызыккан Кенжебек, капканга кекилик кармады. Кыздар көпкө кызыгып карашат.

Күүгүм киргенде кайрадан кыштакка кайтып келишти. Кубулду киргизген Кубан көңүлү көтөрүңкү. Колбордон келгенден кийин коңшу кошуналарга кошулуп күрөгүн көтөрүп канал казышты. Кеч киргенде кошуналар кеңешип, кесишип Каргалыкка Курманбектикине кийикке камданышты. Курманбек Каргалыкта кой кайтарат. Каргалыктын кырлары карагайлуу келет. Кийикке келгендер Калыс, Камчы Кенжебектер. Калыс клубда кароолчу. Камчы көчөдөгү кыймылды көзөмөлдөйт. Кубан камокко кирип, конфет, кола , күкүрт көтөрүп келди. Кубан карагерди, Камчы кашканы, Калыс кыл куйрукту камчылап Каргалыкты көздөй камданып калышты. Каргалыкка келишип кымыздан кийин куралдарын көтөрүп катар катар каркайышып, көк караган кырларга келишти. Каркылдаган карга, куркулдаган кузгун көрүнбөдү. Коен кармаганы калган көктөгү калкыган кыргыйэк көзгө кадала калды. Күн кырга конуп күгүм киргени калган. Кийикчилер караңгыны күтүшүүдө. Каргайларга келишип, көрпөчөлөрүн камдашып, кыйшая кетишти. Караңгы кеч кетип, күн көтөрүлгөнү калганда Курманбек кашатта калды. Кароолдо калган Камчы куралын кармап камдуу. Карагай карагандан кычырата кийиктер көрүндү. Карыш келген кийик кулактарын кыймылдата, кыдырата карап, кароолдо. Кароол кийик Калыстын көзүндө. Куралын кармап, курогу кыймылга келген кезде, кийик кароолдон кулады. Калган кийиктер кайта карагай кайың караганга кирип качып калышты. Кай бири кашатты көздөй качты. Кашаттагы Курманбекке кийик кабылып калды. Кийикти кемегеге көтөрүп келишти. Көөдөн

куурдак курушту. Кийимдерин кургатышты, кеч кирген күндү кыскартканы кемегеде кыдырата кеп курушту. Кеч көк кыймылсыз көрктүү. Камчы көргөндөрүн кеп кылып кирди. Кийикчилердин каткырыгы коштоду. Кочкорбайдан коштошуп кайра Казарманга кайтышты. Кийиктен келген Кубан кабыргадан куурдак кылып Кубулду коноктоду.

Күзгө камылга көргөн Кубан күрөгүн көтөрүп, короосуна картошка, калемпир, капуста, кызылча казып көмдү. Короодогу картөшкө, капусталар көтөрүлүп көгөргөн кезде көлчүктөгү көлмөдөн каптатты. Кийин кетмендеди. Курт кумурскадан коруп, күнүгө көзөмөл кылат. Кечкисин күнүгө кылган кызматын кыла Кубулду көздөй кыймылга келет. Күркүрөп кубанчы куюлган күздү күтөт. Күз Кубан Кубулдун көздөгөн, каалашкан күткөн күнү. Кудайдын каалосунда күткөн күн, күз күндөрү келип калды. Кубан короосундагы картөшкө, кызылчаны казып, кубанычтуу күнгө камылга көрүүдө. Козу койлорун камдады. Калаадан кольцо, кийиттерин камдап кайтып келди. Кечинде куксиге кайнаган кипиток куюп кемшеп кирди. Күттүргөн күндүн кезеги келди. Кубандыкына кошуна колоңдор, курбу курдаштар, кудалар келишти. Көшөгө керишти. Кубан кара костюм, калпагын кийип камданды. Күндүзү курбулар Казарманды кыдырышты. Күүгүм киргенде кол кармаша кирип келишти. Күтүп калган кудагый кудага келин кыздар Кубулду көшөгөгө киргизишти. Куда камылгасын көрө Кутман келечектеги кудасы Кенебекти көздөй кетти. Кутмандын коштоосунда Калыгул кошо. Кененбектин короосу, Калыгул келип калганы каккылады. Каалгадан Кененбек көрүндү. Келген коноктор кулдук кылышты. Кудалардын кулдугун кабылдашты. Кулдук кылган кудаларга кошо куугунчуларын кошушту. Куугунчулар куда күткөн короого келишти. Короодо конокко келген куугунчулар, куда күткөндөр. Кубандын курбулары кара койду короого көтөрүп келишти. Короодогу калайык колдорун көтөрүп кудайдан кошулгандарга калайыкка каалоо каалашты. Куда кудагыйларды киргизишти. Койду кыркып куйкалашты. Келиндер күйөөлөрү кемегедеги казанга кең каалашып, кызматта. Куйкаланган керчөөнү көтөрүп кудабыз Кутман кудагыйларга кирди. Күйөө курбу Кенжебек коньяк кымыздан куюп коноктorго карматты. Кутман каалоо каалады. Кармашкандардын колдору куру калбасын, көшөгөсү көгөрүп кудайым көктөм кут куюлтсун. Келген коноктор кудасына кошо куюлгандарды көтөрүштү. Кийинки кезек Кенжекан Калыгулдарда. Калыгулдун колунда кыяк Кенжекан комуз көтөрүп кирди. Кубанычтын кара көзүн көкөлөтүшөт. Колдорун каккылап, коштошот. Кенжебек

коньяктан куя кээде кайырмасын коштоп кыйкырып, кубаттап коет. Келиндер кууруган куурдакка кошо Кален Карыбектер кола карчма кармап киришти. Куда кудагыйлар кээде каткыра күлүп кеп курашса, кээде көгүчкөндү, кайдасыңды көкөлөтүп коюшат. Кызыгына кирип калганда конокторго Калбу кирди. Калбу кошулгандар каалоо каалап көлдүк кызды көкөлөтүшөт. Колдорун көтөрүшүп кайра кайра кайырмасын кайталашып күтүшөт. Кулагына кошолегунан кыстарышат. Короого келишип кош колдорун койкоңдотушуп кыймылга келишет. Көңүлдүү кыймылын көргөн , кичүү кудабыз Кенжеге килем карматышты. Кудагый Карылгачка кумара, кээсине көйнөк калпак камдашты. Кубандын курбу курдаштары КАВЗ камдашып кудаларды кечки Казарман көрүүгө кырга келишти. Көпөрөдөн Кировду көздөй кызылы күйгөн камаз көрүндү. Караңгы киргендиктен көчөдө көп кыймыл көрүнбөдү. Керемет кептерди кура кумарланышат. Карыган кайыңдардан костер күйгүзүштү. Калыгулдун кыягынын коштошсунда курбулар карындашты кайрып киришти. Кырдан көңүлдүү кайтып келишти. Кыз күйөөнү көргүлөрү келгендер кудаларына кайрылышты. Көрүндүгүн камдашты. Күн кызматын кылды. Кайра кетер кез келди. Куугунчуларга кийит кийгизишти. Кудаларга каракүль көйнөк калпак, кудагый кудачаларга кашемир кийгизишти. Күтүп калган кудагыйга конфет коньякка карчыганы кошушту. Кетээринде карыя куда Кошой колун көтөрө кудайдан каалоо кылды. Кана келгиле калайык кармашкан колдорго кудайым көз кылсын, көшөгөлөрү көгөрүп, кырманы кызылга, короосу кой кулунга, көктөн кут куюлуп, кут консун. Көздөгөн каалоолорун кабыл кылсын. Кыдыр колдосун. Көңүл көтөрүп, кызмат кылган кызы келечекте калган кыйналса колдогон кулуну калсын. Келээрки күздө кадам кесүү каадасына кезигели. Коноктор карыяга кошо колдорун кырка көтөрүштү.

Көркөм-адабий басылма

***Ашырбеков Урмат Шайлооевич***

**Тоону берген себеби**

(Повесть)

Китепти басмага дайардаган
жана эсепкерге калыпка салган

**Жанызаков Жакшылык.**

Көлөмү 8 б.т.
Басууга 23. 05. 2014-ж. берилди.
Нускасы 500 экз.

---

***"Жанызак Ⓚ басма"*** басып чыгарды.

Басмакана телефондору:

сотка: 0557106640